**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫНЫН МАМЛЕКЕТ ЖАНА УКУК ИНСТИТУТУ**

**Ж.БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ**

**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**ДИССЕРТАЦИЯЛЫК КЕҢЕШ Д 12.24.695**

*Кол жазма укугунда*

*УДК*;**343(575.2)(043.3)**

**Жээнбаева Ырысгүл Эшмаматовна**

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДАГЫ ЖОГОРКУ ОКУУ ЖАЙЛАРЫНЫН УКУКТУК СТАТУСУ

12.00.01 — укуктун жана мамлекеттин теориясы жана тарыхы; укук жана мамлекет жөнүндө окуулардын тарыхы

юридикалык илимдин кандидаты окумуштуулук даражасын

изденип алуу үчүн жазылган

**ДИССЕРТАЦИЯ**

**Илимий жетекчиси**

ю.и.к., доцент Жусупов Б.А.

**Ош** 2025-ж.

**МАЗМУНУ:**

**КИРИШҮҮ...........................................................................................................3**

**БАП I ЖОГОРКУ ОКУУ ЖАЙЛАРЫНЫН УКУКТУК СТАТУСУН ЖӨНГӨ САЛУУНУН ТЕОРИЯЛЫК УКУКТУК НЕГИЗДЕРИ**

1.1. Жогорку окуу жайларынын укуктук статусунун түшүнүгү......................13

1.2 Жогорку окуу жайларынын укуктук статусун жөнгө салуунун калыптанышы жана өнүгүшү..........................................................................32

**БАП II ЖОГОРКУ ОКУУ ЖАЙЛАРЫНЫН УКУКТУК СТАТУСУНУН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ**

2.1. Жогорку окуу жайларынын укуктук статусунун теориялык усулдук аспектилери……………………………………………………………..50

2.2.Кыргызстандагы жогорку окуу жайларынын жарандык укуктук статусу..........................................................................................................69

2.3 Жогорку окуу жайынын административдик укуктук статусу………………81

2.4. Жогорку окуу жайларынын билим берүү укуктук статусу……...…………94

**БАП III КЫРГЫЗСТАНДАГЫ ЖОГОРКУ ОКУУ ЖАЙЛАРЫНЫН УКУКТУК СТАТУСУНУН КӨЙГӨЙЛӨРҮ ЖАНА АНЫ ЖАКШЫРТУУНУН ЖОЛДОРУ**

3.1.Жогорку окуу жайларынын укуктук статусунун жөнгө салуунун тенденциялары..........................................................................................106

3.2. Жогорку окуу жайларынын укуктук статусунун көйгөйлөрү жана аны жакшыртуунун негизги концепциялары...........................................................116

**ТЫЯНАКТАР...................................................................................................134**

**ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР........................................................................139**

**КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАРДЫН ТИЗМЕСИ......................................142**

# КИРИШҮҮ

**Диссертациялык изилдөөнүн актуалдуулугу**. Учурдагы Кыргызстандын укук тутуму бир канча жылдардан бери эгемендүүлүк кабыл алгандан бери калыптануу процессин башынан өткөрүүдө. Кыргызстан көз карандысыз мамлекет катары дүйнө коомчулугу тарабынан таанылып, эл аралык укуктун толук кандуу субьектиси болду.

Эгемендүүлүк жылдарында бир катар олуттуу саясий, экономикалык, укуктук реформаларды башынан өткөрдү. Бул реформалардын уюткусун эгемен Кыргызстандын демократиялуу укуктук мамлекет курууга карай багыт алгандыгы менен түшүндүрүлөт.

Кыргызстан өз алдынча улуттук укук тутумун калыптандыруу менен коомдук турмуштун бардык чөйрөсүндөгү коомдук мамилелерди жөнгө салууну түп тамырынан бери өзгөрттү.

Өлкөбүздө демократия, эркиндик, адам укуктары жана эркиндиктери, сөз эркиндиги жана саясий эркиндик сыяктуу чакырыктар алдыга сүрүлдү.

Эгемендүүлүк жылдарында Кыргызстан бир катар ченемдик актыларды кабыл алууга, өзгөртүү толуктоолорго жетишти. Негизги жетишкендик катары Кыргызстандын туңгуч Конституциясын айтууга болот. Негизги мыйзамыбыз коомдук мамлекеттик түзүлүштүн негиздерин орнотуу менен мамлекеттүүлүктүн укуктук пайдубалын түптөдү.

Кандай гана коом болбосун анын өзөгүн, түптөлүшүн билимдүү жана илимдүү адамдар калыптандыраары шексиз. Билим адамзат муунунун маданиятын, тарыхын, улантуучу каражат катары кызмат кылат. Билим адамзат жашоосундагы эчен кылымдан бери кошо келе жаткан сапаралаш кубулуш катары коомдогу адамдардын руханий, адеп-ахлактык, интеллектуалдык сапаттарын калыптандыруу менен гана чектелбестен, мамлекеттүүлүктү калыптанышына дагы олуттуу салым кошот.

Билим маанилүү социалдык баалуулук, институт саналгандыктан ал мамлекеттин ишмердүүлүгүнүн негизги багыттарынын бирин түзөт. Илимдүү жана билимдүү коом өнүккөн өлкөнүн түпкүрүн түзөт.

Эгемендүүлүк алгандан баштап Кыргызстан билим берүүгө өзгөчө көңүл бөлө баштады. Улуттук билим берүү тутумдарын калыптандыруу менен бирдикте аны укуктук жактан жөнгө салуу милдетин койду.

Кыргызстандын туңгуч Конституциясы 32-беренесинде [1] негизги жалпы жана жалпы орто билим берүүнүн акысыздыгын орнотту. Ал эми 1992-жылы алгачкы «Билим берүү жөнүндө» мыйзам кабыл алынды [2].

Аракеттеги 2021–жылдын 5–майында кабыл алынган Кыргыз Республикасынын Конституциясы билим берүү мамилелерин бир канча толук кандуу жөнгө салуу менен мамлекет менен жеке жактардын атаандаштыгын, калктын аярлуу катмарына билим алуусуна социалдык кепилдик, бир канча билим берүү программаларын акысыз алууга шарт түздү [3].

Эгемендүүлүк жылдарында Кыргызстанда бир канча билим берүү мекемелери ачылып өз ишмердүүлүгүн жүргүзүүгө мүмкүнчүлүк алды. Алардын катарында жогорку кесиптик билим берүү мекемелери да бар.

Улуттук статистикалык комитеттин маалыматына таянсак учурда Кыргызстанда 58 жогорку кесиптик билим берүү мекемеси анын 42 мамлекеттик, ал эми 16 мамлекеттик эмес жогорку окуу жайлары ишмердүүлүк жүргүзүп, анда 222 миңден ашуун студент билим алып, 12 миңден ашуун окутуучу-профессордук курам эмгектенишет [4, 97-98-б.].

Кыргызстандагы окуу жайларынын, саны, андагы окуп жана иштеп жаткан адамдардын саны бир канча көп контингентти түзөт. Бул өз кезегинде жогорку окуу жайларындагы укуктук мамилелерди тийиштүү деңгээлде жөнгө салууну талап кылат.

Учурдагы билим берүү мамилелерин укуктук жактан жөнгө салуу жетишээрлик деңгээлде эместигин турмуштук практика көрсөтүүдө.

Жогорку окуу жайларынын ишмердүүлүгүн дараметин жогорулатуу максатында Кыргыз Республикасынын Президентинин №243 сандуу Кыргыз

Республикасынын жогорку кесиптик билим берүүсүнүн билим берүү уюмдарынын потенциалын жана атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу боюнча чаралар жөнүндө Указын да айтууга болот. Кыргызстандагы бир катар жогорку окуу жайлары өзгөчө статуска ээ болушту.

Билим берүү жаатында айрыкча педагогикалык, тарыхый аспектилер боюнча Кыргызстанда бир канча көлөмдүү изилдөөлөр жүргүзүлгөн. Ошону менен бирдикте билим берүүнүн укуктук жактан жөнгө салынышы боюнча илимий изилдөөлөрдү колдо эсептесе болот [5].

Монографиялык деңгээлде Н.К Атабекова, Д.П. Шоокумова тарабынан изилденген. Ал эми жогорку окуу жайларынын тарыхый аспектилери И.С. Болджурова, Ф.И. Рыскулуева тарабынан изилденген. Жогорку окуу жайларынын кээ бир аспектилери, Ч.У. Адамкулова, С.К Калдыбаев жана башкалар тарабынан изилденген.

Учурдагы Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» мыйзамы жогорку кесиптик билим берүү уюмдарынын укуктук статусун, андагы окуп жана иштеп жаткан жактардын укук жана милдеттерин толук кандуу жөнгө салган эмес.

Жогорку кесиптик билим берүү мекемелеринин уставдарын талдоо көрсөткөндөй аларда бир тектүү эмес, кээ бирлери өтө тар, кээ бирлери бир канча кеңири жөнгө салууну бекиткен. Жогорку окуу жайларынын укуктук жактан жөнгө салынуусунда бирдейлик жок. Ошону менен бирдикте укуктук жөнгө салууда терминологиялык, дефинициялык бирдиктүүлүк жок.

Жогорку окуу жайларынын тибин жана түрүн аныктоодо жалпылоочу критерийлер гана аныкталган. Ошондуктан «университет», «академия», «институт» деген түрлөрүн өз ара чектөө критерийлери аныкталган эмес.

Жогорку окуу жайларындагы укуктук мамилелердин түрлөрү анын ичинде укук бузуу боюнча суроолор жөнгө салынган эмес.

Аракеттеги жогорку кесиптик билим берүү мекемелеринин ишмердүүлүгүн укуктук жөнгө салууда укуктук-уюшумдук, ченемдик,

жарандык жана административдик аспектилер толук кандуу жөнгө салынган эмес.

Бул өз кезегинде жогорку кесиптик билим берүү мекемелеринин укуктук статусун аныктоо, жөнгө салуу боюнча бир канча фундаменталдуу изилдөө жүргүзүүнү шарттайт.

Жогорудагы жагдайлар изилдөө темасынын актуалдуулугун жаратат. Жогорку окуу жайларынын укуктук статусун жөнгө салууну жакшыртуу боюнча сунуштар, жоболор иштелип чыгуу зарылчылыгы келип чыгууда.

Изилдөөнүн теоретикалык негиздерин С. В. Барабанованын, Ю.А. Володинанын, В.В. Волкованын, Ю. А. Кирилловыхтын, А.А. Зайцеванын, Л.А. Никитинанын, И.Ф. Рекурттун, Д.А. Ягофаровдун, Т.Ф Ящуктун жана башкалардын эмгектери түздү.

Ата мекендик окумуштуулардан билим берүүнүн укуктук аспектилери боюнча Ч.И. Арабаевтин, Н.К. Атабекованын, Д.П. Шоокумованын, жогорку билим берүүнүн педагогикалык тарыхый аспектилери боюнча Ч.У.Адамкулованын, И.С. Болджурованын, Ф.И. Рыскулуеванын жана башкалардын эмгектери түздү.

**Диссертациялык изилдөөнүн илимий программалар менен мекемелер тарабынан жүргүзүлүүчү илимий изилдөө иштери менен байланышы.** Диссертациялык изилдөө жеке демилгеленүүчү.

Диссертациялык изилдөө темасы Ош мамлекеттик университетинин «Мамлекеттин жана укуктун теориясы жана тарыхы» кафедрасынын илимий изилдөө планына кирет.

Диссертациялык изилдөөнүн ченемдик базасын Кыргыз Республикасынын Конституциясы, «Билим берүү жөнүндө», «Коммерциялык эмес уюмдар жөнүндө» мыйзамдар, «Граждандык кодекс», «Кесиптик жогорку билим берүүнүн билим берүүчү уюмдары жөнүндө» Жобо, жогорку окуу жайлардын уставдары ошондой эле эл аралык актылар түздү.

Диссертациялык изилдөөнүн эмпирикалык базасын; улуттук статистикалык комитеттин маалыматтары, билим берүүнү өнүктүрүү боюнча

улуттук программалар, билим берүү тармагы боюнча эксперттердин корутундулары саналат.

**Диссертациялык изилдөөнүн обьектиси болуп** Кыргыз Республикасында жогорку кесиптик билим берүү мекемелеринин ишмердүүлүгүн ченемдик актыларынын деңгээлинде укуктук жөнгө салуу процессинен келип чыккан коомдук мамилелер саналат.

**Изилдөөнүн предмети** болуп жогорку кесиптик билим берүү мекемелеринин укуктук статусун ченемдик укуктук жактан жөнгө салуучу ченемдик актылардын жыйындысы саналат.

**Диссертациялык изилдөөнүн максаты** Кыргыз Республикасындагы жогорку окуу жайлардын укуктук статусун тутумдуу талдоо аркылуу жогорку окуу жайлардын, административдик, жарандык, билим берүү укуктук статустарынын маани-мазмундук жактарынын мүнөздүү белгилерин, көйгөйлүү жактарын аныктоо, жана жогорку окуу жайларынын укуктук статусун жөнгө салууну жакшыртуу боюнча сунуштарды, жоболорду жана тыянактарды ишеп чыгуу саналат.

**Диссертациялык изилдөөнүн максатына жетүү үчүн төмөнкү милдеттер коюлду:**

- жогорку кесиптик билим берүү мекемелеринин укуктук статусун жөнгө салуу менен байланышкан түшүнүк аппараттарын талдоо;
- Кыргызстандагы жогорку окуу жайларынын калыптануу, укуктук жактан жөнгө салынуусу эволюциясын изилдөө;
- жогорку окуу окуу жайларынын укуктук статусунун теорялык усулдук жактарын окуп үйрөнүү;
- жогорку окуу жайларынын жарандык укуктук статусунун мазмундук, түзүмдүк жактарын окуп үйрөнүү;
- жогорку окуу жайларынын административдик укуктук статусунун табиятын аныктоо;
- жогорку окуу жайларынын билим берүү укуктук статусунун өзгөчөлүктөрүн аныктоо;

- Кыргызстандагы жогорку окуу жайларынын укуктук статусунун жөнгө салуунун учурдагы тенденцияларын талдоо;
- жогорку окуу жайларынын учурдагы укуктук статусунун көйгөйлөрүн аныктоо менен аны жакшыртуу боюнча сунуштарды иштеп чыгуу саналат.

**Изилдөөнүн усулдук негиздерин** илимий таанымдын ар кандай болгон диалектикалык, дедукциялык, индукциялык, синтездөө, ошондой эле грамматикалык, формалдуу юридикалык, тарыхый укуктук, салыштырма укуктук, тутумдук-түзүмдүк, түзүмдүк функционалдык талдоо усулдары түздү. Изилдөөнүн толук кандуулугун камсыз кылуу максатында түшүнүк аппараттарын классификациялоо менен өз ара байланыштарды жана көз карандылыктарды аныктоо менен байланышкан лингвистикалык, логикалык ыкмалар колдонулду.

**Диссертациялык изилдөөнүн илимий жаңылыгы болуп** Кыргыз Республикасында жогорку окуу жайларынын укуктук статусу алгачкылардан болуп монографиялык деңгээлде жыйымдуу изилдөө менен;

- жогорку окуу жайларынын укуктук статусунун мазмундук, түзүмдүк жактарын ар тараптуу изилдөө менен «жогорку окуу жайларынын укуктук статусу» аныктамасы сыпатталды;
- Кыргызстандагы жогорку окуу жайларынын калыптануу жана өнүгүү эволюциясынын тарыхый-укуктук жактары талданып, алардын калыптануусунун укуктук өзгөчөлүктөрү аныкталган;
- жогорку окуу жайларынын укуктук статусун изилдөөнүн теорялык усулдук жактары аныкталган
- жогорку окуу жайларынын жарандык укук статусунун мүнөздүү белгилери укуктук уюшумдук-формасынын өзгөчөлүктөрү аныкталган;
- жогорку окуу жайларынын жалпы ачык бийлик мамилелеринде жана ички мамилелериндеги административдик укуктук статусунун абалы талданган;

- жогорку окуу жайларынын билим берүү укуктук статусундагы ички локалдуу актылар, коллективдүү келишим, ченем жаратуучулук аспкетилери окуп үйрөнүлгөн;
- жогорку окуу жайларынын укуктук статусунун жөнгө салуунун учурдагы тенденциялары, көйгөйлөрү аныкталып аны жакшыртуу боюнча теориялык жана практикалык сунуштар иштелип чыгылган.

**Диссертациянын практикалык мааниси**. Диссертациялык изилдөөнүн натыйжасында иштелип чыгылган жоболор, тыянактар, сунуштар Кыргыз Республикасындагы жогорку окуу жайларынын укуктук статусун жөнгө салууну жакшыртууга, түшүнүк аппаратын кеңейтүүгө, жөнгө салуудагы боштуктардын ордун толтурууга, жоопкерчилик маселелерин чечүүдө колдонулушу мүмкүн.

Ошондой эле билим берүү чөйрөсүндөгү ченем жаратуучулук, мыйзам чыгаруу ишмердүүлүгүндө, локалдуу ченемдик актыларды иштеп чыгууда колдонулушу мүмкүн.

**Диссертациялык изилдөөнүн натыйжасында коргоого алынып чыгуучу тыянак, сунуштар;**

1. Жогорку окуу жайы бул - жогорку кесиптик жана жогорку же жогорку окуу жайынан кийинки билим берүү программаларын ишке ашырган, уюшумдук негизи уюмдаштыруучулардын өзгөчөлүгүнө жараша аныкталган, ошондой эле адистештирилген менчиктин мамлекеттик же жеке формасындагы коммерциялык эмес, лицензиясы бар, аккредитациядан өткөн юридикалык жак, билим берүү мекемеси.

Жогорку окуу жайларынын укуктук статусун төмөнкүлөрдөн көз каранды;

- менчиктин формасынан,
- аны уюмдаштыруучулардан;
- билим берүү программаларынын баскычынан;
- жогорку билим берүү программаларынын профилинен кең профил, илимий изилдөөнүн багыттарынан (университет, институт, академия);
- адистешүүсүнөн, ведомстволук таандуулуктан (аскердик, исскусство);

- уставында каралган максат жана милдеттеринен;
- лицензиялык, акредитациялык талаптардын көрсөткүчүнөн көз каранды.

2.Кыргызстандагы жогорку окуу жайларынын укуктук статусунун калыптануу эволюциясы бир канча этаптарга бөлүп кароо зарыл;

- биринчи этабын 1925 жылдан 1950 жылдар; бул жылдардын аралыгында алгачкы Кыргызстандагы жогорку окуу жайларынын калыптанышын, СССРдин курамында жогорку окуу жайларынын абалын аныктоочу Уставдын негизинде жөнгө салынышы мүнөздүү ;
- экинчи этабын 1950 жылдан 1990 жылдар; бул жылдардын аралыгында Кыргызстанда жогорку окуу жайларынын ичинде алгачкы университеттердин ачылышы менен жогорку окуу жайларынын ички түзүмдүк бөлүктөрү бир канча кеңейтилип, аларга өз алдынчалуулук берилиши менен мүнөздөлөт;
- үчүнчү этап 1990 жылдан баштап азыркы мезгил; бул мезгилдерде жогорку окуу жайларыны жөнгө салуучу атайын ченемдик актылар кабыл алынып, башка укуктук тармактар менен бирдикте комплекстүү жөнгө салуу ишке ашырылган жана бир канча жакшыртылган.

3.Жогорку окуу жайынын юридикалык жак катары укук жөндөмдүүлүгү ал катталган учурдан тартып пайда болот. Ошону менен бирдикте башка юридикалык жактардан айрымаланып жогорку окуу жайынын аракет жөндөмдүүлүгү кошумча атайын укук жөндөмдүүлүктүн жана аракет жөндөмдүүлүктүн натыйжасында пайда болот (лицензия, жана аккредитациядан өтүү).

Жогорку окуу жайларынын жарандык укуктук статусу укуктук уюшумдук формасына жараша мамлекеттик жогорку окуу жайлары менен бирдикте мамлекеттик эмес жогорку окуу жайларынын буюмдук укуктук абалы бирдей эмес. Мамлекеттик жогорку окуу жайларынын буюмдук укуктары бир канча чектелген ыкчам башкаруу, жана пайдалануу режиминде жөнгө салынган.

4. Жогорку окуу жайларынын административдик укуктук статусу анын мамлекеттик жалпы ачык бийлик органдары менен, ички жеке ачык болгон укук жана милдеттери жана жоопкерчилигинин жыйындысынан турат.

Учурдагы жогорку окуу жайларынын административдик укуктук статусуна мүнөздүү болгон автономиялуулук менен академиялык эркиндик принциптери маанилүү орунга чыгат.

5. Жогорку окуу жайынын билим берүү укуктук статусунун түзүмүн элементтерин – жогорку окуу жайынын уставы, коллективдүү келишим, ички тартип эрежелер, инструкциялар, локалдуу ченем жаратуучулук иши түзөт. Жогорку окуу жайында кабыл алынган чечимдер жеке жана коллегиалдуу автономдуу мүнөзгө ээ.

6. Учурдагы жогорку окуу жайларынын укуктук статусунун өнүгүү тенденцияларында акы төлөө менен билим берүү кызматын көрсөтүү, жеке жактар катышуусу менен жогорку окуу жайын уюмдаштыруу, уставдык максаттарга жетүү үчүн ишкердүүлүк менен алектенүү укугунун кеңейүүсү мүнөздүү.

Ошону менен бирдикте жогорку окуу жайларын коюлган милдеттүү талаптардын сакталышынын (лицензиялык аккредитациялык) көзөмөлдүн мөөнөттүүлүгү, натыйжалуулугу баштапкы орунда болуусу зарыл.

7. Учурдагы жогорку окуу жайларынын укуктук статусун жөнгө салууда жогорку кесиптик билим берүү мамилелери толук кандуу жөнгө салынган эмес жалпылоочу мүнөзгө ээ. Жогорку кесиптик билим берүү жөнүндө өз алдынча мыйзам актысын кабыл алуу зарылыгы негизделген. Ошондой эле Кыргыз Респубикасынын «Билим берүү жөнүндө» мыйзамга бир катар өзгөртүү толуктоолорду киргизүү сунушталды.

**Изденип алуучунун жеке салымы.** Илимий изилдөө иши логикалык жактан аягына чыккан өз алдынча илимий эмгек катары бааланып, анын натыйжалары Кыргыз Республикасындагы жогорку окуу жайларынын укуктук статусун жөнгө салуудан, камсыз кылуудан, ишке ашыруудан келип чыккан мамилелер саналат.

Изилдөөнүн натыйжасында чыгарылган жоболор, сунуштар, сыпаттоолор, тыянактар жогорку окуу жайларынын ишмердүүлүгүн жөнгө салууну жакшыртууга, андагы карама-каршылыктарды жоюууга, боштуктардын ордун толтурууга жана түшүнүк аппаратын кеңейтүүгө багытталган.

**Илимий изилдөөнүн жыйынтыктарын тажрыйба иретинде колдонуу.** Илимий изилдөөнүн теоретикалык жоболору жана тыянактары Ош мамлекеттик университетинин «Мамлекеттин жана укуктун теориясы жана тарыхы» кафедрасында талкуудан өтүп, жактырылды. Илимий изилдөөнүн материалдары бир канча эл аралык илимий конференцияларда (Россия, Украина мамлекеттеринде) ошондой эле, бир канча Республикалык илимий конференцияларда баяндалган.

**Илимий изилдөөнүн натыйжаларынын толук кандуулугу.**

Диссертациянын негизги жоболору жана тыянактары Жогорку Аттестациялык Комиссиянын тизмегине кирген илимий басылмаларда, автордун 10 (он) илимий эмгектеринде жарык көргөн.

**Илимий иштин түзүмү.** Диссертация киришүүдөн, үч бапты камтыган негизги бөлүктөн, сегиз бөлүмдөн, тыянактан, практикалык сунуштардан, колдонулган адабияттардын тизмегинен турат.

# БАП I ЖОГОРКУ ОКУУ ЖАЙЛАРЫНЫН УКУКТУК СТАТУСУН ЖӨНГӨ САЛУУНУН ТЕОРИЯЛЫК УКУКТУК НЕГИЗДЕРИ

## 1.1. Жогорку окуу жайларынын укуктук статусунун түшүнүгү

Жогорку окуу жайларынын укуктук статусун аныктоо учурдагы билим берүү чөйрөсүндөгү укуктук жөнгө салуунун маанилүү суроолорунун бири болуп саналат.

Тандалып алынган тема боюнча изилдөө алып баруу кандай гана илимий изилдөө болбосун анын укуктук табиятын, мазмунун жана формасын толук ачып берүүгө шарт түзөт.

Изилдөөдөгү тандалып алынган теманын түшүнүк аппараттарын анын маанилүү түзүмдүк бөлүктөрүнө көңүл буруу абзел. Эң алгач тандалып алынган теманын актуалдуулугу орун алып, анан изилдөөнүн кандай зарылчылыгы бар экендиги аны изилдөөдөн кандай натыйжалар күтүлүп жаткандыгын аныктоо менен башталат. Ошону менен бирдикте изилденип жаткан суроолордун учурдагы турмуштук практикада кандайча аракеттенип жаткандыгы анын натыйжалуулугу сыяктуу суроолорду кароо зарылдыгын туудурат.

Жогорку окуу жайынын укуктук абалы боюнча түшүнүк аппараттарынын изилдөөгө киришип жатып анын актуалдуулугун белгилей кетүү керек.

Эгемендүүлүк кабыл алганга чейин советтик союздук мамлекеттер курамында болуу менен Кыргызстан коомдук мамилелердин басымдуу көпчүлүгүн советтик укуктук доктрина аркылуу чечмелеп келген.

Алгач изилдөө болгон билим берүү чөйрөсү өзүнүн социалдык манилүүлүгү боюнча алдыңкы орунда болуу менен коомдун мамлекеттин өкүм сүрүшү, анын экономикасынын бакубат болушу, укуктук тартиптин камсыздалышы менен терең байланышта болоорун ачыктады.

Билим берүү мамлекеттин калыптауусун гана эмес анын андан ары жашап кетүүсүнө дагы түздөн түз таасирин берет. Мына ошондуктан билим

берүү чөйрөсү адамзаттын жолоочусу  сымал коштоп анын конкреттүү тарыхый коомдогу орду, социалдык баалуулугун, мамлекет менен өз ара  карым катнашын аныктоо менен бирдикте коомдун өнүгүү деңгээлин, экономикасынын абалын да ачыктай турган мазмунга ээ.

Билим берүүнүн маанилүүлүгү бир катар эл аралык документтерде да белгиленгендигин айта  кетүү керек.

Учудагы Кыргызстандын юридикалык практикасында коомдук мамилелерди жөнгө салуунун ырааттуу түзүмү ишке ашырылып жаткандыгын белгилей кетүү керек. Ошону менен бирдикте коомдук мамилелер чөйрөсүндөгү динамикалык кубулуштар  аларды адекваттуу жөнгө салууну талап кылууда.

Коомдук мамилелер татаалданып улам, анын жаңы  жактары, ачыкталып, маалымат технологияларынын өнүгүшү билим алуу процессиндеги коомдук мамилелерди дагы тийиштүү деңгээде жөнгө салууну талап кылууда .

Мындай коомдук мамилелер чөйрөсүнө билим берүү ишмердүүлүгү да кирет. Билим берүү ишмердүүлүгү өзүнүн ички татаал түзүмү менен коштолуп бир катар деңгээлдерден турушу анын социалдык типтүү калыптанган, узак мөөнөттү процесс экендигин ачыктады.

Алардын катарында жогорку кесиптик билим берүү ишмердүүлүгүн ишке ашырган окуу жайлар, мекемелер да орун алган. Алардын учурдагы укуктук абалы коомдук турмуштун интенсивдүү өнүгүп жаткан багыттарына шайкеш келишин  талап кылууда.

Билим берүү жаатында эң алгачкы атайын мыйзамдын кабыл алынышы да кайсы бир тарыхый доор үчүн жөнгө салуу милдетин аныктап келди.

Ошону менен бирдикте  жөнгө салуунун улам жакшыртуу анын оң жана терс жактарын эске алуу, боштуктарын толтуруу сыяктуу суроолор юридикалык илимдин, мыйзам чыгаруу, ченем жаратуу ишмердүүлүгүн ар тараптуу натыйжалуу алып барууну шарттайт.

Билим берүү ишмердүүлүгүн жөнгө салуу Кыргызстанда бир катар өз алдынча мамлекеттик бийлик органдарынын актылары, ички локалдуу актылар

менен кошо жөнгө салууну ишке ашырып келген. Билим берүү ишмердүүлүүн жөнгө салуучу ченемдер тутумдашкан эмес.

Ар бир билим берүү баскычы өз алдынча жөнгө салуу менен жалпы билим берүү алкагында тутумдашкан эмес.

Мындай абал жогорку окуу жайларынын ишмердүүлүгүн жөнгө салууда да орун алган. Жогорку окуу жайлары токтом, Жобо сыяктуу ченемдер менен жөнгө салынып, анын мыйзамдык күчүнүн төмөн болушу ага баш ийүүчү адресаттардын көңүл кош мамиле жасагандыгы сыяктуу жайгдайлар орун алган.

Азыркы учурга чейин жогорку билим берүү боюнча атайын мыйзам актысында жалпылоочу жоболор орун алып, анын түзүмдүк башкаруу, ченем жаратуу, жоопкерчилик сыяктуу суроолору деталдаштырылган эмес.

Мына ошондуктан учурдун талабына ылайык келген укуктук жөнгө салууну ишке ашыруу зарылчылыгы алдыга сүрөлүүдө.

Жогорку окуу жайларынын укуктук абалын талдоо бир катар факторлор менен шартталган аларга:

-учурдагы жөнгө салуунун натыйжалуулугунун төмөндүгү;

-билим берүү чөйрөсүнүн коррупцияланышы;

- билим берүүнүн сапатынын начардыгы;

-менчиктин ар кандай формасындагы билим берүү мекемелеринин ачылышы;

- өз алдынча ар бир баскыч боюнча жөнгө салуунун толук кандуулугунун жоктугу;

- окуу жайларга берилген өз алдынчалуулуктун суроолору;

-мамлекеттик бюджеттин сарамжалдуу пайдаланылышы;

- өз алдынча чарба жүргүзүү тенденцияларынын орун алышы;

- персоналдык жана коллегиалдуу жоопкерчиликтин орнотулбагандыгы;

- студенттер менен окутуучу профессордук курамдын укуктук абалы;

-жогорку окуу жайынын укуктук абалынын учурдагы практикасы саналат.

Кыргызстандын укук тутумунда калыптандыруудагы бир канча көлөмдүү коомдук мамилелерди өзүнө камтыган билим берүү мамилелерин калыптандырууда өзгөчө орунга ээ. Бир коомдук түзүлүш формасынан экинчи бир коомдук түзүлүш формасына өтүү саясий - экономикалык мамилелердин түп тамырынан өзгөрүүсү коомдук саясий ошондой эле укуктук чөйрөнүн да олуттуу өзгөрүүсүнө алып келди. Билим берүү жаатындагы анын ичинде жогорку окуу жайларынын укуктук жөнгө салынуусу дагы мезгил талабына ылайык олуттуу өзгөрүүлөргө дуушар болду.

Бул биричи кезекте бир канча жагдайлар менен шартталган, аларга;

- коомдук турмуштун либеризацияланышы;
- укук жана эркиндиктердин приоритетинин орун алышы;
-коомдук турмуштун демократизацилоого багыт алынышы;
- менчиктин дифференцацияланышы;
- жеке ишкердүүлүк менен алектенүү укугунун бекилиши жана башкалар саналат.

Бул өз кезегинде билим берүү тутумундагы ар кандай деңгээлдеги мекемелердин менчиктин формасына жараша уюштуруу мүмкүнчүлүгүнүн алынышы менен да мүнөздөлөт. Ошону менен бирдикте Кыргызстандын геосаясий алкактагы өз ара кызматташтыгынын кеңейиши дагы чоң таасир берген.

Эгемендүүлүк, көз карандысыздык кабыл алынгандан кийинки мезгилдеги билим берүү жаатындагы бир канча туруктуу мамилелер катары негизги орто, жалпы орто билим берүүнүн акысыздыгын айта кетүү маанилүү.

Ошону менен бирдикте ар кандай деңгээлдеги билим берүү мекемелеринин уюштурууга мүмкүнчүлүк берилиши дагы билим берүү мекемелеринин бир канча либералдашуусуна шарт түздү.

Тактап айтканда, акысыз билим берүү менен бир катарда акылуу билим берүү мекемелеринин уюштурууга укуктук мүмкүнчүлүк берилди. Мындай жагдай билим берүү мекемелеринин ар кандай деңгээлиндеги жактарга таандык

болду. Анын ичинде жогорку окуу жайларынын укуктук абалы дагы бир катар ири өзгөрүүлөргө дуушар болду.

Жогорку билим берүү мекемелеринин укуктук абалын талдоо илимдеги жаңы багыттардын бири катары келип чыгып учурдагы концептуалдык жандашуулар, усулдук жактарын талдоо бир катар талаш тартыштарды жаратаары турмуштук чындык. Бул учурунда билим берүү чөйрөсүндөгү ченемдик актыларындагы коллюзиялык элементтердин пайда болушуна шарт түзөт.

Мына ошондуктан билим берүү мекемелеринин анын ичинде жогорку окуу жайларынын укуктук статусун аныктоо юридикалык илимдин актуалдуу суроолорунун бири катары таанууга толук негиз бар.

Учурда Кыргызстандагы 56дан ашуун жогорку окуу жайлары өз ишмердүүлүгүн жүргүзүп келүүдө. Алардын укуктук абалын аныктоо, өркүндөтүү жана жакшыртуу жогорку окуу жайларынын ишмердүүлүгүнүн натыйжалуулугун гана арттырбастан билим берүү сапатын, укуктук уюшумдук жактарынын оптималдаштырууга керектөөчүлөрдүн талабын дагы канаатандырууга шарт түзөт.

Учурдагы Кыргызстандын экономикалык катаалчылыгында компетенттүү адистердин анын ичинде жогорку билимдүү жаштарын болушу учурдун талабы.

Демек, мамлекеттин билим берүү саясатындагы анын ичинде жогорку кесиптик билим берүү учурдун артыкчылыктуу багыттарынын бири катары келип чыгууда. Жогорку окуу жайларынын ишмердүүлүгүн укуктук жөнгө салууну жакшыртуу мамлекеттик иш чаралардын комплекстүү тутумунда каралган.

Кыргызстандагы билим берүү мамилелерин укуктук жактарын изилдөө бүчүр абалында тургандыгы, жарыяланган эмгектерден билинип турат.

Диссертациялык деңгээлде билим алууга болгон укук, билим берүү мамилелери Н.К. Атабекова, Д.П. Шоокумова тарабынан изилдеген.

Усулдук жактан алып караганда жогорку окуу жайларынын укуктук статусун изилдөөгө жандашууда анын түшүнүк аппаратын аныктоо изилдөөнүн обьектисинин маанилүү суроолорун түзөт.

Түшүнүк - ой жүгүртүүнүн негизги формаларынын бири катары таанып билүү процессинин негизинде жатып, коомдук турмуштун анын ичинде укуктук жактарын жөнгө салууда дагы маанилүү орунга ээ экендиги талашсыз. Анткени түшүнүк аппараттарынын так болушу мыйзам актыларынын колдонуу чектерин аныктоо менен бирдикте анын бирдей колдонулушун дагы камсыз кылат. Ошону менен бирдикте коомдук мамилелерге катышуучулардын укук жана эркиндиктерин сактоону камсыз кылуу менен бирдикте мыйзамдуулуктун камсыз болушун, укук колдонуу субьектилеринин өз ыйгарымында бирдей чечмелөөсүн камсыз кылат.

В.И. Ленин: «түшүнүк мээнин эң жогорку продуктусу, материянын эң жогорку продуктусу» [6, 152-153-б.] катары тааныган.

Философиялык адабияттарда анын ичинде юридикалык адабияттарда түшүнүктү колдонуу алардын илимди өнүктүрүүгө кошкон салымы байма бай айтылып келүүдө. Түшүнүк жаратылыштын кубулуштарынын маңызын чагылдырып, анын жардамы менен конкреттүү аныктамаларды сыпаттап албай эч кандай илимий билимдин тутумун түзүүгө болбойт.

Белгилүү окумуштуу В.П Копнин: «Эгерде түшүнүк маңыздын чагылдырылышы болуп чындык менен байланышы болбогондо ал бир канча башкачараак болмок» [7, 143-144-б.] деп жазат.

Ошону менен бирдикте түшүнүктүн көлөмү жана мазмуну аныкталуусу зарыл. Түшүнүк аппараттарынын катаалдыгы анын байланыштары аларды ыкчам колдонууга, коомдук процесстерди моделдештирүүдө божомолдоодо теориялык базаны камсыз кылат.

Юридикалык илимде түшүнүк аппараттарынын катаалдыгы жана илимий негизделиши мыйзам актыларын жакшыртууда бир катар мааниге ээ экендиги талашсыз.

Мына ошондуктан жогорку окуу жайларынын укуктук статусун изилдөөдө анын түшүнүк аппараттарын дагы изилдөө зарыл.

Атайын жана юридикалык адабияттарда «укуктук статус», жана «укуктук абал» түшүнүгү боюнча бир канча талаш тартыштар бар.

Аны бир катар окумуштуулар С.А.Комаро, Н.И. Матузов, С.А. Якимов, Ю.С. Новикова, С.В. Редких жана башкалар карманышат.

Ата мекендик изилдөөчү Д.П. Шоокумова: «биринчиден, бардык авторлор тарабынан бул категория өз алдынча укуктук институт катары таанылат. Экинчиден, укуктук статусту түзүүчү элементтер ар түрдүү болсо дагы кээ бирлери көптөгөн аныктамаларда кездешет» [8, 56-57-б.] деп белгилейт.

Б.А. Жусупов, Е.Т. Атамкулова: «укук жана эркиндиктер, аларды ишке ашыруу кепилдиктери жана аны алуунун жалпы шарттары болгон жарандуулук. Үчүнчүдөн, биз карап жаткан категория кээ бир окумуштуулар тарабынан аябай кеңири, ал эми кээ бирөөлөрү тарабынан тар көз караштa баяндалгандыгында укуктук статустун мазмуну жөнүндөгү көз караштарын салыштыруу менен бир канча негиздерди бөлүп карайт» [9, 121-122-б.].

Лингвистикалык жактан «статус» түшүнүгү анчалык деле көйгөй жаратпайт. Советтик энциклопедиялык сөздүктө: «Латын тилинен которгондо status» түшүнүгү абал» [10, 1270-б.] түшүнүгүн берет. В.И.Ожеговдун, Ю.Н., Шведованын сөздүгүндө: «статус түшүнүгү абалды калыптанган абалды түшүндүрөт» [11, 740-б.]. Ошону менен бирдикте «статус» түшүнүгү социологиялык жана укуктук мааниде да кабылданат. Биз үчүн укуктук жактан кабылдоо бир канча артыкчылыктуу деп ойлойбуз.

Укуктук илимде «статус» түшүнүгү бир канча укуктук категорияларды мүнөздөөгө багытталган. Укуктук субьектиге жараша физикалык жактардын, жарандардын, жарандыгы жок жактардын, чет өлкөлүк жарандардын укук жана милдеттерин аныктаса, юридикалык жактардын анын ичинде коммерциялык жана коммерциялык эмес юридикалык жактардын дагы укуктук абалын аныктайт.

Чоң юридикалык сөздүктө: «Укуктук статус түшүнүгү-бул субьектинин коомдогу укук милдеттерин аныктоочу жыйымды камтыган абалы» [12, 45-б.].

Ал коомдогу жеке инсандын жана коомдун, жарандын жана мамлекеттин жеке индивиддин курчап турган чөйрө менен карым катнашын юридикалык бекилишин чагылдырат. Анда жеке инсандын эркиндиктеринин чектери, укуктарынын жана милдеттеринин көлөмү, башка укуктук мүмкүнчүлүктөрү жана жоопкерчилиги чагылдырылат.

Изилдөөчү С.В. Редких : «укуктук статус социалдык статус менен тыгыз байланышта болуп ага бир катар социалдык мүнөздөмөлөр таандык» [13, 42-44-б.] деп эсептейт жана ага;

- статусту изилдөө жеке адамдын призмасы аркылуу өтөт жана анын субьектилери социалдык мамилелердин катышуучусу гана болот;
-социалдык мамилелердеги статус түшүнүгүн колдонуу анын маңызын субьектилер тарабынан укук жана милдеттерин кабылдоо аркылуу жүргүзүлөт

В.М. Корельский: «укуктук абал менен укуктук стутусту синоним катары» [14, 549-б.] карашат.

Изилдөөчү Е.С.Самарина: «укуктук статус жана укуктук абал түшүнүктөрүн талдап укуктун субьектиси укуктук тутумда борбордук орунга ээ экендиги анын айланасында баардык категориялар чогулаарын» [15, 24-30-б.] жазат.

Укуктагы «укуктук статус» жана «укуктук абал» түшүнүктөрү укук теориясында баштапкы абалга ээ. Бир катар авторлордун бул түшүнүктөрдү чектөө жүйөлөрүн зарылчылыгы жок деп эсептейт.

Демек, «укуктук статус» жана «укуктук абал» түшүнүктөрүн өз алдынча ажыратуунун зарылчылыгы жок. Анткени анын мазмундук жактары укуктун субьектисинин укук жана милдеттерин, эркиндиктерин, укук жана аракет жөндөмдүүлүктөрүн, укук субьективдүүлүгүн ошондой эле жоопкерчилигин карайт.

Жогорку кесиптик билим берүү мекемелеринин укуктук статусун аныктоодо түшүнүк аппаратын аныктоо маанилүү орунга ээ. Анткени

дефинициялар, терминологиялык, түшүнүк категорияларын аныктоо анын укуктук табиятын толук кандуу ачып берүүгө шарт түзөт. Мына ошондуктан жогорку окуу жайларынын укуктук абалын аныктоодо мыйзамдык жөнгө салынуусун, социалдык тармактын өзгөчөлүгү эске алуу керек.

Кыргыз Республикасынын Конституциясы жогорку окуу жайларынын укуктук статусун аныктоодо негизги жана чечүүчү ролго ээ. Билим берүү чөйрөсүн жөнгө салган атайын мыйзам актысы Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» мыйзамы жетектөөчү орунду ээлеши талашсыз. Бул мыйзам актысы негизги жогорку окуу жайларынын укуктук-уюшумдук негиздерин, ишмердүүлүгүн жөнгө салуучу ченемдердин жыйындысын камтыйт.

Белгилей кетүү керек, жогорку окуу жайларынын укуктук статусу бир канча укуктун тармактык ченемдер менен жөнгө салынат. Мисалы жарандык укуктук статус, административдик укуктук статус, конституциялык укуктук статус. Укуктук статус түшүнүгү мыйзамдык деңгээлде дагы бир катар мыйзам актыларында бекилген.

Жогорку окуу жайларынын укуктук статусу бир катар изилдөөчүлөр тарабынан изилденген аларга Ата мекендик изилдөөчүлөр Д.П. Шоокумованы [16, 152-б.], И А. Дмитриенкону [17, 23-б.] жана башкаларды келтирсек болот.

Ошону менен бирдикте диссертациялык деңгээлде жогорку окуу жайларын Н.С. Барабашева [18, 12-16-б.], жогорку окуу жайларынын илимий мекемелеринин укуктук статусу, Л.Ю. Грудцына тарабынан, административдик укуктук статусу [19, 36-41-б.], В.В. Волкова [20, 81-88-б.], Ю.А. Володина [21, 186-191-б.], А.Н. Никитина [22, 256-258-б.] тарабынан, укуктук жөнгө салуунун суроолору С.В. Барабанова [23, 83-89-б.] тарабынан изилденген.

Жогорудагы окумуштуулардын эмгектери жогорку окуу жайларынын укуктук жөнгө салынышына чоң салым кошкон. Ошондой болсо дагы Ата-мекендик илимде жогорку окуу жайларынын укуктук статусу жыйымдуу изилдене элек.

Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» мыйзамына ылайык жогорку окуу жайы юридикалык жак катары таанылат. Мына ошондуктан жогорку окуу жайларынын укуктук статусу Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексиндеги жоболор менен жөнгө салынат.

Демек, жогорку окуу жайлары юридикалык жак катары Граждандык кодекстеги белгилерге ээ болушу зарыл. Жогорку окуу жайы юридикалык жактын түзүлүү максатына ылайык укук жана милдеттерди алып жүрүүчү катары таанылып укук жөндөмдүүлүккө ээ болушат. Юридикалык жактардын укук жана аракет жөндөмдүүлүгү бир учурда пайда болот башкача айтканда тийиштүү мамлекеттик органдан катоодон өткөн учурдан тартып пайда болот.

Граждандык кодекстин 85-статьясына ылайык пайда табууну көздөбөгөн жана пайданы өз ара катышуучулар арасында бөлүштүрбөгөн жактар коммерциялык эмес юридикалык жактар катары таанылат.

Демек, жогорку окуу жайлары коммерциялык эмес юридикалык жак катары таанылат.

Жогорку окуу жайларын түзүү юридикалык жактарга таандык талаптарга ылайык уюшумдук документтердин уставдын жана уюштуруу келишиминин негизинде түзүлөт. Ошону менен бирге жогорку окуу жайларынын юридикалык аталышы, жайгашкан дареги, башкаруу тартиби аныкталууга тийиш.

«Кыргыз Республикасынын жогорку кесиптик билим берүүнүн билим берүү уюмдары жөнүндө» жобого ылайык: «жогорку окуу жайларын уюштуруу мамлекеттик жана муниципалдык органдарга, жеке адамдарга, чет мамлекеттер менен эл аралык уюмдар түзө алат» [24].

Жогорку окуу жайларынын укуктук абалын аныктоодо  аны менен байланышкан бир катар  элементтерди эске алуу зарыл аларга;

-укуктук уюшумдук негиздери;

-билим берүүнүн программаларынын деңгээлине жараша аныкталат. Жогорку кесиптик  билим берүү мекемелери учурдагы юридикалык практика көрсөткөндөй бир канча  билим берүү программаларын камтыган түзүмдүк бөлүктөрдү камтышы мүмкүн.

Жогорку окуу жайларынын укуктук статусунун мазмунун алардын ишмердүүлүк жүргүзүү менен байланышкан укук жана милдеттеринен, жоопкерчиликтеринен, кепилдиктер аркылуу бекилет. Негизги ыйгарымдар уюшумдук келишимдин негизинде жогорку окуу жайынын уставдарында бекилет.

Жогорку окуу жайларынын уставдары Кыргыз Республикасынын Конституциясына, «Билим берүү жөнүндө» мыйзамына, «Граждандык кодекске», Кыргыз Республикасынын «Жогорку кесиптик билим берүүнүн билим берүү уюмдары жөнүндө» жобого ылайык келүүсү зарыл. Мамлекеттик жогорку окуу жайлары менен жеке менчик жогорку окуу жайларынын укуктук абалы бирдей коюлган талаптар менен кээ бир өзгөчөлүктөргө да ээ. Айрыкча айырмачылык каржылоо булактарына тийиштүү. Мамлекеттик окуу жайларынын финансылык каржылоо негиздери, аны менен байланышкан мамилелер (айлык акыларын) жогорулатуу, кредит алуу, сыяктуу суроолор өз алдынча чечилет.

Ы.Э. Жээнбаева: «билим берүү чөйрөсү азыркы мезгилдеги көп тармактуу ишкана мекемелерди ошону менен бирге чоң контингентти камтыган коомдук мамилелер чөйрөсүн камтыйт. Мына ошондуктан аны укуктук жактан дагы жөнгө салуу учурдун актуалдуу суроолорунун бирин жаратат.

Анткени билим берүү чөйрөсү динамикалык кыймылда болуу менен бирдикте көп баскычтуу, тутумдуу коомдук мамилелерди камтыйт. Мына ошондуктан укуктук жактан билим берүү чөйрөсүн жөнгө салуу мыйзам чыгаруу ишмердүүлүгүнүн негизги милдеттеринин бири катары саналат.

Билим берүү чөйрөсү динамикалык кубулуш болгондуктан аны учурдун талаптарына ылайык адекваттуу укуктук жөнгө салынуусун талап кылат» [25, 135-140-б.] деп жазат.

Мисал катары Болон процессине кошулуу, көп баскычтуу билим берүүгө өтүү, билим берүү ишмердүүлүгүндөгү маалымат технологияларын пайдалануу сыяктуу жагдайлар анын укуктук жөнгө салынышын дагы карайт.

Ата-мекендик изилдөөчү Д.П. Шоокумова: «коомдогу социалдык институттардын маанилүү бөлүгү болуп билим берүү чөйрөсү саналат. Анткени билим адамзаттын эволюциялык өнүгүү жолунда аны менен сапарлаш болуп, ажырагыс атрибут катары саналат» [15, 1-б.] дейт.

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жөнүндө мыйзамынын«11-беренесине ылайык жогорку окуу жайлары кесиптик жогорку билим берүү программаларын ишке ашырат»[26].

Ошону менен бирдикте айта кетүү орундуу жогорку окуу жайларынын түзүмүнө, билим берүүнүн бардык баскычтарын ишке ашырган уюмдар болушу мүмкүн мисалы мектеп, колледж, аспирантура. Мына ошондуктан билим берүү мекемелеринин укуктук абалы анын ичинде жогорку окуу жайлары бир канча татаал түзүлүшкө ээ экендиги байкалат.

Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» [26] мыйзамынын жогорку кесиптик билим берүүнү караган. Демек, билим берүү ишмердүүлүгүн укуктук жактан жөнгө салууда анын кайсыл баскычтагы программаларды ишке ашыруусу мүмкүн экендигин аныктоого болот.

Ы.Э. Жээнбаева: «Бул жагдай жогорку окуу жайларына дагы мүнөздүү экендигин айта кетүү зарыл. Кыргызстанда учурда бир канча жогорку окуу жайлары өз ишмердүүлүгүн жүргүзүүдө. Официалдуу маалыматтарга таянсак Кыргызстанда 58 дөн ашуун жогорку окуу жайлары өз ишмердүүлүгүн жүргүзүүдө. Анын ичинде мамлекеттик деген макамга ээ болгон 42 жогорку окуу жайы, 16 мамлекеттик эмес жогорку окуу жайы бар. Өзүнүн укуктук статусуна ылайык мамлекеттер аралык статустагы эки окуу жайы Кыргыз-Россия Славян университети, Кыргыз-Түрк Манас университети ишмердүүлүгүн жүргүзөт» [25, 135-140-б.].
деп белгилейт.

Ал «билим берүү мамилелеринин туруктуулугу көп баскычтуулугу аны укуктук чөйрөгө алып кирүү менен жөнгө салууга мүмкүнчүлүк берет.

Жогорку окуу жайлары юридикалык жактын статусун алгандыгына байланыштуу анын укуктук статусунун табиятын талдоо бир канча татаал экендигин айтуу зарыл.

Бул татаалдыкты төмөндөгүдөй кылып түшүндүрүүгө болот. Билим берүү тутуму татаал иерархиялык түзүлүшкө ээ жана бир канча баскычтарды өзүнө камтыйт. Жогорку окуу жайларынын укуктук статусун аныктоодо биз кесиптик билим берүү баскычы аркылуу карайбыз» дейт [25, 135-140-б.].

Укуктук статусун аныктоодо мамлекеттин билим берүү жаатындагы саясаты, билим берүү мекемелеринин укуктук статусу, ченем жаратуучулук иши, административдик мамилелер, жоопкерчилик суроолору, кепилдиктер сыяктуу категориялар каралат.

Кыргызстан эгемендүүлүк жана көз карандысыздык кабыл алгандан кийин билим берүү чөйрөсүндө масштабдуу реформалар башталды. Билим берүү тутумун калыптадырууда бирдиктүү жандашуунун жоктугу бул жааттагы коомдук мамилелерди жөнгө салууда бир катар көйгөйлөрдү алып келди.

Кээ бир жерлерде советтик билим тутуму калса кээ бир жерлерде дүйнөлүк алдыңкы тутумдагы элементтер менен коштолгон билим берүү тутуму калыптана баштады.

Изилдөөчү Ф.И. Рыскулуева: «Кыргызстандагы жогорку окуу жайларын реформалоо мамлекеттик билим берүү саясатын ишке ашырууда аны калыптануу жана өнүгүү тарыхы, салттуу маданият жана баалуулуктар эске алынса, бир канча натыйжалуу жүрөт» [27, 24-б.] деген ойду айтат. Биз дагы бул көз карашка кошулабыз.

Билим берүү тутуму олуттуу өзгөрүүгө дуушар болуп бир канча либералдашуу менен билим берүү менен алектенген субьектилердин саны аны менен кошо укуктук статусунун дагы өзгөчөлүктөрү пайда боло баштады.

Белгилей кетүү керек билим берүү мекемелеринин анын ичинде жогорку окуу жайларынын укуктук статусу негизги мыйзамыбыз болгон Кыргыз республикасынын Конституциясынын негизинде аныкталган.

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын: «22-беренеси Мамлекет менчиктин түрүнө карабастан билим берүү уюмдарында билим берүүнүн бардык түрлөрүн жана формаларын колдойт» [3]деп бекиткен.

Мындан келип чыккандай мамлекет билим берүү мекемелеринин ар кандай менчиктин формасын түзүүгө мүмкүнчүлүк берүү менен мамлекет тарабынан колдого алынаарын өзгөчө бекитти.

Аракеттеги Кыргыз Республикасынын мыйзам актыларында билим берүү менен алектенген жактардын «уюм» жана «мекеме» деген аталышта бекилген. Көпчүлүк учурларда «билим берүү мекемеси» деп аталып жүрөт.

Кыргыз Республикасынын: «Билим берүү жөнүндө мыйзамынын 12-беренеси «билим берүү уюмдары» жөнүндө түшүнүктү камтып ал ар кандай баскычтагы билим берүү уюмдары киргизилген»[2].

Тилекке каршы жогорку окуу жайларынын укуктук статусу академиялык негиздерди гана камтып, башка укук милдеттери шилтеме же бланкеттик ыкмалар аркылуу жөнгө салынган. Институт, академия, университет аталыштары кээ бир структуралык жана билим берүүнүн көлөмдөрү боюнча гана аныкталып калган.

Юридикалык илимде түшүнүк аппараттарын, алардын маани- мазмундук жактарын ачып берүү бир канча актуалдуу суроолордун бири катары чыгып келет. Анткени түшүнүк аппаратттарынын толук кандуулугу гана мыйзам актыларын колдонууда аны чечмелөөдө бирдейликти камсыз кылуу менен бирдикте мыйзамдуулуктун сакталышына дагы өбөлгө түзөт.

Учурдагы Ата-мекендик илимде юридикалык илимдин ар кандай тармактарындагы түшүнүк аппараттарын иштеп чыгуу, алардын мыйзамдык бекилишин камсыз кылуу, айрыкча мамлекеттик тилдеги түшүнүк аппараттарын калыптандыруу көйгөйлүү маселе катары чыгып келүүдө.

Учурдагы укуктун ар кандай тармагындагы түшүнүк аппараттарын калыптандыруу боюнча системалуу илим изилдөөлөр жок экендиги дагы маалым. Көптөгөн диссертациялык изилдөөлөр изилдөөнүн предметине жана объектисине жараша иштелип чыгып жаткандыгы дагы маалым.

Көптөгөн терминологиялык мүчүлүштүктөр бар экендиги мамлекеттик тилдеги тексттерде көзгө урунуп жатканы турмуштук чындык.

Кечээки жакынкы жылдарга чейинки билим берүү менен алектенген жактардын мамилелерин укуктук жөнгө салууда дагы бир топ түшүнүк аппараты боюнча суроолор жаратылгандыгы жогорку окуу жайларындагы мамилелерге да таандык.

Билим берүү «мекемелер» «уюмдар», деген түшүнүк аппараттары толук кандуу иштелип чыга элек. Көз карандысыз мамлекеттердин шериктештигине кирген мамлекеттерде бул жаатта бир топ алгылыктуу жылыш бар экендиги байкалат.

Айрыкча Россия Федерациясында билим берүү жаатындагы ченемдер бир топ жакшыртылганы алардын кодификацияланышы далилдеп турат.

Кыргызстанда да билим берүү менен алектенген жактардын укуктук абалын жөнгө салуучу түшүнүк аппараттарын иштеп чыгуу теориялык илимдин актуалдуу суроолорун жаратат.

Ошону менен бирдикте учурдагы Кыргыз Республикасында билим берүү чөйрүсүн жөнгө салган ченемдеринде дагы түшүнүк аппараттарынын бирдейлиги кээ бир учурда кезигет.

Айрыкча жогорку окуу жайларынын аталыштары «институт», «университет», «академия» деген аталыштары дагы бир топ чар жайыттуу экендиги алардын атоонун критерийлери толук кандуу иштелип чыкпагандыгы менен да түшүндүрүлөт.

Учурдагы түшүнүк аппаратын изилдөө боюнча көйгөйлөргө бир канча башкачараак жандашкан окумуштуулар да жок эмес. Изилдөөчү В.И. Гуреев: «учурдагы укук колдонуу практикасында дагы түшүнүк аппараттары биротоло чечиле элек экендиги, тийиштүү укуктук мамилелердеги катышуучулардын укук жана эркиндиктерин коргоодо терс таасир бере тургандыгын» [28, 190-194-б.] түшүнүк аппараттарын изилдөөдө юридикалык ченемден баштоо керек экендигин негиздейт.

Жогорку окуу жайларынын укуктук статус түшүнүгүн аныктоо анын ишмердүүлүгүнүн маани маңызын ачып берет.

А.Х .Биккузина: «Анын коомдогу укуктук мамилелерин жөнгө салуудагы ыйгарым укуктарын жана милдеттерин, студент менен окуу жайдын, окуу жайдын башка түзүмдүк бөлүктөрү менен болгон мамилесин, адимнистративдик органдар менен жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдары менен карым катнашын, ошондой эле жарандык жүгүртүүдөгү ыйгарым укук жана милдеттерин аныктоого жардам берет»[29, 278-б.].

Изилдөөчү П.И. Кононов: «юридикалык жактардын укуктук абалын талдап жатып ага жалпы жана атайын укуктарды, жалпы жана атайын милдеттерди, аларды чектөөнүн жалпы жана атайын ыкмаларын, ошону менен бирдикте юридикалык жоопкерчилик чараларын дагы кароону» [30, 18-б.] сунуштайт.

Жогорку окуу жайлары коммерциялык эмес юридикалык жак болгондугуна байланыштуу анын колективдүү уюм катары кароо менен анын түзүмүн белгилүү администртивист Д.Н. Бахрах төмөнкүдөй аныктайт;

-максатына жараша; максаты, милдеттери, уюмдун ишмердүүлүгүнүн функциясы;

-уюшумдук–түзүмдүк; уюмдашуу тартиби, легалдаштыруу, кайра уюмдаштыруу, уюмду жоюу, анын баш ийүүчүлүгү, уюшумдук түзүмү, ишмердүүлүк процедурасы;

- ыйгарымдары боюнча; ишмердүүлүктүн карамактык баш ийүүсү, уюмдун бийлик ыйгарымдарын бөлүп караган.

Д.Н. Бахрах: «жогорку окуу жайларынын укуктук статусунун элементтери катары уюшумдук укуктук форма, мамлекеттик аккредитациянын орун алышы, алардын статусун аныктоодо» [31, 25-б.] жетишсиз деп жазат.

Бирок айта кетүү орундуу жогорку окуу жайларынын укуктук статусунда укук жөндөмдүлүк, аракет жөндөмдүүлүк, деликтик жөндөмдүүлүк сыяктуу суроолор дагы каралуусу зарыл деп эсептейбиз.

Жогорку окуу жайларынын укуктук статусунун түшүнүк аппаратын аныктоодо биздин оюбузча анын административдик, жарандык укук ыйгарымдарын жана милдеттерин, ошону менен бирдикте жоопкерчилиги аркылуу изилдөө бир топ оңтойлуу. Ошону менен бирдикте жогорку окуу жайларынын укуктук абалын бир топ толук кандуу ачып берет деген ойдобуз.

Жалпылап алганда жогорку окуу жайлардын укуктук статусунун түшүнүгүн калыптандырууда анын компоненттери аркылуу сыпаттоо усулдук жактан оңтойлуу.

Жогорку окуу жайларынын укуктук статусун сыпаттоодо негизги критерий кылып;

-анын максаты жана милдеттери;

-укуктук уюшумдук, формасы;

-укук, милдеттер, жоопкерчилик;

- укуктук административдик түзүмүн, режимин аныктоо;

- аккредитациялык жана лицензиялык талаптар саналат.

Жогорку окуу жайларынын укуктук стутусун аныктоодо анын кайсы жалпы ачык бийликтин карамагында экендиги дагы олуттуу таасир берет.

Кыргызстандагы бир катар окуу жайлары карамактык баш ийүүдө аларга Э. Алиев атындагы ички иштер академиясын, коргоо министрлигине караштуу Жогорку аскер институтун айтууга болот.

Ошону менен бирдикте жалпы ачык бийлик менен кошо өкмөттөр аралык келишимдин, же уюмдун негизинде түзүлгөн жогорку окуу жайлары аларга Кыргыз-Россия Славян университети, Манас Кыргыз-Түрк университети, Кыргызстан эл аралык университеттерин кошсок болот.

Ошондой эле жогорку окуу жайларынын укуктук статусун аныктоодо жалпы ачык бийликке кирбеген бир катар менчик формасындагы жогорку окуу жайлары дагы орун алган. Аларга Ала-Тоо университети, Дастан университетин жана башкаларды кошсок болот.

Демек, жогорку окуу жайларындагы укуктук мамилелерди анын ичинде укуктук статусун аныктоо бир канча мазмундук жактарын эске алганда кененирээк талкууланышы керек.

Тактап айтканда, билим берүүнүн программаларынын, илимий изилдөөлөрдүн көлөмүнөн тышкары алардын административдик, жарандык мамилелерде жөнгө салынышын дагы тактоо зарыл.

Мамлекеттер аралык жогорку билим берүү уюмдарынын укуктук статусу өкмөттүк келишимдерге ылайык аныкталып, алардын укук жана милдеттери юридикалык жактар катары таанылуу менен билим берүүнү ишке ашыруучу лицензия алгандан кийин пайда болот.

Юридикалык жактын жалпы талаптары менен бирдикте жогорку билим берүүчү мекемелердин толук кандуу укуктук статусу аккредитациялоо процессинен кийин аныкталат.

Демек, жогорудагы жагдайларды эске алуу менен жогорку окуу жайларынын укуктук статусун аныктоодо төмөнкү факторлор таасир берет;

-аны уюмдаштыруучу жактар, мамлекетттик органдар, жеке жактар, чет өлкөлүк жактар, чет өлкөлүк уюмдар. Бул өз кезегинде уюштуруу укуктук формасын аныктайт;

- тийиштүү билим берүү баскычы жогорку окуу жайлары үчүн жогорку кесиптик билим берүү жана жогорку кесиптик кошумча билим берүү программалары;

- билим берүүнүн спектиринин көлөмүнө, илимий изилдөөлөрдүн фундаменталдык жана прикладдык ишке ашыруусуна, адистешүүсүнө жараша (институт, академия, консерватория, аскердик окуу) жайы.

-адистештирилген жогорку окуу жайлары тар профилдеги кесиптик жогорку жана жогорку окуу жайынан кийинки билим берүү программаларын ишке ашырат.

Мындан келип чыккандай жогорку окуу жайларынын укуктук статус аныктоодо төмөнкү критерийлер болуусу зарыл:

- уюшумдук негиздери;

- жогорку  кесиптик билим берүү программаларын камтышы;

- негизги максаттары жана милдеттери:

-  мүлкүнүн  менчиктин формаларына таандыктыгы;

- башкаруунун уюшумдук формасы;

- уставынын болушу;

Жогорку окуу жайларынын укуктук статусу Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндөгү» мыйзамда каралган эмес. Анда жалпы билим берүү уюмдарынын укуктук статусу гана каралган.

Жогорудагы талдоонун негизинде төмөнкүдөй тыянакка жогорку окуу жайларынын түшүнүгү жана алардын укуктук статусу жөнүндө түшүнүктү киргизүү зарылчылыгын белгилейбиз. Бул өз кезегинде жогорку кесиптик билим берүү программаларынын ишке ашыруучу окуу жайлардын укуктук абалын аныктоодо бир канча толук кандуу жөнгө салууну камсыздайт.

Ошону менен бирдикте Кыргыз Республикасынын   жогорку кесиптик билим берүүнүн билим берүү уюмдары жөнүндө жобого дагы өзгөртүү толуктоо зарыл. Тактап айтканда  жогорку окуу жайларынын аталыштарын аныктоодо «институт», «университет», «академия» бир катар критерийлерди киргизүү  зарыл.

Демек, бул бөлүмдү жыйынтыктап жатып жогорку окуу жайы деп-уюмдаштыруучулардын  өзгөчөлүгүнө жараша аныкталган ошондой эле адистештирилген  менчиктин мамлекеттик же жеке формасындагы коммерциялык эмес, акредитациядан өткөн юридикалык жакты билим берүү мекемесин айтабыз.

Жогорку окуу жайларынын укуктук статусун  төмөнкүлөрдөн көз каранды;

- менчиктин формасынан;
- уюмдук негиздерден;
- билим берүү программаларынын баскычынан;
- жогорку билим берүү программаларынын  профилинен кең профил (институт, академия);
- адистешүүсүнөн( аскердик,  исскусство);

- Уставында каралган  максат жана милдеттеринен;
- аккредитациялык талаптардын көрсөткүчүнөн; көз каранды.

Ошону менен бирдикте айта кетүү орундуу жогорку окуу жайларынын укуктук статусунда жалпылык белгилер дагы бар аларга;

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын сакталышы (өкмөт аралык окуу жайларында уюмдаштыруучу өлкөнүн) мыйзамдарынын сакталышы;
- билим берүү стандарттарынын жана билим берүү программаларынын дал келиши;
- лицензиялык талаптардын сакталышы;
- аккредитациялануусу сыяктуу бирдиктүү талаптар орун алган.

## 1.2. Жогорку окуу жайларынын укуктук статусун жөнгө салуунун калыптанышы жана өнүгүшү

Жогорку окуу жайларын укуктук жөнгө салуу  коомдук турмуштун бир канча жетилген убактарына дал келет. Алардын калыптанышы өтө бай тарыхка ээ. Анын институционалдык калыптанышы Байыркы орто кылымдарга барып такалат. Алгачкы университеттер Францияда, Италияда пайда болгон.

Жогорку окуу жайларын укуктук жөнгө салуу ошол тарыхый мезгилдин коомдук мамилелеринин тиби менен айкалышып келген. Алар диний, падышалык бийлик же болбосо шаар башкаруу аркылуу мыйзамдык жөнгө салынуу менен ишке ашырылган. Ал мезгилдердеги жогорку окуу жайларын жөнгө салуу бир калыпта жүргүзүлгөн эмес жана чар жайыт тутумдашпаган абалда болгон. Алардын мамилелелери ички корпоративдик ченемдер аркылуу жөнгө салынып келинген.

Жогорку окуу жайлары ошол мезгилдеги буржазиялык экономикалык саясий талаптарды орундатуу менен коштолгон. Жогорку окуу жайларынын бир канча классикалык тиби Германияда пайда болуп, илимий потенциал менен агартуучулук ишмердүүлүгүн бириктирген.

Алгачкы бул жогорку окуу жайынын түзүмү Берлин университетинин статусунда бекилген.  Прусс королу Фридрих Вилгельм тарабынан 1816-жылы 16-октябрда бекилген. Бул статус жогорку окуу жайынын штаттык жадыбалын, окуу процессинин мөөнөтүн, окутуу усулдарын жөнгө салган.

Белгилүү изилдөөчү Т.Ф Ящук:  «жогорку окуу жайларынын немецтик модели көптөгөн Европа мамлекеттеринде кайрадан кабыл алынып анын ичинде XIX кылымда Россияда» [32, 14-27-б.]да кабыл алынган деп жазат.

Кыргызстандагы билим берүү мамилелеринин жөнгө салынышын ченемдик жактан талдоо менен бирдикте анын пайда болуу жана өнүгүү эволюциясына көз чаптырсак бир канча баскычтардан тургандыгы байкалат.

Жээнбаева Ы.Э: «Айта кетүү орундуу кайсыл гана тармактын укуктук жактарын албайлы кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн юридикалык бекилиши менен бирдикте тарыхый процесстердин таасири астында кароого жатат. Бул өз кезегинде ретроспективдүү талдоо жүргүзүүдө Кыргызстандын саясий процесстер менен чогуу карап айрыкча Октябрь революциясынан кийинки мезгилдер менен байланыштырууга болот» [31,  39-40-б.].

Жээнбаева Ы.Э:  «1917-жылдагы Октябрь революциясынан кийин совет бийлигинин алгачкы күндөрүндө жаңы бийликти бекемдөө менен бирдикте социалдык экономикалык чөйрөдө дагы олуттуу кадамдарга барылган. Мындай кадамдардын катарына билим берүү ишмердүүлүгү жаатындагы мамилелерди калыптандыруу жана реформалоону кошсок болот.

Советтик бийлик эски бийликтин тутумун талкалоо менен бирдикте жаңы бийликтин тутумун ошону менен бирдикте билим берүү тутумун түзүүнү камсыздады. Совет бийлигинин алгачкы жылдарында билим берүү чөйрөсүнө өзгөчө көңүл бөлүүнү, билим берүү жаатында түп тамырынан бери реформа жасоо үчүн чараларды көрүү совет бийлигинин алгачкы милдеттеринин бири катары таанылган» [33, 38-б.] деп жазат.

«Билим берүү чөйрөсүн координациялоодо совет бийлигинин алгачкы жылдарында кабыл алынган «Жумушчу крестьян өкмөтүн түзүү жөнүндө» Бүткүл россиялык Советтердин экинчи сьездинин 26-октябрь 1917-жылдагы

Декретин айтууга болот. Бул Декреттин курамы билим берүү эл комиссариатынындагы караган бийлик органдарын аныктаган. Мунун курамында билим берүү эл комиссариаты дагы бар» [33, 39-б.] болчу.

Ы.Э. Жээнбаева: «эң алгачкы билим берүү комиссары болуп А.В. Луначарский дайындалган. Ал 1917-жылы 29-октябрда «Эл агартуу жөнүндө» кайрылуу жасаган. Кайрылууда алгачкы билим берүүнү калыптандыруу негизги багыттарын аныктоо, сабатсыздыкты жоюу боюнча иш чаралар, мугалимдердин маянасын жогорулатуу билим берүү сапаты менен бирдикте светтик билим берүүнү гана түшүнүүнү караган. Ошону менен бирдикте билим берүү комиссияларынын ыйгарым укуктарын аныктоо зарылдыгын жарыялаган.

Бул кайрылууда билим берүүнүн эл комиссары билим берүүнүн мамлекеттик комиссиясына жалпы башкарууну иш жүзүнө ашырууга жүктөгөн. Бул кайрылуу жети бөлүмдөн туруп, билим берүү жаатында мамлекеттик комиссиянын укуктук жана уюшумдук жоболорун так аныктаган. Анын негизги ишмердүүлүк багыттарын ыйгарымдарын милдеттерин аныктаган. Тактап айтканда, билим берүү чөйрөсүн башкаруунун түзүмү, баш ийүүчүлүгү, укук жаратуучулук функцияларын дагы кошо аныктаган» [33, 39-б.].

«Алгачкы жылдардан эле совет бийлиги билим берүү жаатындагы негизги милдет катары билимсиздикти жоюу таанылган. Кандай гана демократиялык коом, бийлик болбосун билим берүү чөйрөсүндө сабатсыздык, түркөйлүк өкүм сүргөн жерде негизги милдет катары ага каршы күрөшүү саналат деп белгилеген. Кыска мөөнөттүн ичинде сабатсыздыкты жоюу үчүн мектептерди ачуу, аларды педагогиканын талаптарына дал келтирүү менен жалпы милдеттүү акысыз билим берүү каралган» [33, 39-б.] .

«Билим берүү жаатындагы педагогторду даярдоо үчүн атайын мугалимдер институтун, семинарийлерди ачуу дагы каралган. Бир дагы чыныгы демократия баштапкы сабаттуулукка гана токтолбошу керек деп белгиленген. Билим берүү бир канча баскычтан турган динден ажыратылган ар бир жаранга бирдей болуусу керек экендиги каралган.

Бардык жарандар үчүн мүмкүнчүлүк болушунча бир канча жогору билим берүү зарыл деп эсептелинген. Мектептен университетке чейинки баскыч табигый болуп, саналыш керек экендиги белгиленген. Жогорку билим окуучунун жөндөмүнө гана негизделип анын үй-бүлөсүнүн абалынан көз каранды болбошун камсыз кылуу каралаган»[33, 39-б.].

Ы.Э. Жээнбаева: «белгилей кетүү керек бул кайрылуунун бир бөлүгүндө атайын бөлүм каралып ал «окутуу жана билим берүү» деп аталган. Совет бийлиги бир гана сабатсыздыкты жоюу менен байланышкан иш-чараларды гана карабастан, билим берүү чөйрөсүнүн түзүмүн башкаруу органдарынын ыйгарымдарын дагы караган. Атайын бөлүмдө борбордук орган менен жергиликтүү өзүн өзү башкаруу органдарынын мамилелери каралган.

Мамлекеттик билим берүү комиссиясы билим берүү мекемелеринин борбордук органы катары саналбай, бардык мектептер жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдарына берилиши керек экендиги каралган»[33, 39-б.].

«Дагы бир маанилүү жагы катары бул кайрылууда билим берүүнүн баскычтык тартипте ишке ашыруу менен жогорку билим алууга социалдык абалына карабастан жөндөмүнө жараша алуу зарылдыгы каралган. Өзүнчө бир бөлүмдө мамлекеттик комиссия билим берүү жаатында мыйзам долбоорлорун, кайра карап чыгуу менен билим берүүнүн кайра уюштуруу боюнча мамлекеттик институтка айландыруу каралган. Комиссянын мыйзам долбоорлорун карап чыккандан кийин аны эч кандай канцеляриялык бюрократиясыз ишке киргизүү каралган» [33, 39-б.].

«1917-жылы билим берүү эл комиссариатында мектептен тышкары атайын бөлүм ачылып аны Н.К Крупская жетектеген. Анын негизги ишмердүүлүгүнүн багыты катары өлкөдөгү сабатсыздыкты жоюу саналаган.

Ал эми 1919-жылы мектептен тышкары билим берүү боюнча бүткүл Россиялык съезд чакырылып анын негизги максаты «РСФСРдин калкынын сабатсыздыгын жоюу боюнча» Декреттин проекти даярдалган.

РСФСРдин Эл комиссарлар совети 1919-жылдын 26-декабрында «РСФСРдеги сабатсыздыкты жоюу боюнча» Декрет кабыл алынган. Бул

Декреттин мазмунуна кайрылсак Советтик Россияда жашаган 8 жаштан 50 жашка чейинки калк эгерде жазууну окууну билбесе өз эне тилинде, же орус тилинде сабаттуулукка окууга милдеттендирилген» [33, 39-б.].

«Ар кандай булактардагы маалыматтарды карасак 20-жылдардын башында Россияда 30% пайыздан 40% пайызга чейинки гана калктын сабаттуу катмары бар экендигин жазышат.

Октябрь революциясы жеңип чыккандан кийин коомдук турмуштун бардык катмарында түп тамырынан бери кайра курууну карап анын ичинде жалпы сабаттуулукка күрөш жарыяланган. Бул өз кезегинде коомдук мамилелердин анын ичинде билим берүү, эл чарбачылыгында, маданиятта дагы олуттуу реформаларды түзүү зарылдыгын ачыктаган.

Бул Декрет билим берүү жаатындагы маанилүү акты катары таанууга болот. Анткени Орто Азия өлкөлөрүндө аны ичинде Кыргызстанда да сабатсыз калктын катышы жогорку бойдон калгандыгын эске алсак аны жоюу бир канча олуттуу социалдык мааниге ээ экенди келип чыгат» [33, 39-б.].

«Бул Декрет жалпысынын алганда сабатсыз калктын курамын, курагын эске алуу менен сабатсыздыкты жоюу боюнча иш чаралардын мөөнөттөрүн аныктап аны ишке ашыруучу органдардын ыйгарымдарын жана милдеттерин аныктаган.

Калктын билимдүү катмарын сабатсыздыкты жоюу боюнча билим берүүгө тартуу менен эмгек акыларын төлөп берүүнү караган. Сабатсыздыкты жоюуга бардык ишкана мекемелер тартылып, аскердик эмес ишканаларда жумуш убактысы эки саатка кыскарттырылган. Ошол убактагы билим берүү мекемелеринин материалдык негизи өтө начар болгондуктан билим берүү үчүн элдик үйлөр, чиркөөлөр, завод фабрикадагы жайлар ылайыкташтырылып, колдонууга берилген. Сабатсыздыкты жоюу иш-чараларына катышпаган сабатсыз адамдарга кылмыш жоопкерчилигине тартуу каралган» [33, 39-б.].

Ы.Э. Жээнбаева: «билим берүү мамилелерин жөнгө салуунун маанилүү актысы катары 1918-жылдагы РСФСРдин Конституциясын айтууга болот.

Совет бийлигинин биринчи Конституциясы билим берүү тармагын социалдык маанилүү тармак катары саноо менен коомдун, экономиканын өнүгүшүнө билимдүү адамдардын зарылдыгы, жалпы өлкө боюнча сабатсыздыкты жоюуну ишке ашыруу мамлекеттик саясаттарынын негизги багыттарынын бири катары тааныган» [33, 39-б.].

РСФСРдин Конституциясынын: «17-беренеси жумушчу дыйкандарга билим алууга жеткиликтүү болуш үчүн негизги милдеттеринин бири катары жумушчуларга, жакыр дыйкандарга толук ар тараптуу акысыз билим берүүнү караган. Бул жерде айта кетүү орундуу билим берүүнүн баскычтары, билим берүү мекемелери, жогорку билим берүү мекемелери боюнча ченем жок болуп бир жактуу билим алууга болгон укукту камсыздоону көздөгөн» [34, 582-б.].

РСФСРдин 1924-жылдагы Конституциясы: «дагы билим мамилелерин жөнгө салуу боюнча беренени карап тексти 1918-жылдагы текст менен бирдей эле болуп сан катары гана алмашкан» [35, 218-б.].

Октябрь революциясынан кийин жаңы бийлик жаңы адамды тарбиялоодогу маанилүү интеллектуалдык жана идеологиялык мазмунга ээ болгон. 1920- жылдан баштап жогорку окуу жайларын мамлекеттик жөнгө салуу бир канча басымдуулук менен ишке ашырылган.

1922-жылы «Жогорку окуу жайлары жөнүндө» Жобо кабыл алынган [36]. Бул Жободо жогорку окуу жайларына бир канча милдеттер коюлган аларга;

-илимий техникалык ишмердүүлүк менен алектенүү;

- кадрларды түзүү;

- илимий кызматкерлерди даярдоо;

- илимий билимдерди пролетариатка таркатуу сыяктуу маселелер коюлган.

Айта кетүү орундуу жогорку окуу жайларында факультеттерди түзүүгө, кээ бир шайлоо жолу менен калыптануучу түзүмдөр орнотула баштаган.

Жогорку окуу жайларын жетекчиликке алуу максатында агартуу эл комиссариатында кесиптик техникалык мектептерди жана жогорку окуу жайларын башкаруучу башкы бакшарма түзүлгөн.

1924-жылдагы Конституция билим берүү жаатындагы маселелерди өз алдынча чечүүгө союздук республикаларга уруксат берген.

Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн 1929-жылдагы тунгуч Конституциясы:

«билим алууга болгон укукту карап 9-беренеде ар тараптуу акысыз билим берүүнү караган» [37].

Ы.Э.Жээнбаева: «Айта кетүү орундуу билим берүү мамилелерин, анын ичинде билим алууга болгон укуктун алгачкы конституциядагы тексти РСФСРдин 1918-жылдагы тексти менен бирдей болгон.

СССРдин 1936-жылдагы Конституциясы: «121-беренеде билим алууга болгон укукту бир канча кеңири карап аны бир гана укук эмес, милдет катары да тааныды. Жалпы билим менен кошо жогорку билимди да акысыз алууну, аларга стипендия берүүнү да караган» [33, 39-б.].

Жогорку окуу жайларын жөнгө салууда бир катар олутуу өзгөрүүлөр 1930 жылдарга дал келет. 1933-жылы Бүткүл союздук жогорку техникалык билим берүү комитети түзүлгөн. Ал эми 1946-жылы орто жана жогорку билим берүү министрлиги түзүлгөн.

Жогорку окуу жайынын ишмердүүлүгүн жөнгө салуучу туңгуч ченемдик акт катары 1934-жылы 27-февралда кабыл алынган «жогорку окуу жайларынын типтүү уставы» саналат. Бул Устав: жогорку окуу жайларынын ишмердүүлүгүн жөнгө салуу менен локалдуу акты болгон өздөрүнүн Уставдарын кабыл алууга шарт түзгөн. Уставдын түзүмүндөгү талаптар катары жөнгө салынуучу мамилелер ички түзүмү, административдик башкаруу органдары, түзүмдүк бөлүктөрү болгон факультет, кафедралардын укук жана милдеттерин аныктаган» [38].

Алгачкы Устав: «бир канча өзгөрүү толуктоолорго дуушар болуу менен 1938-жылы жаңы типтүү уставды кабыл алуу менен аяктаган. Бул Устав бир канча жакшыртылып жогорку окуу жайларынын түзүмдүк бөлүктөрүн бир

канча деталдуу кароого жетишкен. Аларга Уставды кабыл алуу эрежелери, жогорку окуу жайларынын мүлкү, ички тартип, башкаруу түзүмү сыяктуу жоболор менен бекемделген» [38].

1937-жылдагы Кыргыз ССРинин Конституциясы: дагы билим алууга болгон укукту тексти жагынан СССРдин Конституциясынын 121-беренеси менен бирдей бекитүү менен өз тилинде окууга жол берилген. Конституциянын 53-беренеси билим берүү Наркоматын» [39] бекиткен.

Ы.Э. Жээнбаева: «1937-жылдардагы Конституциянын билим берүү мамилелерин жөнгө салууда маанилүү өзгөчөлүгү болуп билим берүүнүн административдик башкаруусун негиздеген. Конституциянын 19-беренеси Кыргыз ССРинин жана жогорку башкаруу органдарына баштапкы, орто жана жогорку окуу жайларын жетектөөнү жүктөгөн. Муну менен билим берүү мамилелерин мамлекеттик жөнгө салуу башталган»[40, 39-б.].

Жыйынтыктап алганда, Кыргызстанда билим берүү мамилелерин ченемдик-укуктук жактан жөнгө салуу Советтик мамлекеттин курамында жүргүзүлүп, кийин өз алдынча өнүгүү жолуна түшүп, улуттук билим берүү тутумун калыптандыруу менен аяктады. Айта кетүү орундуу билим берүү тармагын укуктук жактан жөнгө салынышы негизги мыйзамыбыз болгон тунгуч Конституциябызда дагы бекилип негизги укуктук булак катары таанылды.

Совет мезгилинин алгачкы жылдарындагы билим берүү мамилелерин укуктук жактан жөнгө салуу тарыхый процесстер менен коштолуп өзүнүн чыйырын Октябрь революциясынан кийин баштап, алгач Совет мамлекетиндеги ченемдер менен, ал эми 1929-жылдагы Конституция кабыл алгандан кийин өз алдынча жөнгө сала баштады.

Билим берүү мамилелерин мамлекеттик жөнгө салуу боюнча ыйгарым укуктар 1936-жылдагы Кыргыз ССРинин Конституциясында бекилди. Дагы бир өзгөчөлүк катары билим берүү мамилелери бир канча диффренцияланып башталгыч, орто кесиптик жана жогорку болуп бөлүнгөндүгү саналды.

Кыргызстандагы жогорку окуу жайларынын пайда болушу жана калыптанышы анын мамлекеттүүлүгү менен тыгыз байланышта экендиги ачыкталат.

1924-жылдардын аралыгында Орто Азияда мамлекеттик формадагы калыптанган үч гана республика өкүм сүргөн аларга Түркестан, Бухара жана Хорезм республикалары калыптанган.

Орто Азиядагы улуттук аймактык бөлүнүүнүн натыйжасында 14-октябрь 1924-жылы Кара-Кыргыз автономиялуу областы катары түзүлгөн. Ал эми 1925-жылы 25-майда Кыргыз автономиялуу областы катары кайра түзүлгөн. Ал эми 1-февраль 1926-жылы Кыргыз автономиялуу Республикасы катары калыптанган [41, 73-б.].

РСФСРдин Борбордук Аткаруу комитети 1925-жылдын 25- октябрында агартуу институтун ачуу боюнча чечим кабыл алган. Бул өз кезегинде жаш автономиялуу республиканын педагогикалык кадрларын даярдоо көйгөйлөрүн чечүүгө багытталган.

Бул чечим Кыргызстандагы эң алгачкы окуу жайларынын калыптанышына жол ачып 1928-жылы Кыргыз борбордук техникуму болуп кайрадан түзүлгөн. Ал эми 1932-жылы алгачкы Кыргыз педагогикалык институту калыптанган.

Бул өз кезегинде 1951-жылы 21-майда Кыргызстандагы эң алгачкы университеттин башкача айтканда жогорку окуу жайынын калыптанышына өбөлгө түзгөн.

Кыргызстан эгемендүүлүк кабыл алгандан кийин бул окуу жайы 1993-жылы 11-августта республиканын илимий жана интеллектуалдык чөйрөсүнө өзгөчө салым кошкондугуна жана жогорку квалификациялуу адистерди даярдоодогу салымын эске алып «Кыргыз мамлекеттик универститетин» Кыргыз мамлекеттик улуттук университети деп кайрадан түзүлүү боюнча Президенттин Указы жарыяланган [42].

Бул Указдын негизинде Кыргыз Республикасынын өкмөтү токтом кабыл алып Кыргыз мамлекеттик университетине «улуттук» деген статус берип, анын

жобосун иштеп чыгуу жана түзүмдүк бөлүктөрүн түзүү боюнча уюштуруу комитетин түзгөн [43].

Өлкөбүздөгү жогорку билимдүү адистердин жетишсиздиги өткөн кылымдын 30-жылдарынан баштап бир канча актуалдуу көйгөйгө айланып жаш Кыргыз мамлекетинин экономикалык социалдык өнүгүшүн камсыз кылууда орунттуу орунга чыккан.

Кыргызстандагы жогорку окуу жайларынын тиби немец моделинин үлгүлөрүнө окшош калыптанган. Жогорку окуу жайларынын калыптануу мезгили боюнча талдоо төмөнкүдөй тыянактарды берди:

-жогорку окуу жайларынын ачылышы Кыргызстандагы идустрализациялашуу дооруна тура келет;

- адистердин, айрыкча педагог жана инженердик адистиктердин жетишсиздиги окуу жайынын ачуунун себеби катары кызмат кылган;

- жогорку окуу жайлары административдик тескөө ыкмасы менен ачылган;

- жогорку окуу жайлардын ишмердүүлүгү токтом, чечим сыяктуу тескөө ченемдик актылары менен жөнгө салынган;

-жогорку окуу жайлары типтүү Уставдын негизинде иш алып барышкан:

-жогорку окуу жайы мамлекеттик эсептен толук каржыланган;

- жогорку окуу жайынын ыйгармыдары чектелген абалда болгон жана түзүмдүк бөлүктөрү өтө өз санда аракеттенген.

-өз алдынча ченемдик укуктук актылар өтө аз санда болгон.

Жогорку окуу жайларынын ишмердүүлүгү жалпыланган нормалар менен жөнгө салынып, деталдуу каралган эмес.

Ыйгарым, укук жана милдетерин ишке ашырууда администртаивдик усул басымдуулук кылган, ошону менен бирдикте жогорку окуу жайларынын укуктук абалы административдик мүнөздө болгон.

Жалпылап алганда Кыргызстандагы жогорку окуу жайларынын калыптануу жана аракеттенүүсү борбордук башкаруу аркылуу жөнгө салынган. Ошону менен бирдикте Кыргыз ССРинин 1929-жылдагы, 1936-жылдагы

Конституциялары акысыз билим алууну бекитүү менен улуттук мыйзам актыларынын тармагында билим алуу укугун калыптанышына шарт түзгөн.

Өлкөнүн түштүк аймагында дагы 1939-жылы Кыргыз ССРинин Эл комиссарлар Советинин 10 август 1939 жылы №1142 токтому менен Ош мугалимдер институтунун уюшулушу менен аяктаган [44]. Ал эми 1951 жылы СССРдин министрлер советинин №1759 [45] токтому менен Ош мамлекеттик педагогикалык институту түзүлүп, 1992-жылдын 17-июнундагы Кыргыз Республикасынын Президентинин №202 Указы [46] менен Ош мамлекеттик университетине кайра түзүлгөн.

Кыргызстандагы техникалык жогорку окуу жайларынын калыптанышы дагы мамлекеттин көз жаздымында калган эмес. Советтик Кыргызстандын индустриялизациялоо инженердик техникалык адистердин жетишпестиги жана өтө таңкыстыгы келип чыккан.

Ушул жагдайларга байланыштуу Борбордук комитеттин секретары И. Раззаков, министрлер советинин төрагасы А. Суеркулов СССРдин борбордук комитетине 17-июнь 1954-жылы кат менен кайрылган. 1953 жылдагы техникалык факультеттин бул көйгөйлөрдү чечүүдө алсыздык кылып жаткандыгын белгилешкен.

Мына ошого байланыштуу 1-сентябрь 1954-жылы техникалык факультеттин базасында тоо, энергетикалык, технологиялык жана курулуш адистиктери боюнча өз алдынча политехникалык институту ачуу уруксатын суранышкан.

1954 жылы 24-августта СССРдин министрлер советинин № 9309-р чечими менен Фрунзе политехникалык институту ачылган [47]. Бул токтомдун негизинде 11-сентябрь 1954-жылы Кыргыз ССРинин министрлер советинин токтому бекитилген.

Демек, Кыргызстандын совет мезгилиндеги жогорку окуу жайларынын ачылышы жана укуктук жөнгө салынышы жыйырманчы кылымдын экинчи жарымынан баштап бир катар натыйжалуу болгон.

Ошону менен бирдикте совет мезгилиндеги борбордук башкаруу жогорку окуу жайларынын пайда болушунда өз ролун ойногон. Жогорку окуу жайларын ачуу СССРдин министрлер советинин коллегиялдуу чечиминин негизинде ишке ашырылган.

1961-жылы, 21-мартта СССРдин министрлер совети «СССРдеги жогорку окуу жайлары жөнүндө» Жобону бекитти. Бул жобо дагы типтүү уставдагы жоболорду конкреттештирүү менен олуттуу өзгөчөлүктөрдү караган эмес.

Жалпылап алганда жогорку окуу жайларын жөнгө салуу совет мезгилинде бир катар жоболорду кабыл алуу менен бирдикте жогорку окуу жайларынын укуктук статусун ички түзүмүн бир канча деталдаштырып жөнгө салган.

Изилдөөчү Т.Ф. Ящук: «совет мезгилиндеги жогорку окуу жайларынын укуктук жөнгө салуусун бир катар өз алдынча этаптарга бөлөт»[48, 14-27-б.];

Октябрь революциясынан кийин 1930-жылдар;

- 1930-жылдардан 1950-жылдар;
- 1950-жылдардан 1980-жылдар.

Жогорку окуу жайларынын пайда болушу адмнистративдик тескөө ыкмасы менен уюштурулуп ишке ашырылгандыгын жана мамлекеттик органдардын баш ийүүсүндө түзүлгөндүгү менен мүнөздөлөт.

Дагы бир белгилей кетчү нерсе жогорку окуу жайларынын укуктук абалы так аныкталбастан ички ыйгарымдары укук жана милдеттери административдик башкаруу усулу менен жөнгө салынган.

Өткөн кылымдын экинчи жарымынан баштап СССРде жогорку 856 окуу жайы аракеттенип анын ичинде 65 университет иш жүргүзгөн [49, 23-б.].

1990-жылдардан баштап Советтик курамга кирген мамлекеттерде кайра куруу коомдук саясий кайра жаралуулар активдешип, коомду демократиялаштыруу, ачык айкындык, адам укуктары жана эркиндиктери деген лозунгдар чыга баштаган. Пландуу экономикага негизделген экономикадан базар экономикасына өтүү, коомдук турмуштун баардык чөйрөсүн либералдаштыруу сыяктуу иш аракеттер күч алган.

Бул өз кезегинде коомдогу терең социалдык жана экономикалык кайра куруулар адамдардын дагы адеп ахлактык, маданий өнүгүүсүз мүмкүн эместигин алдыга сүрдү. Бул өз кезегинде адамдын билимин, эркин чыгармачыл өнүгүүсүн камсыз кылбастан туруп мүмкүн эместигин ачыктады. Бул жерде билим берүү тутумун, анын ичинде жогорку окуу жайларынын тутумун дагы кайрадан карап чыгуу зарылчылыгын жаратты.

Рынок мамилелери жогорку окуу жайларынын өкүм сүрүүсүнө бир канча татаал шарттарды аны менен кошо укуктук абалын кайрадан карап чыгуу зарылчылыгын, алардын өз алдынчалуулугун камсыз кылуу сыяктуу суроолорду койду.

Мына ушундай шарттарда СССРдин Президенти М.С. Горбачевдун 12-ноябрь, 1990-жылы «Жогорку окуу жайларынын укуктук статусу жөнүндө» Указы кабыл алынды. Бул Указда жогорку окуу жайларынын укуктук абалын жөнгө салуу боюнча олуттуу өзгөрүүлөр киргизилди. Тактап айтканда жогорку окуу жайларына төмөнкүдөй мүмкүнчүлүктөр берилди;

-жогорку окуу жайларынын демилгеси менен аларга уставдын негизинде өзүн өзү башкаруу уюму катары аракеттенүүгө мүмкүнчүлүк берилип мындай укук аккредитациядан өткөндөн кийин, уставынын катталышы;

-мамлекеттик негизги фонддогу менчиктеги мүлктөрдү берүү;

- СССРдин элге Билим берүү жөнүндө мыйзамында мындан келип чыккан жоболорду эске алуу;

-СССРдин министрлер советине жогорку билим берүүнү өнүктүрүү боюнча программаны кабыл алуу менен аккредитациялоо тартибин аныктоо, мамлекеттик бюджеттен каржылоо көлөмүн аныктоо жана башка социалдык илимий программаларды ишке ашыруу жактарын караган [50].

Бул ченемдик акт Жогорку окуу жайларынын анын ичинде Кыргыз ССРинин жогорку окуу жайларынын укуктук статусун жөнгө салуудагы бир канча олуттуу кадам болду.

Жогорку окуу жайлары административдик борборлоштурулган жана ведомстволук башкаруудан бир канча ажырымдаштырылып, өз алдынчалуулук

мүмкүнчүлүгүн алды. Ошону менен бирдикте жогорку окуу жайларын укуктук абалын жөнгө салууда Уставдын болушу анын катталышы, ыкчам башкаруудагы мүлктөрүнүн болушу бир канча өз алдынча уюм катары кароого шарт түздү.

Бул ченемдик акт жогорку окуу жайларынын укуктук абалын жөнгө салууда чоң бурулуш жасап аларды өз алдынча юридикалык жак катары калыптанышына шарт түздү.

1990-жылдан баштап саясий процесстер бир канча татаалдап советтик өлкөлөр курамына кирген республикалар өз алдынчалуулукка карай жол алышты мунун катарында жаш кыргыз мамлекети дагы бар.

1990-жылы 15-декабрда Кыргызстан өз эгемендүүлүгүн жарыялап өз алдынча мамлекет катары саясий эркин билдирди.

Бул декларациянын 10-беренесинде союздук курамдагы менчиктер өз ара келишимдерге ылайык чечилет. Башка өлкөлөрдүн ишканалары, мекемелери, уюмдары Республиканын аймагында жайгашуусу мүмкүн деп белгиленген [51].

Мындан келип чыккандай көптөгөн мекеме ишканалар Кыргызстан Республикасынын менчигине өтүп, анын ичинде жогорку окуу жайларынын мүлктөрү дагы өздөрүндө калтырылган.

Бул Деклаларация Кыргызстан Республикасынын өз алдынча түтүн булатуусуна жол ачуу менен бирдикте мамлекеттик бийликтин өз алдынчалуулугун орноткон.

Ал эми 1991-жылдын 31-августунда Кыргызстан Республикасы өз көз карандысыздыгын жарыялаган [52]. Муну менен Кыргызстан өз алдынча мамлекет катары көз карандысыз субъект катары өз алдынчалуулугуна жетишти.

Бул Декларациядан кийин Кыргызстандын коомдук турмушунда бир топ олутуу түп тамырынан бери өзгөрүүлөр орун алып, саясий экономикалык, маданий жактан чукул реформалар башталган.

Бул реформалар билим берүү жаатында дагы ишке ашырыла баштаган. Алгачкы эгемендүүлүк Конституциясы дагы билим берүү мамилелерин жөнгө салуну өз алдынча беренеде караган.

Конституциянын 32-беренеси ар бир адамдын жөндөмүнө жараша жогорку билимдин жеткиликтүүлүгүн камсыз кылууну бекитип, билим берүүнүн акылуу кызматтарын дагы жөнгө салган.

Кыргызстан өз алдынча мамлекет катары таанылып эл аралык укуктун субьектиси катары эл аралык мамилелерге кенен катыша баштады. Ошону менен бирдикте бир катар эл аралык келишимдерге кол коюлуп ратификацияланды.

Билим берүү чөйрөсүндө анын ичинде жогорку билим берүү чөйрөсүндө кызматташтык жакшы жолго коюлуп бир катар жогорку окуу жайлары түзүлдү.

Эң алгачкылардан болуп эки мамлекеттин арасындагы Б.Н. Ельцин атындагы Кыргыз-Славян университети ачылды.

Бул окуу жайдын ачылышына Кыргыз Республикасынын Президентинин Указы менен Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жана Россия Федерациясынын Өкмөттөрүнүн [53] макулдашуусунун негизинде ачылган.

Мындан башка дагы бир катар жогорку окуу жайлары уюшулуп алардын учурдагы саны 50дөн ашып кетти.

Ошону менен бирдикте жогорку окуу жайларындагы сапаттык көрсөткүч, адистерди даярдоонун квалификациясы төмөн бойдон калууда. Мындай жагдайларга бир катар себептерди келтирүүгө болот.

Ата-мекендик изилдөөчү Ч.У. Адамкулова учурдагы Кыргызстандын жогорку окуу жайларын сапаттык жактан өзгөртүү зарылчылыгын белгилейт.

Ч.У. Адамкулова: «Кыргызстандагы экономиканы либералдарштыруу анын ичинде билим берүү чөйрөсүн оң натыйжалар менен кошо терс натыйжаларды алып келди деп белгилейт. Ал 1990-жылдан баштап көзөмөлсүз жогорку окуу жайларынын көбөйгөндүгүн, менен чыныгы базар экономикасынын талаптарына дал келбейт» [54, 173-176-б.] дейт.

Изилдөөчү В.И. Байденко: «жогорку окуу жайларындагы улуттук билим берүү тутуму оригиналдуулугун прогрессивдүү жетишкендик катары баалоого болот. Ошону менен алар учурда өз алдынча жабык чөйрөдө калбоосу керек» [55, 46-48-б.] дейт.

Жогорку окуу жайларынын укуктук статусун жөнгө салуудагы маанилүү акт катары Кыргыз Республикасынын 16-декабрь 1992-жылы кабыл алынган «Билим берүү жөнүндө» мыйзамы саналат [2].

Бул мыйзамдын 9-беренеси: «билим берүү уюмдарынын укуктук статусу жөнүндө аныктаманы, 9-берененин 1-пунктунда билим берүү уюмунун уставы каралган. Окуу уюмунун уставында милдеттүү түрдө билим берүү уюмунун аталышы, дареги, уюмдаштыруучулары, укуктук уюшумдук формасы, максаты, ишке ашыруучу билим берүү программалары, аныкталышы белгиленген»[2].

Ошондой эле билим берүү программаларын негизги мүнөздөмөсү, билим берүү тили, кабыл алуу эрежелери, окуу мөөнөтү, окуудан четтетүү тартиби, баалоо критерийлери, акылуу кызматтар, финансылык чарбалык ишмердүүлүгүнүн негизи аныкталышы керек.

Бул мыйзамдын 12-беренеси: «билим берүү уюму деген түшүнүктү караган. Ал эми 13-беренеси жогорку окуу жайын уюмдаштыруучулар болуп мамлекеттик жана жергиликтүү өзүн өзү башкаруучу уюмдарды, жана жарандарды, ата мекендик жана чет өлкөлүк бирикмелерди тааныган»[2].

Бул мыйзам алгачкы билим берүү жаатындагы ченемдик акты болуусу менен бирдикте билим берүү мекемелеринин, уюмдарынын укуктук абалын жалпы формада гана аныктаган. Башкача айтканда билим берүү уюмдарын жалпы карап, өз алдынча ар бир баскычты анын ичинде жогорку кесиптик билим берүү программаларын ишке ашыруучу уюм түшүнүгүн өз алдынча аныктаган эмес. Ал кесиптик орто билим берүү уюмдары менен бирдикте аныкталган.

2003-жылдагы Билим берүү жөнүндө : «мыйзамынын жаңы редакциясы жогорку окуу жайларынын укуктук абалына тиешелүү болгон бир топ

өзгөртүүлөрдү киргизген. Мыйзамдын 9-беренеси уюмдаштыруучулардын өкмөт аралык келишимдерге ылайык болушун, алардын укук жөндөмдүүлүгү лицензия алгандан баштап пайда боло тургандыгын, өзгөчө учурларда «Улуттук» деген статусту ыйгаруу боюнча жоболор каралган. Ошондой эле мыйзамдын 10-беренесинде кошумча уставда талап кылынуучу жагдайлар компетенциясы, башкаруу тартиби, уставдарын өзгөртүү тартиби сыяктуу жоболор каралган» [56].

Жогорку окуу жайларынын укуктук абалын жөнгө салууда дагы бир маанилүү акт катары 2004-жылдын 3-февралында кабыл алынган Кыргыз Республикасынын «Кесиптик жогорку билим берүүнүн билим берүүчү уюмдары жөнүндө» жобо кабыл алынган. Бул жобо жогорку окуу жайларынын уюшумдук укуктук жактарын бир топ толук кандуу жөнгө салган. Бул жободо жогорку окуу жайларынын укуктук статусу анын уюштуруу формасына, аккредитациясына жараша аныкталат деп белгиленген.

Кыргызстандагы жогорку окуу жайларынын укуктук жөнгө салынышын биз дагы бир катар этаптарга бөлүп кароону туура чечтик;

-биринчи этабын 1925-1950-жылдар; СССРдин курамында бул жылдардын аралыгында алгачкы Кыргызстандагы жогорку окуу жайларынын калыптанышын, жогорку окуу жайларынын абалын аныктоочу Уставдын негизинде жөнгө салынышы мүнөздүү ;

-экинчи этабын 1950 - 1990-жылдар; бул жылдардын аралыгында Кыргызстанда жогорку окуу жайларынын ичинде алгачкы университеттердин ачылышы менен жогорку окуу жайларынын ички түзүмдүк бөлүктөрү бир канча кеңейтилип, аларга өз алдынчалуулук берилиши менен мүнөздөлөт;

-үчүнчү этап 1990-жылдан баштап азыркы мезгил; бул мезгилдерде жогорку окуу жайларын жөнгө салуучу атайын ченемдик актылар кабыл алынып, башка укуктук тармактар менен бирдикте комплекстүү жөнгө салуу ишке ашырылган жана жакшыртылган.

Демек, бул бөлүмдү жыйынтыктап жатып бир катар тыянактарды чыгарууга болот.

Кыргызстандагы жогорку окуу жайларды укуктук жөнгө салуу эволюциясы мамлекеттүүлүк менен тыгыз байланышта экендиги ачыкталат;

Ошону менен алгачкы Кыргызстандагы жогорку окуу жайларынын түзүлүшү администртаивдик тескөө усулу аркылуу жүргүзүлгөн;

Жогорку окуу жайлары совет мезгилинде борбордук башкаруу органдарынын чечиминин негизинде түзүлгөн;

Жогорку окуу жайларын укуктук жактан жөнгө салуучу мыйзам актылары примитивдүү түрдө болгон;

- Жогорку окуу жайларын уюштуруу коомдук зарыл талаптар менен шартталган (педагогикалык кадрлардын, инженердик техникалык, технологиялык адистердин жетишсиздиги);
- Жогорку окуу жайларынын укуктук абалы административдик укуктук мүнөздө болуп мамлекеттик органдардын карамагында калыптанган;

# БАП II ЖОГОРКУ ОКУУ ЖАЙЛАРЫНЫН УКУКТУК СТАТУСУНУН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

## 2.1. Жогорку окуу жайларынын укуктук статусунун теориялык усулдук аспектилери

**Изилдөөнүн усулдук негиздерин** илимий таанымдын ар кандай болгон диалектикалык, дедукциялык, индукциялык, синтездөө, ошондой эле грамматикалык, формалдуу юридикалык, тарыхый укуктук, салыштырма укуктук, тутумдук-түзүмдүк, түзүмдүк функционалдык талдоо усулдары түздү.

Кандай гана изилдөө болбосун анын негизин түшүнүк аппараттары түзүп изилденип жаткан кубулуштун укуктук табиятын толук ачып берүү менен анын коомдук башка институттар өз ара байланыштарды жана көз карандылыктарды аныктоо менен байланышкан жапы жана атайын усулдар аркылуу изилдөө артыкчылыктуу.

**Диссертациялык изилдөөнүн обьектиси** болуп жогорку кесиптик билим берүү мекемелеринин билим берүү процессинен келип чыккан уюшумдук, функционалдык милдетттерин, анын ыйгарымдары, укук жана милдеттерди, жоопкерчиликти жөнгө салуучу ченемдердин жыйындысынан турган коомдук мамилелердин тутуму саналат.

**Изилдөөнүн предмети** болуп Кыргыз Республикасында жогорку кесиптик билим берүү программаларын ишке ашыруу ишмердүүлүгүн жөнгө салган ченемдик укуктук актылардын тутуму саналат.

Изилдөөнүн обьектиси менен предеметин аныктоо, илимий изилдөөдөгү негизги багыттарды чектерди, көйгөйлөрдүн чөйрөсүн аныктоого шарт түзөт. Бул аракеттер изилдөөнүн ар тараптуу обьективдүү илимий негизделген усулдар аркылуу жүргүзүүгө шарт түзөт. Изилөөнү жүргүзүүдө усулдук жактан жандашуу өтө маанилүү. Ал изилдөөнүн жалпы мүнөздөмөсүнө коюлган суроолорго жооп берүүгө көмөктөшөт.

Юридикалык илимдеги изилдөө процесси өзгөчөлүккө ээ болуу менен бирдикте дефинициялык, аныктама жана үшүнүк аппараттары сыяктуу категорияларды кароо өзгөчө мааниге ээ.

Кыргызстандагы имшердүүлүк жүргүзүп жаткан блим берүү уюмдары, анын ичинде жогорку кесиптик билим берүү менен байланышкан түшүнүк категорияларын аныктоо мыйзамдын туура колдонулушу менен бирдикте анын так сакталышын камсыз кылат. Ченемдик жөнгө салуудагы түшүнүк категоияларынын укуктук табияты жана маани маңызын так аныктоо мыйзамдык жөнгө салуунун толук кандуулугун камсыз кылат.

Изилденип жаткан жогорку окуу жайларынын укуктук статусу менен байланышкан түшүнүк аппараттары дагы бир канча маанилүү орунга ээ. Анткени түшүнүк аппараттары аркылуу ченемдик жөнгө салуудагы кубулуштардын сандык сапаттык, жалпылык жана өзгөчөлүк белгилерин жөнгө салуунун чөйрөсүн так аныктоого мүмкүнчүлүк берет. Илимий изилдөөлөрдөгү түшүнүк аппаратты изилдөөнүн аныкталган чектерде объектиси менен предметинин аралыгында талдоого алардын теориялык жана практикалык маанисин кеңири чагылдырууга жардам берет.

Илимий эмгекте түшүнүк аппараттарын изилдөө бул жол картасы сыяктуу изилдөнүн чектерин, усулдарын, алардын учурдагы актуалдуу суроолорун, изилдөөнүн объектиси, предмети, изилдөө усулдарын, илимий жаңылыгын, теориялык жана практикалык маанисин өзүнө камтуу менен бирдикте жүгүзүлгөн изилдөөнүн илимий баалуулугун ачып берет десек жаңылышпайбыз.

Илимий изилдөөдөгү алгачкы кадам анын актуалдуулугундагы көйгөйлөрдү, боштуктарды, коллизияларды, аныктоо менен башталат. Анын социалдык, укуктук, экономикалык жактарын коомдук жөнгө салуунун натыйжалуулугун, укук тартиптин сакталышын камсыз кылуу акыр аягында адам укуктары жана эркиндиктерин сакталышы сыяктуу маселелерди кароо шартын коет.

Россиялык илимпоз И.Н. Кузнецов: «көйгөйдү коюу менен изилдөөчү,

башта окуп үйрөнүлбөгөн эмнени окуп үйрөнүү керек» [57, 33-б.] дейт.

Белгилей кетүү керек жогорку окуу жайларынын укуктук статусун изилдөөдө дефинициялык нормалар кең орун алган.

Учурдагы укуктук жөнгө салууда дефинициялык нормаларды так аныктоо, алардын туура колдонулушуна шарт түзбөстөн, мыйзамдуулуктун кала берсе адам укуктарын жана эркиндиктерин так сактоого шарт түзөт.

Коомдук мамилелерди жөнгө салуудагы аныкталган юридикалык техниканын талаптарын аткаруу зарылчылыгы бар. Кыргыз Республикасынын: «ченемдик актылар жөнүндө» [58] мыйзамдын 11- беренеси мындай талапты орнотот.

Демек, коомдук мамилелерди жөнгө салуудагы юридикалык техниканын талаптары жөнгө салудагы түшүнүк аппараттарын, сөздөрүн так кыска колдонулушун камсыз кылат.

Ар бир чөйрөнү ченемдик жөнгө салууда өзүнө тиешелүү атайын же болбосо универсалдуу терминдери колдонууну шарттайт. Бул өз кезегинде «Билим берүү жөнүндө мыйзамдын» сакталышына жолтоо болуу менен аны колдонуучулар тарабынан өз кароосу боюнча жыйынтык чыгарууга шарт түзүү менен бирдикте коррупциялык тобокелчиликтер менен толукталат.

Ченемдик жөнгө салууда грамматикалык усул дефинитивдик нормаларды аныктоодо маанилүү орундуу ээлейт. Анткени жогорку окуу жайларынын укуктук абалын изилдөөдө андагы түшүнүк ченемдердин маани-маңызын аныктоо аркылуу жетишүү болот. Мына ошондуктан мыйзамдык жөнгө салуудагы грамматикалык, лексикалык, семантикалык талдоо грамматикалык жактан алып караганда укуктун тилин бир канча толуктугун түшүнүктөрдү камсыздоого шарт түзөт [59, 62-б.].

Укуктун ченеминин маани маңызын аныктоо ченемдик актынынын түшүнүгүн тактоого шарт түзөт.

Белгилей кетүү керек жогорку окуу жайлардын укуктук уюшумдук формасын аныктаган түшүнүк аппараттары колдонулган. Укуктук жөнгө салуудагы граждандык кодексте: «уюм түшүнүгү аныкталган эмес,

граждандык кодексте «мекеме» аныктамасы коммерциялык эмес юридикалык жак катары укуктук уюшумдук форма каралган. Бул өз кезегинде жогорку окуу жайдын укуктук абалын так берет» [68].

Жогорку кесиптик билим берүү мекемелеринин укуктук статусун жөнгө салган окуу жайларынын түрү, аларды айрымалоо критерийлери толук кандуу аныкталган эмес.

Демек, түшүнүк аппартттарын изилдөө аркылуу юридикалык практиканы эске алуу менен бирдикте жогорку кесиптик билим берүү мекемелеринин аталыштарын өзгөчөлүктөрдү аныктоо зарылчылыгы жатат. Бул көйгөйлөрдү чечмелөө жогорку окуу жайлардын түрүн аныктоого, алардын биринен экинчисин айрымалоого жардам берүү менен бирдикте анын укуктук статусун аныктоодогу өзгөчөлүктөрү орун алгандыгын көрүүгө болот.

Жогорку кесиптик билим берүү мекемелеринин укуктук статусунун уюшумдук, билим берүү, административдик жактарынын калыптанышын усулдук жактарын талдоодо тарыхый укуктук усул бир канча артыкчылыктуу.

Кандай гана кубулуш анын ичинде укуктук кубулуштун пайда болуусу, өзгөрүүсү жана аракеттенүүсү сыяктуу суроолорду чечүүгө жардам берет.

Жогорку окуу жайларынын пайда болуусу жана калыптануусу укуктук жактан жөнгө салуу суроолорун башка коомдук институттар менен чогуу кароого мүмкүнчүлүк берет. Кыргызстандагы жогорку окуу жайларынын калыптануусун кыргыз мамлекеттүүлүгү менен бирдикте, бийлик бутактарынын калыптануусу, социалдык жана экономикалык чөйрөлөр менен чогуу кароого мүмкүнчүлүк берет.

Кыргызстандагы алгачкы окуу жайларынын пайда болушу Кыргызстандын индустриализациялоо башкача айтканда өткөн кылымдын 30-жылдарынын башталышы менен белгилөөгө болот.

Кыргызстандагы индустриализациялоо мезгилиндеги билимдүү кадрлардын жетишсиздиги менен бирдикте өз алдынча республика катары жогорку билим берүүнүн түптөлүшү менен жыйымдуу изилдөө зарыл. Советтик укуктук доктринада укуктук мамилелерди жөнгө салуудагы

мамлекеттин өзгөчө кароосунда башкача айтканда монополиясында болушу, борбордук башкаруунун болушу, жеке менчиктен караганда мамлекеттик ээлик кылуу үстөмдүк кылуу сыяктуу суроолор эске алынуусу менен түшүндүрүлөт.

Жогорку окуу жайларынын укуктук статусунун калыптануу жана өнүгүү өзгөчөлүктөрүн талдоо анын административдик укуктук мүнөздүн басымдуулук кылуусун белгилей кетүү керек. Ошол эле учурда партиялык система дагы өзгөчө орунга ээ болгон. Жогорку окуу жайларынын калыптанышын министрлер совети чечүүчү ролду ойногон.

Мындай көз караштарды бир топ окумуштуулар дагы колдошот. Юридикалык адабияттарда билим берүү чөйрөсүнүн укуктук жөнгө салынуусундагы административдик укуктук жандашуунун басымдуулук кылганын айтып келишет.

Ю. М. Козлов: «административдик укуктук мамилелер аткаруу тескөө ишмердүүлүгүн жөнгө салуудан келип чыгып, башкача айтканда чарбалык, социалдык, маданий курулуштан келип чыгат» [60, 42-б.] дейт.

Бирок кээ бир окумуштуулар социалдык маданий чөйрөдөгү ишмердүүлүк административдик чарбалык укуктук мамилелерге таандык кылууга болбойт» дейт.

Билим берүү чөйрөсүн көбүнчө жарандык укуктук мамилелерге таандык кылган окумуштуулар катарын Н.С. Малеин толуктайт [61, 33-34-б.].

Советтик укуктук доктринада административдик усул басымдуулук кылгандыгы белгилүү. Мындай басымдуулукка билим берүү тармагы анын ичинде жогорку кесиптик билим берүү тармагы да чалдыкканын белгилей кетүү керек.

Демек, жогорку окуу жайларынын калыптануусунда укуктук жөнгө салынуусунда административдик тескөө усулу аркылуу жөнгө салынуусу мүнөздүү. Жогорку окуу жайынын укуктук уюшумдук формасы мамлекеттик статуска ээ болуу менен анын мүлктөрүн ыкчам башкарууда, чарбалык жүргүзүүдө болгон. Жогорку окуу жайы автономиялуулугу өтө чектелген

абалда болгон. Жогорку кесиптик билим берүү мекемелеринин укук жана милдеттери примитивдүү аныкталган. Өз алдынча жөнгө салуучу мыйзам актысы болгон эмес.

Биздин илимий изилдөөдө, окуу жайдын ичиндеги ыйгарымдарды талдоодо изилдөөнүн кеңири таралган усулдарынын бири болгон тутумдук, тутумдук - түзүмдүк, функционалдык, формалдуу логикалык усулдардын жардамы аркылуу талдоо максатка ылайыктуу.

Анткени билим берүү мекемелери юридикалык жак катары жалпы ачык коомдук мамилелерде тутумдук түзүлүшкө ээ. Анткени алар;

- бирдиктүү максатка жетүү үчүн багытталган;

-жогорку окуу жайлары юридикалык жак катары уюмдашкан биримдикке ээ;

Ошондой эле негизги мыйзам болгон Кыргыз Республикасынын Конституциясында каралган - жарандардын жогорку билим алуу укугун ишке ашыруу менен байланышкан.

Билим берүү мыйзамындагы билим берүү программалары бир канча баскычтуу болгондуктан аларды бир тутум ичинде кароо менен өз алдынча да кароо зарылчылыгы бар.

Билим берүү мамилелеринин тутумдуулугу алардын өз алдынча баскычтан турган элменттер менен тыгыз байланышат экендигин белгилей кетүү керек. Мисал катары жогорку билим алуу үчүн жаран жалпы орто, же орто кесиптик билмге ээ болуусу шарт. Бул өз кезегинде жогорку кесиптик билим берүү программалары өз ара иерархиялык байланыш менен чырмалышып көз карандылыкка ээ.

Жогорку билим берүү мекемелери жалпы ачык укуктук мамилелерде билим берүүнү башкаруу боюнча борборлоштурулган органдар менен өз ара катышат. Билим берүүнүн борборлоштурулган органдары да иерархиялык тутумга ээ болуу менен кол астындагы баш ийүү абалында аракеттенишет. Билим берүү мекемелеринин укук субъективдүүлүгүнүн милдеттүү белгилери болгон иш ракттерди ишке ашыруу ыйгарымына ээ болушат.

Демек, жогорку кесиптик билим берүү мекемелеринин укуктук абалын талдоодо изилдөөнүн тутумдук, тутумдук- түзүмдүк, түзүмдүк функционалдык усулдар артыкчылыктуу мүнөзгө ээ. Жогоруда аталган изилдөөнүн усулдары жогорку окуу жайларынын укуктук уюшумдук формасын аныктоого (мамлекеттик же мамлекеттик эмес, мамлекеттер аралык), ведомстволук көз карандуулугун, адистешүүсүн аныктоого мүмкүнчүлүк берет. Ал бир эле учурда жалпы ачык бийлик тутуму менен өз ара аракеттенүүсүнүн натыйжасында калыптанат.

Жогорку кесиптик билим берүү мекемелеринин тутумдук мүнөзгө ээ болуусун бир канча өз ара тутумдук элементтерге ээ болуусу менен түшүндүрүүгө болот;

- субьектилик элементке билим берүү чөйрөсүнүн баардык субьектилери кирет.

Билим берүү мекемелеринин укуктук абалы билим берүү баскычтарын ишке ашыруу ыйгарымдарына жараша аныкталат.

Юридикалык практикада калыптангандай жогору турган билим берүү программаларын ишке ашыруучу мекемелер бир катар билим берүү деңгээлин камтыйт. Ошону менен бирдикте кээ бир учурларда өз ишмердүүлүгүндөгү билим берүү баскычынан жогорку баскычтарды да камтыган учурлар кездешет.

Жогорку кесиптик билим берүү мекемелеринин кызматкерлери, студенттер, билим берүү тармагын башкаруучу борбордук орган, ведомстволук министрликтер.

Нормативдик элементке- билим берүү менен алектеген жактар өз ишмердүүлүгүн жалпы ачык коомдук мамилелерде улуттук мыйзам актыларында, актылары менен бирдикте локалдуу өзүнө тиешелүү актылар менен аракеттенишет.

Саясий элемент- кандай гана коом болбосун анын неизин саясий идеологиялык элемент катышаары орундуу. Мына ошонудктан негизги мыйзам Конституция, тармактык мыйзам актылары, атайын билим берүү мамилелерин жөнгө салуучу мыйзам актылары мамлекетик саясаттын нугу

аркылуу ишке ашырыларын белгилей кетүү керек. Билим берүү мыйзамында мамлекеттик негизги саясаттын принциптери бекилип алар билим берүү ишмедүүлүгүн жөнгө салууда багытоочу көмөкү милдетин аткарат [56].

Экономикалык элемент- кандай гана юридикалык жак болбосун анын экономикалык негизи болмой сайын коомдук мамилелерде өкүм сүрүп жашай албайт. Экономика ар кандай чарба жүргүзүүнүн негизи катары кызмат кылат.

Бул биринчи кезекте мамлекеттик бюджеттен, жеке жактардын салымынын жардамы аркылуу, каржыланышы мүмкүн. Бул коомдук мамилелер тийиштүү фискалдаштыруу менен байланышкан салык, финансы органдары чогуу аракеттенишин шарттайт.

Жогорку окуу жайларынын укуктук статусу динамикалык кыймылдуу мүнөзгө ээ. Ал коомдогу коомдук мамилелерден четте калбастан адекваттуу өнүгүү процесстери менен байланышка ээ.

Учурдагы коомдук мамилелердин глобалдашуусу, интеграциялык процесстер билим берүү тармагына дагы өз таасирин берип билим берүү чөйрөсүндөгү бир топ олуттуу өзгөрүүлөргө алып келди.

Жогорку кесиптик билим берүүдө эки баскычтуу тутумга өтүү (Болон процесси), укуктук уюшумдук формаларынагы мамлекеттик эмес жеке окуу жайларынын ачылышы, жогорку окуу жайларына өзгөчө макамдын берилиши, укуктук уюшумдук формасындагы автономдуу коммерциялык эмес мекемелердин пайда болуусу алардын укуктук статусуна өзгөчө таасир берди.

Ошону менен бирдикте жогорку окуу жайларынын түрлөрү, институт статусун алган билим берүү мекемесинин университетке айланышы, уставдык максаттарга жетүү үчүн пайда келтирүүчү ишмердүүлүктүн уставдагы жөнгө салынуусунун кеңейүүсүнө алып келгендигин белгилей кетүү керек.

Ата-мекендик изилдөөчү Д.П. Шоокумова: «тутумдук -түзүмдүк усул бир гана билим берүү чөйрөсүндөгү мамилелердин тутумун, түзүмдүк бөлүгүн алардын элементтеринин өзгөчөлүгүн гана аныктап бербестен, аларды жөнгө салуучу ченемдердин тутумун, да аныктап, билим берүү чөйрөсүндөгү мыйзам

актыларын тутумдарынын иштөөсүнүнүн натыйжалуулугун да карооого мүмкүнчүлүк берет» [15, 40-46-б.] деген ойду карманат.

Демек, жогорку окуу жайларынын укуктук абалын изилдөөдө, тутумдук, тутумдук- түзүмдүк, түзүмдүк-функционалдык усулдар аркылуу изилдөө артыкчылыктуу деген ойду тутунабыз.

Жогорку окуу жайларынын укуктук статусунун мазмунун укук жана милдеттер, жоопкечилик жана кепилдиктерден турат. Бул элементтерди талдоодо формалдуу юридикалык усул аркылуу жандашуу зарыл.

Учурдагы жогорку окуу жайларынын ишмердүүлүгүн жөнгө салуучу бир канча ченемдик актылар орун алган. Аларды талдоо аркылуу жогорку билим берүү менен алектенген жактардын укуктук статусунун абалын ошондой эле өнүгүү тендецияларын аныктоого болот.

Демек, жогорку окуу жайларынын укуктук статусун грамматикалык, формалдуу логикалык, тарыхый-укуктук, салыштырма укуктук, тутумдук, тутумдук-түзүмдүк, түзүмдүк функционалдык усулдар аркылуу изилдөө жүргүзүлдү.

**Изилдөөнүн обьектиси** Кыргыз Республикасында жогорку кесиптик билим берүү мекемелеринин ишмердүүлүгүн ченемдик актыларынын деңгээлинде укуктук жөнгө салуу процессинен келип чыккан коомдук мамилелер саналат.

Жогорку окуу жайларынын укуктук статусун изилдөөдөгү баштапкы кадам катары жогорку окуу жайларынын өкүм сүрүүсү саналат. Жогоруда изилденгендей жогорку окуу жайларын укуктук жөнгө салуунун алгачкы маселелери ченемдик деңгээлде Октябрь революциясынан кийин гана жөнгө салына баштады. Билим берүү тармагын укуктук жөнгө салууда анын мамлекеттүүлүк менен тыгыз укуктун байланышы аркылуу карооого болот.

Белгилей кетүү керек жогорку окуу жайларынын алгач пайда болуу мезгилдериндеги жөнгө салуу примитивдүү болуу менен ички корпоративдик ченемдер менен жөнгө салынган. Белгилей кетүү керек коомдук мамилелерди

укуктук жөнгө салуу мамлекеттин формасынан, укуктук тутумдун таандыктуулугунан көз каранды.

Жогорку окуу жайларынын алгачкы тибинин Европада пайда болуусу анын өз алдынча модел катары калыптануусуна шарт түзгөн. Жогорку окуу жайларынын Европалык модели бир канча мезгилдер аралыгында өзгөрүүлөргө дуушар болсо дагы негизги калыбын сактап калган. Учурдагы жогорку окуу жайларынын түзүмдүк бөлүктөрү Европалык модел менен айкалышкан.

Жогорку окуу жайларынын укуктук статусунун алгачкы формаларында ички мамилелер гана жөнгө салынган. Кийинчерээк илим менен техниканын өнүгүшү, мамлекттик башкаруунун оптималдашуусу менен бирдикте жогорку билим алууга болгон укуктун бекилиши жогорку окуу жайларынын жалпы ачык бийлик мамилелеринде жөнгө салууга алып келген.

РСФСРдин 1918 жылдагы Конституциясы: «17-беренеси жумушчу дыйкандарга билим алууга жеткиликтүү болуш үчүн негизги милдеттеринин бири катары жумушчуларга, жакыр дыйкандарга толук ар тараптуу акысыз билим берүүнү бекиткен.

Бул Конституцияда билим берүүнүн баскычтары, билим берүү мекемелери, жогорку билим берүү мекемелери боюнча ченем жок болуп, бир жактуу билим алууга болгон укукту камсыздоону көздөгөн» [62] .

1920- жылдан баштап жогорку окуу жайларын мамлекеттик жөнгө салуу бир канча басымдуулук менен ишке ашырылган [63] .

РСФСРдин Борбордук Аткаруу комитети 1925-жылдын 25-октябрында агартуу институтун ачуу боюнча чечим кабыл алган. Бул өз кезегинде жаш автономиялуу республиканын педагогикалык кадрларын даярдоо көйгөйлөрүн чечүүгө багытталган.

Бул чечим Кыргызстандагы эң алгачкы окуу жайларынын калыптанышына жол ачып 1928-жылы Кыргыз борбордук техникуму болуп кайрадан түзүлгөн. Ал эми 1932-жылы алгачкы Кыргыз педагогикалык институту калыптанган.

Жогорку кесиптик билим берүү мекемелеринин укуктук статусунун калыптануу ченемдик бекилүүсүнө Кыргызстандын тунгуч Конституциясы жол ачкан деп айтууга болот. Кыргыз автономиялуу республикасынын 1929-жылдагы Конституциясы:«акысыз билим алууга болгон укукту» [64] караган.

1961-жылы, 21-мартта СССРдин Министрлер Совети: «СССРдеги жогорку окуу жайлары жөнүндө Жобону бекитти. Бул Жобо жогорку окуу жайларынын ишмердүүлүгүн жөнгө салуучу атайын ченемдик акт катары типүү уставдын негизинде карап, жалпысынан алганда жогорку окуу жайларынын ишмердүүлүгүндөгү ыйгарымдардын, милдеттердин олуттуу өзгөрүшүнө алып келген» [65] эмес.

Совет мезгилиндеги окуу жайлардын укуктук жөнгө салууда бир катар жоболорду кабыл алуу менен негизги басым окуу жайларынын ички абалына, ачык бийлик мамилелеринин жөнгө салынышына жасалган.

Бул жобо, окуу жайды башкаруу, түзүмдүк бөлүгүн факультеттердин ыйгарымдарын, алардын мүлктүк мамилелерин жөнгө салууну ишке ашырган.

Эгемендүүлүк жылдарындагы саясий процесстер коомдук турмуштун баардык чөйрөсүнө таасирин тийгизүү менен бирдикте бир катар олуттуу реформалоо менен башталган. Мамлекеттик суверенитет, көз карандысыздык билим берүү жаатындагы мамлекеттик саясатты өз алдынча жүргүзүүгө жол ачты.

Эгемендүүлүк жылдарында билим берүү тармагындагы өз алдынча атайын «Билим берүү жөнүндө» мыйзамдын кабыл алынышы, жарандык кодекстин кабыл алынышы жогорку окуу жайларынын укуктук статусун жөнгө салуудагы ири алдыга кадам катары баалоого болот.

Жогорку окуу жайларынын укуктук статусун жөнгө салууда мамлекеттик укуктук саясаттын тутумдуу жүргүзүлүшү менен бирдикте ченем жаратуучулук ишмердүүлүгүнүн натыйжалуулугу шарттайт.

**Илимий изилдөөнүн предмети** катары жогорку кесиптик билим берүү мекемелерин укуктук статусун жөнгө салган ченемдердин жыйындысын

айтууга болот. Жогорку окуу жайларынын укуктук статусун жөнгө салуучу ченемдердин иерархиясын куроого болот.

Аларга Кыргыз Республикасынын 2021-жылдагы Конституциясы, кодификаицяланган актылар, атайын мыйзам актылары жогорку окуу жайларынын уставдары, коллективдүү келишимдер, локалдуу актыларды киргизүүгө болот.

Белгилей кетүү керек жогорку окуу жайларынын укуктук статусунда негизги мыйзамыбыз болгон Конституция баштапкы булак катары таанылуу менен бирдикте билим берүүнүн жана билим алууга болгон укуктардын негизин орнотту.

2021-жылдагы Конституция: «адам укуктары жана эркиндиктери жаатындагы ченемдерди бир канча тутумдаштыруу менен бирдикте аларды жөнгө салуу предмети боюнча топторго бөлүп карагандыгы ченем жаратуучулук жаатындагы алдыга жылуу катары » [3] белгилей кетүү керек.

Ошону менен Конституция: « менчиктин формасына карабастан билим берүү мекемелеринин ар кандай баскычындагы уюмдарга мамлекет тарабынан бирдей камкордук көрсөтүлүшүн бекитти. Муну менен мамлекет билим берүү мамлекттик саясаттын негизги багыттарынын бири катары» [3] тааныды. Ошону менен бирдикте Конституция өзгөчө социалдык жактан камсыз болууга муктаж болгон аярлуу калктын катмарына кошумча кепилдиктерди кароо менен, кесиптик анын ичинде жогорку кесиптик билим алуунун акысыздыгын бекиткендиги мамлекеттин социалдык нукка карай багыт алгандыгын түшүндүрөт.

Жашы жете элек балдар, кароосуз, багуусунан ажыраган балдардын билим алуусу өз алдынча беренелерде бекилиши билим берүү жаатындагы мамлекеттин эл аралык талаптардын аткарылышын камсыз кылды.

Жогорку кесиптик билим берүү мекемелеринин укуктук статусу бир канча татаал болуу менен бирдикте бир канча укуктук тармактар аркылуу жөнгө салынуусу анын жыйымдуулугун айгинелейт.

Жогорку окуу жайларынын укуктук статусун калыптандыруучу негизги жөнгө салуучу ченем катары «Граждандык» кодексти айтууга болот. Анткени жогорку кесиптик билим берүү мекемесин уюштуруу негиздерин жөнгө салган бир катар маанилүү беренелер Граждандык кодекстте камтылган.

Тактап айтканда жогорку окуу жайларынын уюшумдук негиздери, уюмдаштыруу келишимдери аркылуу кызмат көрсөтүү, уставдык максаттарга жетүү боюнча мүлктөрдүн режими Граждандык кодекс аркылуу жөнгө салынат.

Кыргыз Республикасынын: «ченемдик актылар жөнүндө мыйзамы ченемдик актылардын юридикалык күчү боюнча тизмегин»[58] аныктаган. Жогорку окуу жайлары юридикалык жак катары жарандык укуктун толук кандуу субьектиси болоорун айта кетүү зарыл. Ал өзүнүн ишмердүүлүгүнүн негизги багыттарын жарандык кодекс аркылуу ишке ашырат.

Коммерциялык эмес юридикалык жактардын укуктук уюшумдук формаларын укуктук жөнгө салуу Кыргыз Республикасынын жарандык кодексинде: «жетишээрлик жөнгө салуу ишке ашырылган эмес. Тактап айтканда жарандык кодекстин 85-беренеси мыйзамда каралган башка формада түзүлө алат жобосу бир канча баш аламандыкты жаратат. Бул айрыкча жогорку окуу жайлардын менчиктин формасына жараша укуктук уюшумдук формасына мүнөзүн аныктоодо кыйынчылык» [68] жаратат.

Учурдагы жогорку окуу жайларынын укуктук абалын аныктоодогу борбордук орундагы суроо окуу жайынын уставдык максаттарга жетүү үчүн ишкердүүлүк менен алектенүү укугу саналат. Илимий изилдөөчүлөр арасында бул жагдай бир канча талаш тартыштуу экендигин ата кетүү орундуу. Кээ бир көз караштар анын ичинде биз дагы билим берүү ишмердүүлүгүнүн коммерцизацияланууусуна айланып кетет деген кооптонуу бар.

Учурдагы рынок мамилелери мамлекеттик окуу жайларын дагы өзүн өзү каржылоого өткөрүү талабын коюда. Ошону менен бирдикте жогорку окуу жайына өзүн-өзү каржылоо аркылуу кошумча каражаттарды табуу

максатында пайда алып келүүчү ишмердүүлүк багытын кеңейтүү талабы ортого салынууда.

Ошону менен бирдикте жогорку окуу жайларынын коммерцияланышы анын уставдык максаттарына жетүүсүнө терс таасирин тийгизүү менен жогорку кесиптик билим берүү ишмердүүлүгүн коммерциялык нукка буруп таштайт деген коркунучтар дагы бар.

Биздин оюбузча жогорку окуу жайларынын укуктук уюшумдук формасы «мекеме» түрүндө калуусу бир канча оңтойлуу. Анткени ал коммерциялык эмес уюм катары негизги максатын кесиптик билим берүүнү ишке ашыруу ишмердүүлүгүн жөнгө салуудагы мыйзам талаптарына дал келүү менен анын сакталышын камсыз кылат.

1992-жылы билим берүү мамилелерин жөнгө салуучу алгачкы «Билим берүү жөнүндө» [2] мыйзам кабыл алынды. Мыйзам актысы билим берүүнүн баардык баскычтарын ичине алуу менен бирдикте жогорку кесиптик билим берүү баскычын да камтыган.

Мыйзамдын негизги конструкциясы 2003-жылы кайрадан иштелип чыгып 30-апрелде кабыл алынган [56].

Бул мыйзам актысы бир канча өркүндөтүлгөн болуп билим берүү чөйрөсүндөгү мамилелерди жөнгө салууда бир канча жакшыртылган деп айтууга болот. Бирок бул мыйзам актысынын аракеттенүү учурунда Кыргызстан эки баскычтуу жогорку кесиптик билим берүү программаларын ишке ашырган эмес.

Бул мыйзам актысы бир канча жолу өзгөртүү жана толуктоолорго дуушар болду. Мыйзам актысындагы ондон ашуун билим берүү баскычтары каралып алардын негизги жоболору жалпы тартипте жөнгө салынган. Жогорку окуу жайынын ишмердүүлүгүн жөнгө салуучу бир канча беренелер гана камтылганы болбосо көптөгөн ченемдер универсалдуу болуп баардык баскычтарды камтыган.

Түшүнүк аппараттары өтө аз санды камтыган жана жогорку окуу жайына тиешелүү түшүнүк аппараттары каралган эмес. Билим берүү

ишмердүүлүгүн ишке ашырган мекемелердин уставдары, окуп жаткандардын, ата-энелердин, билим берүү мекемелеринин ыйгарымдары жалпылаштырылган жболор менен бекитилген.

Азыркы мезгилде да жогорку окуу жайларын жөнгө салуучу ченемдик актылар Өкмөттүн токтому менен бекитилип аракеттенгени бар.

Жогорку окуу жайларынын түрүн аныктоодо, «институт», «университет», «академия» сыяктуу терминдер жалпы мааниде гана колдонулуп келген.

Жогорку окуу жайларындагы кесиптик билим берүүнүн аталыштарынын түрлөрүнү айрымалоо критерийлери каралган эмес. Ал негизинен жогорку окуу жайынын баштапкы статусу институт түрүндө пайда болушун гана аныктаган.

Мыйзамда жогорку кесиптик билим берүүдөгү акы алуу менен окутуудагы тараптардын укук милдеттери, эмгек жамаатынын коллективдүү келишими, жогорку кесиптик билим берүү мекемелеринин ченем жаратуулук ыйгарымдары аныкталган эмес. Көптөгөн ыйгарымдар жогорку окуу жайынын уставдарында гана каралган.

Жогорку окуу жайларынын менчиктин түрүнө карабастан алардын уставындагы каралуучу жоболор арасында бирдиктүүлүк жок. Кээ бир окуу жайлары бир канча кеңири укук жана милдеттерди аныкташса, кээ бир уставдарда өтө кыска берилген. Бул өз кезегинде бир канча көйгөйлөрдү жаратат. Так аныкталбаган аракет же аракетсизидик үчүн юридикалык кесепеттердин ордун аныктоо бир канча талаш тартыштуу суроо боюнча калууда.

Жогорку окуу жайларындагы студенттерди кабыл, алуу, которуу, четтетүү сыяктуу суроолор атайын жободо гана каралган.

Маанилүү көйгөй катары жогорку окуу жайларынын укуктук статусунун элементи катары жоопкерчилик окуу жайдын жоопкерчилиги, окуу жайдын жетекчисинин жоопкерчилиги, окутуучу профессордук курамдын жоопкерчилиги, студенттердин жоопкерчилик суроолору бир жактуу каралган эмес.

Эң көйгөйлүү жогорку кесиптик билим берүү мекемелериндеги билим берүү укук бузуу түшүнүгү, билим берүү мамилелеринен келип чыккан укук бузуулардын түшүнүгү аларга карата колдонулуучу укуктук санкциялар аныкталган эмес.

Мыйзамдын жоопкерчилик институтун караган берене жоопкерчиликтин так адресаттарын, түрүн аныктаган эмес. Бул дагы өз кезегинде окуп жаткан студенттердин сапаттуу билим алуусуна тоскоол болот.

Экинчи жолу жогорку кесиптик билим берүү ишмердүүлүгүн жөнгө салуучу атайын өз алдынча мыйзам актысын кабыл алуу зарылчылыгы учурдун талабы.

Биздин оюбузча экинчи жол бир канча рационалдуу натыйжалуу болот деген ойду карманабыз.

Коммерциялык эмес юридикалык жак катары жогорку кесиптик билим берүү мекемелери Кыргыз Республикасынын: «Коммерциялык эмес уюмдар жөнүндө» [66] мыйзамы менен жөнгө салынган. Коммерциялык эмес юридикалык жактардын укуктук уюшумдук формасы жарандык кодекстин негизинде «мекеме» түрүндө аныкталышы керек.

Билим берүү чөйрөсү типтүү коомдук мамилелер курамына кириши маанилүү социалдык институт катары аны мыйзамдык деңгээлде жөнгө салууга шарт түзөт.

Жогорку кесиптик билим берүү мекемелеринин жөнгө салуучу ченемдердин тутумунда локалдуу актылар маанилүү орунга ээ.

Жогорку окуу жайынын билим берүү укуктук статусун локалдуу актылар калыптандырат. Маанилүү орунду жогорку окуу жайынын уставы, коллективдүү келишим, ченем жаратуучулук ыйгарымда саналат.

Белгилей кетүү керек билим берүү мамилелерин жөнгө салган мыйзам актыларындагы талаптарда жогорку кесиптик билим берүү мекемелеринин уставынын түзүмүнө кошумча талаптарды киргизүү зарылчылыгы жатат.

Учурдагы жогорку окуу жайларынын Уставдарын талдоо бир катар боштуктардын орун алгандыгын ачыктайт аларга;

-пайда табуу ишмердүүлүгү;

- коллегиалдуу органдардын жана жеке жетекчинин ыйгарымдары;

-эмгек жамаатынын укуктары милдеттери;

- социалдык жактан камсыздандыруу;

- студенттердин аярлуу катмарына көмөктөшүү;

- бюджеттин айлык каражаттарына чыгымдалуу суммасынын минималдык чектери;

- билим берүү мамилелеринен келип чыккан укук бузууларга жоопкерчилик суроолору каралган эмес.

Окуу жайларына өзгөчө статусту берүү бул суроолордун кээ бирлерин чечүүгө шарт түзөт, бирок баардык окуу жайларына таратылбайт.

Жогорку окуу жайларынын түрүн аныктоодо негизинен эки критерийди эске алган аларга;

-изилдөөнүн жана адистиктердин көлөмү.

Биздин оюбузча бул Жобону мыйзам деңгээлине алып чыгуу менен бирдикте жогорку окуу жайларын жөнгө салуучу өз алдынча мыйзам актысын түзүүгө негиз катары алууга болот. Жогорку окуу жайынын түрүн аныктоодогу бир канча кошумча критерийлерди орнотуу зарыл. Бул критерийлерге;

- кафедранын саны;

- адистиктердин саны:

- окутуучу-профессордук курамдын илимий даражаларынын пайыздык өлчөмү;

- жогорку окуу жайынан кийинки билим берүү программаларынын болушу сыяктуу критерийлерди кошуу зарыл.

Демек, жогорку окуу жайынын укуктук статусунун теориялык усулдук негиздерин талдоо төмөнкүдөй тыянактарды чыгарууга мүмкүнчүлүк берет:

-жогорку окуу жайынын укуктук статусун талдоодо ага коюлган милдеттерге жараша бир канча жыйымдуу болгон жалпы илимий жана атайын илимий усулдардын комплексинде кароону шарттайт.

- жогорку окуу жайларынын түшүнүк аппараты, калыптануу эволюциясын, учурдагы аракеттенүүсүн изилдөөдө грамматикалык, тарыхый усулдук, түтумдук, тутумдук түзүмдүк, түзүмдүк функционалдык, формалдуу юридикалык усулдар аркылуу жандашуу артыкчылыктуу.

Жогорку окуу жайларынын укуктук статусун жөнгө салуудан пайда болгон коомдук мамилелердин жыйындысы статикалык эмес динамикалык мүнөзгө ээ. Ал маанилүү социалдык институт катары экономика, саясат, маданият, мамлекеттин жана укуктун өнүгүүсүнүн жалпы мыйзам ченемдүүлүктөрү менен тыгыз байланышта аракеттенет.

Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» мыйзамы билим берүү жаатындагы мамилелерди бирдиктүү жөнгө салган ченемдерден туруп, жогорку кесиптик билим берүү мекемелердин ишмердүүлүгүн жөнгө салуучу ченемдер алардын тутумдук элементи катары саналат.

Изилдөөнүн объектисин так аныктоо ага коюлган милдеттерди жана максаттарын так аныктоого, аларга жетүү жолдорун ачып берет. Изилденип жаткан теманын объектиси көлөмү боюнча бир катар көлөмдүү экендигине карабастан, анын негизги өзөгүн билим берүү ишмердүүлүгү анын ичинде жогорку билим берүү ишмердүүлүгүн ишке ашыруудан келип чыккан коомдук мамилелер саналат.

Билим берүү тармагынын статистикалык эмес динамикалык мазмунга ээ болушу, анын бир катар баскычтуулугу жана бул баскычтардын өз ара логикалык ирээттемеси орун алгандыгын эске алуу менен изилдөө зарылчылыгын жаратат.

Билим берүү мамилелери изилдөөдө анын бир катмарлуу курам катары кароого болбойт. Изилдөөнүн жүрүшүндө бул мамилелерди ишке ашыруу менен пайда болгон мамилелер бир катар коомдук институттар менен тыгыз

байланышта экендиги тактап айтканда, экономика, саясат, психология, социалдык институттар аркылуу кароо зарылчылыгын жаратат.

Мына ошонудуктан биздин изилдөөбүздүн объектиси болгон билим берүү ишмердүүлүг менен байланышкан коомдук мамилелер эки жактуу татаал түзүлүшкө ээ. Биринчи жагынан билим берүүнүн көп баскычтуулугу болсо, экинчи жагынын анын коомдук социалдык институттар менен тыгыз байланышы аркылуу каро зарылчылыгы жатат.

Билим берүү мамилелери узакка созулган типтүү мамилелер курамына киргендиги аны укуктук жөнгө салуунун мүмкүнчүлүгүн арттырып, узак мөөнөттүү көп ирет кайталанып туруучу жөнгө салууну ишке ашыруу мүмкүнчүлүгүн берет.

Билим берүү процессин изилдөөдө алардын баскычтарынын өз ара бири бири менен байланышы бардыгын, бир баскычтан экинчи бир баскычка өтүүдө ирээттүүлүктүн сакталыш талабын коет. Бул өз кезегинде тутумдук- түзүмдүк усул аркылуу жөнгө салууну шарттайт. Ошондой эле изилдөө усулдарын тандоодо туура багыт алууга шарт түзөт.

Жогорку окуу жайларынын укуктук абалы да жыйымдуу болушу анын бир катар укуктун тармактары менен жөнгө салынышы, айрыкча жарандык, административдик, билим берүү укуктук статустары борбордук орунга ээ болуусун эске алсак, анда аны изилдөөдөгү усулдарды укуктун тармактарына жараша тандап алуу артыкчылыктуу.

Жогорку окуу жайларынын укуктук абалын талдоодогу дагы бир маанилүү усул катары тарыхый ретроспективдик, салыштырма укуктук, формалдуу юридикалык усулдарды айта кетүү орундуу.

Тарыхый ретроспективдүү усул изилденип жаткан кубулуштун пайда болу себеп шарттарын, алардын калыптануу эволюциясын белгилүү тарыхый мезгилдеги өкүм сүрүшүн ачыктоого жардам берет.

Ал эми салыштырма укуктук усул жогорку окуу жайларынын ишмердүүлүгүндөгү башка өлкөлөрдөгү тажрыйбанын эске алынышын, анын оң жана терс жактарын ачып берүүгө шарт түзөт. Ошону менен бирдикте

алдыңы тажрыйбаны эске алуу укуктук жөнгө салуунун натыйжалуулугун арттырат.

Формалдуу юридикалык усул жогорку окуу жайларынын ишмердүүлүгүн жөнгө салуудагы ченемдик же мыйзамдык конструкциялардын, аныктамалардын, ички жана сырткы кубулуштарды ачыктоого шарт түзөт.

Билим берүү ишмердүүлүгүн жөнгө салууда анын ичинде жогорку окуу жайларынын ишмердүүлүгүн жөнгө салууда юридикалык лингвистикалык усул да өзгөчө мааниге ээ.

Юридикалык практика көрсөткөндөй мамлекеттик тил менен официалдуу тилдеги мыйзам актыларынын өз ара төп келбеген учурлары көп эле кезигет.

Биз изилдөөбүздө укуктук абалды аныктоодогу дефинициялык аныктамаларды так колдонуу, алардын маани мазмундук жактарынын кыргыз жана орус тилинде бирдейлүүлүгү боюнча талдоо жүргүзүү зарылчылыгы бар деген ойду карманабыз. Мисал катары «көзөмөлүчү» сөзү «камкорчу» сөзүнө алмашып бекилген учурларды айтууга болот. Анын маани мазмуну бири бирине дал келбейт.

Ченемдик актылар жөнүндө мыйзамда мамлекеттик тил менен официалдуу тилдин арасына өз ара карама каршылык келип чыкса, мамлекеттик тил колдонуу каралган. Тилекке каршы мамлекетик тилдеги текст туура эмес, официалдуу тексте тура аныкталган учурлар бар.

Мына ошондуктан бидим берүү мекемелеринин укуктук абалын талдоодо, юридикалык лингвистикалык усул артыкчылыктуу, жана терминдерди, юридикалык аныктамалардагы каталарды, карама-каршылыктарды жоюуга шарт түзүү менен мыйзамдын туура колдонулушун камсыз кылат.

## 2.2. Кыргызстандагы жогорку окуу жайларынын жарандык укуктук статусу

Жогорку окуу жайларынын укуктук статусун изилдөө менен анын укуктук табиятынын мазмундук жактарын, өзгөчөлүктөрүн аныктоодо усулдук жактан туура жандашууну талап кылат.

Мыйзамдык жактан баштапкы негизде бекилген укуктук абалы кандай гана жак болбосун маанилүү. Жогорку окуу жайлары юридикалык жак катары таанылат.

Кыргыз Республикасынын: «Билим берүү жөнүндө» [56] мыйзамы, «Кесиптик жогорку билим берүүнүн билим берүү уюмдары жөнүндө» [67] Жобонун жогорку кесиптик билим берүү мекемелерин өзүнүн ишмердүүлүк абалы боюнча юридикалык жак саналып, өз алдынча балански ээ болгон жана аталышка ээ болгон уюм саналат.

Демек, жогорку окуу жайлары юридикалык жактын макамына ээ болуусу аны кодификацияланган акт болгон «Граждандык» кодексинин жоболору боюнча каттоо, кайра уюштуруу, жоюу сыктуу процедуралар менен бирдимкте жөнгө салынат [68].

Жарандык укуктук субьектилери өздөрүнүн керектөөлөрүн канаатадыруу, максаттарына жетүү үчүн жарандык укуктук мамилелерге катышу менен бирдикте анын субъектиси статусун алышат. Граждандык укук субьектилерди бир катар топторго бөлүп карайт.

Юридикалык жактын укуктук жөнгө салынуусу бир канча бай тарыхка ээ болуу менен тээ байыркы римден баштап жөнгө салына баштаган.

Жарандык укуктук мамиледе же индивид инсан же коллективдүү түзүлмөлөр катышат. Жеке индивиддердин юридикалык өздүгү байыркы римдиктерде да жөнгө салынган [69, 152-б.].

Жалпы ачык укуктук мамилелерде юридикалык жак катары жарандык укуктагы субьект алгач таанылып кийинчерээк жеке-ачып укуктук мамилелерге таратыла баштаган.

Белгилүү теоретик Г.Ф. Шаршеневич:«физикалык жактын өзүнө камтыбаган юридикалык жак бул уюшманын өзгөчө мүнөзүн аныктайт» [70, 88-б.] деп жазат

Юридикалык жактын калыптанышы алгач жарандык жүгүртүүдө өз атынан укук жана милдеттерди алуу менен бирдикте обочолонгон өз алдыча мүлкүнүн болушун шарттайт. Ошону менен бирдикте аны түзүү юридикалык терминдердин, коомдук керектөөлөргө жетүүнү жеңилдетүүчү мүлктүн обочолонушу зарыл. Юридикалык жактын жалпы ачык укуктагы орун алуусунун башаты боюнча окумуштуулар бир катар чар жайыттуу көз караштарга ээ. Аны байыркы римдиктердин эмгеги катары баалашат. Мындай окумуштуулардын катарына Н.В Ченцовду [71, 26-б.], И.Б Новицкийди, И.С Перетерскийди [72, 115-б.] кошсок болот. Юридикалык жактын калыптанышына жарандык жүгүртүүдө колдонулушуна Германдык граждандык уложение чоң таасир берген, ал өзүнө 70-тен ашуун беренелерде юридикалык жактын укуктук мамилелерге катышуусун жөнгө салган [73, 105-б.].

Юридикалык жактардын укуктук жүгүртүүдөн орун алышына, анын түшүнүк аппараттары боюнча алгач Ф.К. Савьини чоң салым кошкон.

Ф.К. Савьини: «укукта юридикалык жак фикция же болбосо чагылуу теориясы аркылуу караган» [74, 78-б.]. Юридикалык жак укуктун жасалма субьектиси катары таанып адам гана укуктун чыныгы субьектиси боло алат деген. Юридикалык жак кандайдыр бир максаттарга жетүү үчүн куралат.

Кыргыз Республикасынын: «Граждандык кодексининин 83-беренеси юридикалык жактын түшүнүк аппаратын камтып, аны өзгөчө белгилер менен түшүндүргөн белгилер каралган негизин обочолонгон мүлктүн болушу түзөт»[68].

Жогорку окуу жайын уюмдаштыруучулар мүлккө жана буюм укугуна ээ болушат.

Юридикалык жак жарандык укуктун субъектиси катары бир канча белгилерге ээ;

- Уюшуу биримдиги;
- ички түзүмдүк органдар жана окутуучу профессордук курам (окумуштуулар кенеши, факультеттер, кафедралар);

- жогорку окуу жайынын юридикалык жак катары өз алдынча обочолоногон мүлкүнүн болушу ал мүлк ыкчам башкарууда, чарбалык карамакта болушу мүмкүн;
- Жарандык жүгүртүүдө өзүнүн атынан катышуу мүмкүнчүлүгү.

Демек, жогорку кесиптик билим берүү мекемелери өздөрүн юридикалык жак катары уюмдаштыруу үчүн граждандык кодекстеги юридикалык жактын талаптарын аткаруусу шарт.

Ч.А. Арабаев: «мыйзам актылардын талаптарына жараша юридикалык жактарды уюштуруунун үч ыкмасы каралган» [75, 399-б.].дейт;

-тескөөчү;

-уруксат кылуучу;

-катышуу-ченемдик ыкмасы .

Ошондой эле жогорку окуу жайларынын уюмдаштырууда келишимдик усул дагы колдонулаарын белгилей кетүү керек.

Кыргызстанда бир катар келишимдин негизинде уюшулган жогорку окуу жайлары бар аларга Орус-Славян, Кыргыз –Түрк Манас университеттери жана башкаларды айтууга болот.

Юридикалык жак катары таанууда укук жөндөмдүүлүк жана аракет жөндөмдүүлүк деген категориялар менен тыгыз байланышкан.

Граждандык кодекстин: «84-беренеси боюнча граждандык укук жана милдеттерге ээ болот»[68]. Учурдагы укуктук практика көрсөткөндөй жогорку окуу жайларынын ыйгарымдары алардын билим берүү баскычтарынын санын камтыганына жана адистиктердин багыттарына жараша ар кандай көлөмдө аныкталган.

Ошону менен бирдикте жогорку окуу жайларынын укук жөндөмдүүлүгүндө милдеттүү талаптар бар экендигин белгилей кетүү керек. Ал менчиктин формасына көз карандысыз түрдө аткарылууга жатат. Мисалы лицензия алуу, аккредитациядан өтүү, жогорку кесиптик билим берүү стандарттарын сактоо сыяктуу суроолорду айтууга болот.

Граждандык кодекстин: «84-беренеси ишмердиктин айрым түрлөрүн атайын уруксаттын (лицензиянын) негизинде гана ишке ашырылышын караган бул билим берүү менен алектенген окуу жайларына да милдеттүү.

Билим берүү мекемелериндеги чектөөлөрдүн табияты жогорку окуу жайынын уставынан, жогорку окуу жайын башкаруу мамилелеринен келип чыккан, ошондой эле мыйзамдан жана келишимден пайда болушу мүмкүн»[68].

Келишимден келип чыккан чектөөлөр жогорку окуу жайларыны уюмдаштыруучулар болгон чет мамлекеттер, өкмөттөр аралык келишимдердеги жоболор, уюмдаштыруучу жактардын кызыкчылыктары эске алынат.

Билим берүү мекемелеринде саясий ишмердүүлүккө саясий партиянын идеологиясын ишке ашырууга, диний бирикмелерди түзүүгө, шайлоо өнөктүгү мезгилинде педагогикалык жамаатын тартылбашы, кабыл алуу боюнча квоталардын чеги, лицензиялык нормативдер сыяктуу суроолор каралат.

Жогорку кесиптик билим берүү мекемелери юридикалык жактын статусун ал катталган учурдан баштап пайда болбойт бирок аракет жөндөмдүүлүгү белгилүү талаптар мисалы лицензияны алуусу аккредитациядан өтүүсү зарыл.

«Билим берүү жөнүндө» мыйзамынын 24-беренесине ылайык: «5 жылдык мөөнөт менен аккредитациядан өтүүгө милдеттүү. Аккредитациялоо мамлекеттик эмес, коммерциялык эмес институционалдык жана эл аралык агенттиктер тарабынан ишке ашырылат» [56].

Жарандык укуктук илимде укук жөндөмдүүлүктүн эки түрү каралган атайын укук жөндөмдүүлүк жана универсалдуу укук жөндөмдүүлүк болуп бөлүнөт. Универсалдык укук жөндөмдүүлүк жарандарга таандык. Мындай мүнөздөмө жогорку окуу жайлары үчүн дагы мүнөздүү.

«Кесиптик жогорку билим берүүнүн билим берүү уюмдары жөнүндө» жобого ылайык жогорку окуу жайынын максат жана милдеттери аныкталган [65].

Демек, жогорку кесиптик билим берүү мекемелери укук субъективдүүлүгү өзгөчө мүнөзгө ээ болгон коммерциялык эмес юридикалык жак катары аныктоого болот.

Жарандык укук теориясында пайда табуу максатын көздөбөгөн жактар коммерциялык эмес жактар деп таанылат. Ал эми Граждандык кодекстин 164-беренеси «мекеме» түшүнүгүн камтыган [68].

Тилекке каршы «Билим берүү жөнүндө» мыйзамында бир катар түшүнүк аппараттары аралаш берилип калган атасак «билим берүү уюмдары», «билим берүү мекемелери» аныктамалары колдонулган.

Биздин талдоо көрсөткөндөй билим берүү менен алектенген уюмдар коммерциялык эмес уюм «мекеме» түрүндө аныкталышы зарыл. Мындай аталыш мыйзамдык дефиницияга да укуктук уюшумдук формага да дал келет.

Жарандык жүгүртүүдө мекеме түшүнүгү бир канча кеңири таралгандыгын эске алсак, коммерциялык эмес уюм катары жогорку окуу жайынын таанылышы бул түшүнүккө дал келет.

Жогорудагы талдоо көрсөткөндөй мекемелер өзүнүн уставдык максаттарына жетүү үчүн коммерциялык ишмердүүлүк менен алектенүүсүнө жол берилет. Бул жагдай учурдагы окуу жайларынын чарбалык өз алдынчалуулугун камсыз кылууда билим берүү процессин жакшыртууда колдонулуучу каржаттарды алып келет.

Учурдагы турмуштук чындык көрсөткөндөй мамлекеттик каржылоодон тышкары жогорку окуу жайларына чарбалык өз алдынчалуулукту берүү алардын билим берүү программаларын ишке ашыруу менен бирдикте уставдык максаттарга жетүү үчүн финансылык каражаттарды чогултууга мүмкүнчүлүк жаратат.

«Билим берүү жөнүндө» мыйзамда коммерциялык эмес ишмердүүлүк деген түшүнүк каралбаган. Билим берүү жөнүндө мыйзам билим берүү уюмдарына пайда алып келүүчү ишмердүүлүк менен алектенүүгө укук берген.

Граждандык кодексте каралган «мекеме» түшүнүгү коммерциялык эмес уюм катары башка укуктук уюшумдук формалардан катар белгилер менен айрымаланат.

Ал белгилерге төмөнкүлөрдү киргизүүгө болот;

-мекеме уюмдаштыруучулар тарабынан каржыланат;

-мекеме киреше алуу максатын көздөбөйт;

-мекеме ишкердүүлүк менен уставдык максаттарга жетүү үчүн гана алектенет.

Мекеменин маанилүү мүнөздөөчү белгиси катары аны каржылоо уюмдаштыруучулар тарабынан ишке ашырылат. Белгилей кетүү керек уюмдаштыруучулардын каржылоого катышуусу жогорку окуу жайлардын уюшумдук формасын мамлекеттик же жеке менчик формасын аныктайт.

Каржылоо жогорку окуу жайларындагы окуу процессинен келип чыккан чыгымдарды эмгек акысын, коммуналдык төлөмдөрдү, материалдык базаны сыяктуу чыгымдарды каржылайт.

Мына ошентип Кыргызстандагы жогорку кесиптик билим берүү мекемелеринин укуктук абалын талдоо бир катар ага мүнөздүү болгон жалпылыктарды жана өзгөчөлүктөрдү аныктоого жардам берди.

Ы.Э. Жээнбаева: «жогорку кесиптик билим берүүчү окуу жайлары эң оболу юридикалык жак катары таанылып жарандык укуктун субъектиси болуу менен юридикалык жактын коммерциялык эмес мекемеси болуп табылган пайдалар өз ара бөлүштүрүлбөйт. Өзгөчө макамга ээ болгон жактарда обочолонгон мүлккө менчик укугу таркатылышы мүмкүн. Уставдык максаттарга жетүү үчүн пайда алып келүүчү ишкердүүлүк менен алектенүүгө уруксат берилет. Обочолонгон мүлккө менчик укугу пайда болуу менен бирдикте пайдадан сатып алынган обьектилерге да менчик укугу таркатылат. Ошону менен бирдикте жогорку окуу жайы илимий изилдөө мекемеси катары интеллектуалдык ишмердүүлүктүн натыйжасына дагы менчик укугуна ээ болот»[25, 135-140-б.].

Ошону менен бирдикте жогорку окуу жайы кеңири экономикалык ишмердүүлүккө ээ болуу менен, бир канча автономиялуулука дагы ээ экендигин айта кетүү зарыл.

Учурдагы Кыргызстандын практикасы көрсөткөндөй жогорку кесиптик билим берүү мекемелеринин автономдуулугунун чектери так аныкталган эмес, жалпы тартипте берилген, деталдаштырылган эмес.

«Билим берүү жөнүндө» мыйзамында [26] окуу процесси менен байланышкан иш аракттерди ишке ашырууда автономиялуулукка ээ;

- тарбиялоонун усулдары, кадрдык саясат, илимий изилдөөнүн багыттарын тандап алууда;
- Финансылык-чарбалык, башкаруу, мамилелеринде башкача айтканда билим берүү укуктук статусунда өз алдынчалуулук бир катар такталып кеңейтилди.

Бул боштуктарды жоюу укуктук жөнгө салуудагы билим берүү мекемелеринин формасын так аныктоо менен укуктук уюшумдук формасын, менчиктин түрүн аныктап, укуктук статустун укуктук уюшумдук формасын так аныктайт.

«Билим берүү жөнүндө» мыйзамына ылайык жеке жактар, чет мамлекеттер жана эл аралык уюмдар жогорку окуу жайын уюмдаштыруучу боло алышат деп жазылган. Борбордук Азиядагы Эл аралык университети уюшумдук укуктук формасы боюнча мамлекеттик эмес жогорку окуу жайы анын уюмдаштыруучусу катары эл аралык фонд саналат.

Борбордук Азиядагы Эл аралык университети юридикалык жак катары уюмдаштыруучунун мүлкүнө ыкчам башкаруу укугуна, өздүк сметага ээ болот.

Окуу жайдын ишмердүүлүгү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык аныкталат деп жазылган. Мамлекеттик окуу жайларынан айрымаланып бул окуу жайы коммерциялык жана коммерциялык эмес уюмдар, чет өлкөлүк жарандар, юридикалык менен укуктук мамилеге катышуу укуктары каралган [76, электрондук ресурс].

Дагы бир эл аралык келишимдин негизинде ишмердүүлүк жүргүзгөн Ала-Тоо эл аралык университети жеке менчик окуу жайы ишмердүүлүк жүргүзүп келет [77, электрондук ресурс].

Жогорку кесиптик билим берүү мекемелери юридикалык жак катары өздөрүнүн филиалдарын дагы түзүүгө укуктуу алар негизинен эки түрдүү бөлүп кароого болот.

Укуктук уюшумдук формасына жараша Кыргызстандагы окуу жайларынын филиалдары, чет өлкөлөрдүн жогорку окуу жайларынын филиалдары орун алышы мүмкүн.

Билим берүү мекемелери юридикалык жак катары өздөрүнүн түзүмдүк бөлүмдөрүнө ээ болушат жана негизги окуу жайы жайгашкан жерден обочолоногон аймакта жайланышат.

Билим берүү мекемелеринин филиалдарынын мүлктөрү укуктук режими боюнча ыкчам башкарууда жана пайдаланууда укуктарын өз ичине камтыйт.

Билим берүү мекмесинин филиалындагы административдик чарбалык өз алдынчалуулука ээ болбостон ишеним каттын негизинде бакшарылат ошондой эле негизги жогорку окуу жайы берген ыйгармдардын чегинде ошолордун кызыкчылыктарын уставдык максаттарын ишке ашырууга багытталат.

Жогорку окуу жайынын филиалдарынын карыздар боюнча милдеттери дагы жетекчи окуу жайынын милдетине кирет.

Мындан келип чыккандай жогорку окуу жайларынын укуктук статусундагы юридикалык жактын бедели анын филиалдарына таркатылбайт. Анын түзүмдүк бөлүгү катары ишеним кат берилген чектерде гана иш жүзүнө ашырылат жана өз алдынча жарандык укуктук мамилеге катышууга жол берилбейт.

Демек, жогорку кесиптик билим берүү мекемелери жарандык укуктун толук кандуу субъектичи катары мүлктүк аны менен байланышкан жеке мүлктүк эмес укуктарга ээ болушат.

Эгерде укуктук статусундагы ыйгарымдардын көлөмүн өз ара салыштырсак мамлекеттик окуу жайларына караганда жеке менчик окуу жайларынын ыйгарымдары бир канча кененирээк экендиги аныкталды.

Талдоо көрсөткөндөй уюшумдук формасына учредителдик ыкмага жараша түзүлгөн окуу жайлары жалпысынан алганда Кыргыз Республикасынын мыйзам актыларын сактоо милдети орун алгандыгын айтууга болот.

Ю.Н Азарова: «жогорку кесиптик билим берүү уюмдары мамлекеттик мамлекеттик эмес жогорку окуу жайларынын укуктук уюшумдук формасы мекеме формасында калыптанышы керек» деген ойду карманат [78, 186-188-б.].

Биз бул ойго толук кошулабыз юридикалык жактан алганда менчиктин формасына карабсатан уюшумдук формасы мекеме түрүндө болушу керек. Ал өз кезегинде улуттук мыйзам актыларынын жоболоруна дал келет тактап айтканда Граждандык кодекске.

Учурдагы бридикалык практика көрсөткөндөй жогорку окуу жайлары базар экономикасынын шарттарында жашап кете албагандыгы ачыкталууда.

2022-жылдарга чейин Кыргызстанда 77-ден ашуун жогорку окуу жайы болсо бүгүнкү күндө алардын 56 гана ишмердүүлүгүн жүргүзүп келүүдө.

Жогорку окуу жайлары баардык эле учурда жетиштүү финансылык каржылоого ээ эмес. Жогорку окуу жайларында натыйжалуу менеджмент жок көптөгөн шаттатык бирдиктер өз алдынча кароо менен жетекчилик тарабынан ачылып окуу жайдын финансылык чыгымдарын ысырап кылууга алып келүүдө.

Мамлекеттик каржылоонун өзү жеткиликтүү эместиги аларды келишимдик негизде дагы адистерди даярдоо ишмердүүлүгүн жүргүзүүгө мажбурлады ошону менен бирдикте кошумча каржылоо булагына ээ болушат.

«Билим берүү жөнүндө» мыйзамда келишимдик негизде акы төлөп окутуунун базалык жана жогорку чеги жок, ар бир окуу жайы өз кароосу менен орнотушуп алган. Кээ бир учурларда контрактык чыгымдардагы каралган

сумма окуу процессинин кээ бир бөлүктөрүн камтыган эмес. Келишимдердин үлгүлөрү типтештирилбеген эч болбогондо милдеттүү талаптар боюнча мыйзамдык жөнгө салуу ишке ашырылган эмес.

Жогорку кесиптик билим берүү ишке ашырган жогорку окуу жайларынын обочолонгон мүлктөрүн баштапкы жана туунду мүлктөрү катары кароого болот. Биринчиси уюмдаштыруучулардын мүлкү; экинчиси билим берүү мекеменин ишмердүүлүгүнүн натыйжасында алынган мүлктөр саналат.

Билим берүү мекмелеринин мүлктүк абалы аны уюмдаштыруучулардын билим берүү мекемесине берген кыймылсыз жана кыймылдуу мүлктөрү кирет, жер участоктору, курулмалар, имараттар, каражаттар, транспорт каражаттары, техникалык жабдуулар түзөт.

Өзгөчө мамлекеттик жогорку окуу жайларынын жер участоктору акысыз пайдаланууга берилет. Билим берүү мекемесинин мүлктөрдү ыкчам башкаруу укугу уюмдаштыруучулар мүлктү фактылай бергенден кийин пайда болот.

Мүлктү ыкчам башкаруу укуктары боюнча бир катар окумуштуулар ири эмгек сиңиришкен алардын катары А.В. Венедиктовду кошууга болот.

А.В. Венедиктов: «мамлекеттик социалисттик менчик» деген эмгегинде мүлктү ыкчам башкарунун укуктук табияты мазмундук жактары бир канча кенен изилденген [79, 134-б.].

Г.Б. Леонова: «Мүлктү ыкчам башкаруу тартибин мамлекеттик же муниципалдык мекемелерге гана колдонууга болоорун, ал эми мамлекеттик эмес мекемелерде мындай башкаруу укугун ыкчам колдонуу конструкциясын пайдаланууга болбойт деген пикирлер» [80, 64-б.] дагы бар.

Менчик мамилелери дагы бир топ кеңейтилип окуу жайы өзүнүн кароосуна жараша менчикти ээлик кылуу, пайдалануу, тескөөгө болгон укугун ишке ашыра алат. Кээ бир чектөөлөр ыкчам башкаруудагы мүлктү окуу жайы уставдык максатталышы боюнча гана иштетүүсү талап кылынат.

Мүлкүнүн пайда болуу ыкмасы баштапкы жана туунду формада пайда болот (мамлекеттик, муниципалдык жеке окуу жайларында);

-мекеменин каражаттары ошондой эле чет өлкөлүк уюмдардан, чет өлкөлүк юридикалык жактардын жана жеке жактардын каражаттары аркылуу калыптанат;

- туунду түрдө пайда болгон каражаттар;

-жеке жана юридикалык жактардын ыктыярдуу кошкон каражаттары, соопчулуктар;

-кредиттер;

- мамлекет же муниципалдык орган тарабынан берилген мүлктөр;

-окуп жаткандарга берилүүчү гранттар саналат.

Мындай тизмек Кыргыз Республикасынын билим берүү жөнүндө мыйзамдын 42-беренесинде каралган [26]. Окуу жайынын өзүнүн ишмердүүлүгүнөн түшкөн пайданы чыгымдоо учурдагы Кыргызстандагы эң коррупцияланышкан ыкма катары таанууга болот.

Бул ыкмаларга жогорку окуу жайларын ремонттого кеткен каражаттар, тийиштүү жабдыктардын сатып алынышы сыяктуу чыгымдар базар баасынан жогору наркта алынуу менен чыгымдалышы боюнча жетиштүү прецеденттер бар.

Жогорку кесиптик билим берүү ишмердүүлүгүнөн түшкөн каражаттар студенттердин, кызматкерлердин социалдык жактан камсыздандырылышын жакшыртуу багытында иштебейт, мындай мүлктөрдүн укуктук режимин аныктоо зарылчылыгы жатат.

Демек, бул бөлүмдү жыйынтыктап жатып жогорку окуу жайларынын укуктук статусунун мазмуну бир канча көлөмдүү экендигин эске алуу менен төмөнкү тыянактарды чыгарууга болот;

Граждандык кодекс аркылуу: «Жогорку окуу жайынын маанилүү бөлүгү коммерциялык эмес юридикалык жак катары салынаары аныкталды. Жогорку окуу жайы юридикалык жак катары жарандык жүгүртүүдө түзүмдүк бөлүктөрүнүн аракеттенүүсү филиалдары жана өкүлчүлүктөрү сыяктуу жобого дал келет жана өз алдынча юридикалык жакты түзөт» [68].

Билим берүү мекемеси юридикалык жак катары толук кандуу жарандык укуктук мамилелердин субъектиси болуу менен бирдикте укук жана милдетерди алууга жөндөмдүү.

Мүлктүк укуктары анын укуктук уюшумдук формасына, учредителдерине, уставында каралган максаттарга жараша чектелүү.

Мекемеге мүнөздүү болгон белгилер пайда табуу максатын көздөбөйт. Бирок уставдык максаттарга жетүү үчүн окуу жайы ишкердүүлүк ишмердүүлүк менен алектенүүгө укуктуу.

Мамлекеттик жогорку окуу жайларынын буюмдук укуктары жеке менчик окуу жайларына караганда чектөө режиминде жөнгө салынган.

Талдоо көрсөткөндөй жогорку кесиптик билим берүү мекемелеринин жарандык укуктук статусу граждандык кодексте каралган жалпылыктар менен бирдикте өзгөчөлүктөргө да ээ. Көбүн эсе обочолонгон мүлктөргө ээлик кылуу, пайдалануу, тексөө боюнча ыйгарымдар бирдейлиги жок.

Акы төлөө менен кызмат көрсөтүүдөгү баа саясаты либералдашкан төмөнкү жана жогорку чектери жок. Келишимдерге болгон талаптардын типтүү критерийлери мыйзамда каралган эмес.

Билим берүү ишмердүүлүктөн түшкөн пайданын сарпталышын боюнча чектөөлөр ченеми аныкталган эмес. Мындай зарылчылык айрыкча мамлекеттик жогорку окуу жайлары үчүн бир канча маанилүү.

Жогорку кесиптик билим берүү менен алектенген жактардын укуктук уюшумдук формасын «мекеме» формасына алып келүү зарыл, бул өз кезегинде мыйзамдын тамгасына жана духуна дал келет.

## 2.3. Жогорку окуу жайынын административдик укуктук статусу

Кыргызстандын коомдук турмушунда жогорку окуу жайлары бир канча маанилүү социалдык институт катары мамлекеттин интелектуалдык потенциалын, маданиятын, рухий байлыктарын арттырууда жана сактап калууда манилүү институционалдык механизм катары кызмат кылат.

Жогорку окуу жайлары Кыргызстан эгемендүүлүк алгандан баштап менчиктин либералдаштырылышына байланыштуу бир канча укуктук уюшумдук формадагы статуска ээ болду.

Советтик мезгилдеги жогорку окуу жайларын укуктук жөнгө салуудагы манилүү усул катары административдик тескөө жолу басымдуулук кылган. Жогорку окуу жайлары Кыргызстанда алгачкы индустриализация жылдарында түзүлө баштагандыгы боюнча биринчи бөлүмдө караганбыз.

Жогорку окуу жайларынын Кыргызстанда негизделиши коомдук талаптардын күчөшү, жогорку билимдүү адистердин жетишсиздиги менен да шартталган.

Кыргызстандын аймагында бир канча гана жогорку окуу жайлары өз ишмердүүлүгүн жүргүзгөн. Жогорку окуу жайлардын ачылышына биз жогоруда белгилегендей административдик тескөө жолу мамлекеттик менчиктин монополиясынын шарттарында ишке ашырылган.

Ошондой болсо дагы Кыргызстандагы жогорку окуу жайларынын ачылышы коомдук турмуштун манилүү жетишкендиги катары баалоого болот. Айыл чарбасына жана өндүрүшкө бир катар жогорку билимдүү жаштар тартыла баштады.

Жогорку билим учурдагы эгемен Кыргызстандын шарттарында дагы өзүнүн актуалдуулугун жоготкон жок. Коомдук турмуштун ар кандай чөйрөсүнө мейли ал өндүрүш, административдик башкаруу, айыл чарбасы, финансы тармагы, укук коргоо ишмердүүлүгү болбосун кесипкөй жогорку билимдүү адистерге коомдук муктаждыктын бар экендигин турмуш ачыктады.

Кыргызстан эгемендүүлүк алгандан баштап коомдук турмуштун бардык чөйрөсүндө олутту өзгөрүүлөр реформалар башталды. Белгилей кетүү керек эгемендүүлүктүн алгачкы жылдарында билим берүү тармагы деградацияланып анын сапаттык деңгээли бир топ төмөндөй түшкөн. Окутуучулардын айлык маянасынын төмөндүгү, өз убагында берилбеши, мугалимдик кесиптин баалуулугун төмөндөттү. Ошондой болсо дагы Кыргызстан билим берүү тармагын сактап калууга жетишти.

Жогорку окуу жайларынын укуктук статусунун административдик жактан жөнгө салынуусу боюнча бир катар окумуштуулар өз эмгектерин жазышкан. Алардын катары белгилүү орус окумуштуулары А.А Кирилловыхты, Л.А. Зайцеваны, С.Ю. Дубровина, М.А. Каплюкту, И.А. Препелицаны жана башкалардын эмгектерин айтууга болот.

Ата мекендик укук илиминде жогорку окуу жайларынын педагогикалык, тарыхый аспектилери изилдөөгө алынып юридикалык жактарга анчалык көңүл бөлүнгөн эмес.

Ата-мекендик юридикалык илимде билим берүү мамилелеринин укуктук жактары өтө аз көлөмдө илиденип дээрлик дың жер сыяктуу турат.

Ата мекендик окумуштуулардан Н.К. Атабекованын: «Конституционное право на образование в Кыргызской Республике», [81, 26-б.] деген эмгегин, Д.П. Шокумованын «Кыргыз Республикасындагы билим берүү ишмердүүлүгүнүн ченемдик укуктук жөнгө салынышы (теоретикалык укуктук аспект)» [15, 27-б.] деген диссертациялык эмгектерин айтууга болот.

Тилекке каршы жогорку окуу жайларынын укуктук статусу, анын жарандык, административдик аспектилери боюнча монографиялык изилдөөлөр жокко эсе. Ошондой болсо дагы билим берүү чөйрөсүндөгү мамилелерди жөнгө салуудагы бир катар суроолорду чечмелөөгө салым кошушкан.

Жогорку кесиптик билим берүү мекемелери укук субьективдүүлүккө ээ болгон учурдан тартып уставында каралган милдет жана максаттарын ишке ашыруу үчүн коомдук мамилелерге толу кандуу катыша башташат. Кандай гана укуктун субъектиси болбосун ал алгач жалпы ачык бийлик органдары менен мамилелери, экинчиси жеке окуу жайдын ички мамилелеринин тутумдук-түзүмдүк суроолорун, укуктук табиятын, көйгөйлөрүн, аныктоо аны чечүү жолдорун гана аныктабастан, жогорку окуу жайдын ишмердүүлүгүнүн натыйжалуулугун дагы арттырат.

Жогорку окуу жайынын администртативдик укуктук статусу анын мамлекеттик органдар, билим берүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу органдар менен коллективдүү субьект катары мамилелеринин туруктуулугун аныктайт.

Учурда Кыргызстанда 16дан ашуун жеке менчик окуу жайлары билим берүү тармагында өз ишмердүүлүгүн ишке ашыруу менен коомдун адеп ахлактык, руханий жана инттелектуладык дараметин жогорулатуу боюнча калктын жогорку кесиптик билимге болгон муктаждыктарын ишке ашырууга көмөктөшүүдө.

Билим берүү тармагындагы бийлик органдары менен байланыштарын так аныктоо, бири бирин кайталаган функцияларды жоюу, административдик башкаруу усулунан диспозитивдик административдик башкаруу усулуна өтүү зарылчылыгын туудурууда. Мындай жагдайлар коррупциялык механизмдерге жылык катары кызмат кылуу менен бирдикте мамлекеттик башкаруу органдарындагы бюрократиялык, коррупциялык механизмдерге жол берип жаткандыгы учурдун чындыгы.

Мындан тышкары жогорку окуу жайларыны ички башкаруу суроолору мыйзамдык деңгээлде жакшы жолго коюлган эмес. Укук жана милдеттердин так аныкталган ченемдери аз, ички башкарууда кыянатчылык менен кызмат абалынан пайдалануу сыяктуу суроолор бир жактуу чечилген эмес.

Мына ошондуктан юридикалык илимдин алдында бир топ орчундуу маселелер жогорку окуу жайынын административдик мамилелериндеги өз ара аракттенүүсүн жакшыртуу, өз алдынча кароо мүмкүнчүлүгүн чектөөнү, жогорку кесиптик билим берүү программаларын ишке ашыруу талаптарын сактоону камсыз кылуу менен сапаттуу жогорку кесиптик билим берүүнү камсыз кылуу милдеттери турат.

Көптөгөн окуу жайлары анын ичинде мамлекеттик жогорку окуу жайлары мүктүк мамилелер, окуу жайдын бюджетин сарамжалдуу пайдалануу максатын көздөбөстөн, пайда табуу менен обу жок чыгымдалышына анын эсебинен пайда табуу максатын көздөгөн учурлар арбын.

Студенттердин, окутуучу-профессордук курамдын социалдык жактан камсыз кылуу боюнча суроолору көз жаздымында калып кеткенсийт.

Демек, тийиштүү ар тараптуу обьективдүү жогорку окуу жайынын административдик абалын талдоо, иштиктүү сунуштарды, жоболорду иштеп чыгуу зарылчылыгы айкын көрүнүүдө.

Мамлекет окуу мекемелерине бирдей тең көңүл буруураарын жана көмөктөшөөрүн негизги мыйзамыбыз болгон Конституцияда белгиленген [3].

Учурдагы жогорку окуу жайларынын оптималдаштыруу, билим берүүнүн сапатын жогорулатуу максатындагы беш жогорку окуу жайына өзгөчө макам берилиши алардын укуктук статусундагы ишмердүүлүгүндөгү админситративдик ыйгарымдар кыскарып автономиялуулук дагы бир канча кеңейген. Билим берүү мекемелери өзүнүн ишмердүүлүгүнөн түшкөн пайданы өз кароосу боюнча уставдык максаттарга жетүү үчүн пайдалануу чечимин кабыл алууга мүмкүнчүлүк жаратылды.

Конституциянын 22-беренеси: «мамлекет жогорку кесиптик билим алуу укугун ашырууга баардыгы бирдей тең укуктуу экендиги жазылган. Мамлекет менен коомдун өнүгүүсүндө заманбап изилдөөлөргө артыкчылык берүү менен, менчиктин түрүнө карабастан билим берүү мекемелерин колдоого алынаарын, педагогикалык кызматкерлердин статусун жогорулатуу чараларын карайт» [3].

Билим берүү мекемелерин каржылоого өнүктүрүүгө көмөк көрсөтөт. Мамлекет жетим балдарга, ата-энеси жок балдарга акысыз жогорку билим алууга шарт түзөт.

Ал эми Конституциянын: «46-беренеси менчиктин формасына карабастан мамлекет ар кандай формадагы окуу жайларын өнүктүрүү үчүн бирдей шарттарды түзөрү бекилген. Демек мамлекет жогорку кесиптик билим берүү программаларын ишке ашыруучу мекемелерге дагы социалдык, экономикалык, укуктук жактан ар тараптуу көмөк көрсөтүүсү» [3] бекилген.

Белгилей кетүү керек билим берүү саясатын мамлекеттик деңгээлде ишке ашырууда эл аралык ченемдерден гумандуулукка багытталган дүйнөлүк маданияттын принциптерине негизделген.

Билим берүү укугун ишке ашыруудагы теңдүүлүк, башталгыч орто жалпы орто билимдин акысыздыгы, акы төлөө менен билим алуунун

баскычтуулугу ырааттуулугу, билим берүүнү ишке ашырган мекеме уюмдардын академиялык эркиндик негизинде өз саясатын жүргүзүүгө шарт түздү.

Жогорку кесиптик билим берүү чөйрөсүндө, мамлекеттик стандарттарды белгилейт. Ал укуктук уюшумдук формасына көз карандысыз милдеттүү аткарылууга жатат.

Мамлекет ошондой эле жарандардын кесиптик билим алуусуна анын ичинде жогорку кесиптик билим алууга кепилдик чараларын дагы караган.

Аныкталган көлөмдө акысыз жогорку кесиптик билим алуу үчүн мамлекеттик гранттарды каржылайт. Анын ичинде мүмкүнчүлүгү чектелген жарандарга дагы тийиштүү окуу усулдук, колдонмолор менен камсыз кылууну ишке ашырат. Мамлекет билим берүү чөйрөсүн каржылоо боюнча эмгек акы төлөө, сыйлоо чараларын карайт.

Ошону менен бирдикте республикалык бюджеттен окуп жаткандарга стипендияларды, жөлөк пулдарды, тамак-аш, жатакана жана башка социалдык пакеттерди өзүнө камтыйт.

Жогорку окуу жайларынын өз ишмердүүлүгүн ишке ашыруу процессине жаллпы ачык бийлик органдары КР Өкмөтү, билим берүү жаатындагы борбордук жана муниципалдык органдар кирет.

Демек, Кыргыз Республикасындагы жогорку кесиптик билим берүү жаатындагы административдик укуктук жөнгө салуу мамилелери жогорку кесиптик билим берүү мекемелеринин укуктук уюшумдук формасын, тибин жана түрүн аныктоодо маанилүү ыйгарымдарга ээ.

Жогорку кесиптик билим берүү мекемелериндеги социалдык жактан коргоо, мүмкүнчүлүгү чектелген жарандарга колдоо көрсөтүү, окуу процессин уюштуруу боюнча чаралар, эмгек акысын төлөө, сыяктуу суроолор дагы маанилүү орунга ээ.

Жогорку кесиптик билим берүү мекемелери өзүнүн ишмердүүлүгүнүн ишке ашыруудагы укуктук мамилелерин ички мамилелер менен дагы байланышын дагы талдоого алуу зарыл. Жогорку кесиптик билим берүү

мекемелеринде административдик мамилелерин жеке бакшаруу менен коллегиалдуу башкаруунун айкалышкандыгын көрөбүз.

Талдоо көрсөткөндөй жогорку окуу жайында жеке жана коллегиалдуу башкаруу формасы өз ара аракттенип кээ бир учурларда өз ара айкалышы дагы каралган учурлар кездешет.

Учурда жогорку окуу жайларынын ишмердүүлүгүндө өз алдынчалуулукка мүмкүнчүлүк берилип чарба жүргүзүү, финансылык экономикалык, кадрдык иштерде бир канча автомномдуулук кеңейген

Демек, жогорку окуу жайларынын администртативдик укуктук статусунун мазмунун эки типке бөлүп кароо зарыл.

Биринчи типке жогорку окуу жайынын сырткы байланышы мамлекеттик органдар, билим берүү чөйрөсүндөгү борбордук башкаруу органдары менен административдик байланышы;

-экинчи административдик укуктук байланышы ички (түзүмдүк бөлүмдөрү, менен болгон өз ара административдик мамилелердин орун алгандыгын айтууга болот.

Белгилей кетүү керек мамлекеттик окуу жайлары менен мамлекеттик жогорку окуу жайларынын административдик мамилелеринин чөйрөсү бир канча айрымачылыкка ээ.

Мамлекеттик жогорку билим берүү мекемелеринин укуктук статусундагы бир катар өзгөчө ыйгарымдар каралган ;

- баштапкы обочолонгон мүлктүн болушу
- финансылык каржылоо булактары;
- мамлекеттик буйрутма аркылуу адистерди даярдоо; ошондой эле гранттык негизде квоталарды бөлүштүрүү, окуу жайын бүткөндөн кийин иштеп берүү жолдомо менен бөлүнгөн жактарга жөнөтүү механимздери каралган.

Мындай мүнөздөмө мамлекеттик эмес жогорку окуу жайларында бир канча башкачараак жана аны уюмдаштыруучулары менен болгон мамилелер аркылуу чечилет.

Дагы бир белгилей кетүүчү нерсе өкмөттөр аралык келишимдердин негизинде уюшулган жогорку окуу жайларынын администртивдик мамилелери эки өлкөнүн өкмөттүк келишимдеринин негизинде гана ишке ашырылат. Мындай окуу жайларына Кыргыз-Россия-Славян университетин, Манас Түрк университетин айтууга болот.

Жогорку окуу жайларынын административдик укуктук статусунда жогорку окуу жайлары ички тутумдук таасир этүүнүн жана жалпы ачык бийлик менен өз ара аракттенүү учурундагы сырткы таасир этүү административдик мамилелердин обьектиси катары келип чыгат.

Жогорку окуу жайларын өз алдынча башкаруу органдары ички башкаруучу (окумуштуу кеңеш, педагогикалык кеңеш) администртивдик укуктук мамилелердин өзөгүн түзөт.

Алар уставдык максаттарга жетүү үчүн жогорку кесиптик билим берүү кызматын көрсөтүшөт жарандардын кесиптик билим алууга муктаждыктарын канаатандырат.

Жогорку окуу жайларынын ички жана сырткы мамилелерин жалпы ачык бийлик мамилелери менен жеке ачык бийлик мамилелерин байланышында кароого болот. Бул өз кезегинде аны административдик укуктун субьектиси катары кароого толук кандуу мүмкүнчүлүк берет.

Белгилей кетүү керек Кыргыз Республикасындагы билим берүү анын ичинде жогорку кесиптик билим берүү чөйрөсүндө укуктук уюшумдук, лицензиянын болушу, акредитациядан өтүшү жогорку окуу жайдын укуктук статусунун мүнөздөмөсүн толук кандуу ачып бербейт.

Мындай көз караштырбир катар окумуштуулар дагы колдошот. Изилдөөчү А.А.Кирилловых: «жогорку окуу жайынын укуктук статусунун мүнөздөмөсүнө дагы бир катар элементтерди кошуп кароону сунуштайт» [82, 16-18-б.].

Учурдагы Кыргызстандагы жогорку окуу жайларынын административдик укук мамилелеринде жогорку кесиптик билим берүү мекемелерине өз алдынчалуулук берүү тенденциялары байкалууда.

Бирок юридикалык практика көрсөткөндөй жогорку окуу жайлары толук кандуу административдик өз алдынчалуулук мүмкүн эместиги анын негизги компоненти болуп мамлекеттик саясаттын орун алгандыгын белгилейбиз.

Бул өз кезегинде жогорку окуу жайларынын жалпы ачык бийлик органдарынан, бир канч өз алдынча башкаруу мүмкүнчүлүгүн жаратат.

Белгилей кетүү керек жогорку окуу жайларындагы лицензиялык аккредитациялык талаптардын катуу сакталышы жогорку окуу жайларынын ишмердүүлүк жүргүзүүсүнүн негизин түзөт.

Мамлекет билим алуунун сапатын камсыз кылуу максатындагы мыйзамдык талаптар сакталбаса, билим алуу сапаты, алардын укук жана эркиндиктерин ишке ашыруунун мазмунун төмөндөйт. Ошону менен бирдикте жогорку окуу жайларынын аракеттенүүсү учурда бир канча татаалдашып бара жаткандыгын дагы айта кетүү керек.

Учурда жогорку кесиптик билим берүүнү реформалоо зарылдыгы менен катар коомдогу социалдык, экономикалык реформалардын натыйжасында, ошондой эле интеграциялык процесстер менен байланышкан өзгөрүүлөр орун алгандыгын белгилей кетүү керек.

Кыргызстан эки баскычтуу жогорку кесиптик билим берүү программаларын ишке ашыруу менен Болон процессине кошулган.

Бул өз кезегинде эки баскычтуу жогорку кесиптик билим берүү программаларын ишке ашырууда алардын укуктук жөнгө салынуусун дагы адекваттуу мамиле жасоону талап кылат.

Мындан тышкары жогорку окуу жайларындагы кадрдык саясат, ички мененжмент, билим берүү жана административдик укуктук статустарына тийиштүү толуктоолорду киргизүү зарылчылыгын шарттады.

Бул айрыкча өз алдынчалуулук ыйгарымдары, укуктук уюшмудук формаларынын кеңейиши, чарбалык жактан өзүн өзү каржылоо үчүн ишкердүүлүк менен алектенүү сыяктуу ишмердүүлүктөрдү укуктук жөнгө салуу зарылчылыгы жатат.

Изилдөөчү Л.А Зайцева: «учурда жогорку окуу жайды ички башкаруу, ченем жаратуучулук аспектилерин өнүктүрүү учурдун актуалдуу суроолоруна кирет деген ойду карманат» [83, 3-5-б.].

2021-жылдан баштап мамлекеттик билим берүү саясатында билим берүү мекемелерин башкарууну оптималдаштыруу, жакшыртуу бюджеттик каражаттарды үнөмдөө, билим берүүнүн сапатын жогоркулатуу коррупциялык тобокеличиликтерди азайтуу боюнча бир катар укуктук уюшумдук жактан жөнгө салууда өзгөрүүлөр болду.

Жогорку окуу жайларынын жетекчилиерин шайлоо, кызмат орундарына шайлануу процесстеринде айкындуулук менен объективдүүлүк принциптерине жетишүү бир канча кыйын деңгээлде экендиги ачуу чындык. Мына ошондуктан кызмат орударын ээлөө боюнча талапкерлерге коюлуучу талаптардын, академиялык, жактарын толук кандуу иштеп чыгуу зарыл.

Кыргызстандын менталдык өзгөчөлүк жогорку окуу жайларында жердешчиликтин болушу шайлоо процесстерине чоң таасир берет. Жогорку окуу жайындагы тууганчылык, жаат-жаат болуп бөлүнүшү интеллектуалдык чөйрөдөгү бир катар ажырымдарга алып келгендиги сыр эмес. Мындай практика жогорку окуу жайдын беделине терс таасирин тийгизди. Мына ошондуктан дайындоо принциби учурдагы аргасыз чара катары киргизилгендигин айтууга болот.

Демек, жогорку окуу жайларын административдик укуктук статусунун мазмунун бир катар негиздер түзөт. Аларга;

Биздин оюбузча: «жогорку окуу жайынын административдик укуктук статусун ички жана сырткы деп бөлүп кароо зарыл; ички статус окуу процесси менен байланышкан ыйгарымдар, борбордук башкаруу органдарынын ыйгарымдары, чарбалык экономикалык иштер менен байланышкан ыйгарымдар билим алууга болгон конституциялык укуктарын ишке ашыруу менен байланышкан мамлекеттик саясат орун алыш керек. Борбордук башкаруу органдарын аныктоо анын түзүмдүк бөлүктөрү менен карым

катнашын, кабыл алынуучу чечимдерге болгон ыйгарымдар, кароого алынуучу компетенциялар сыяктуу суроолор каралышы» [25, 135-140-б.] керек.

үчүнчү административдик чарабалык ыйгарымдар окуу процессин ишке ашырууга комоктөшүүчү оңдоп түзөө иштери, коммуналдык маселелер, курулуш сыяктуу суроолор.

Сырткы мамилелер окуу жайынын жергиликтүү өзүн өзүү башкаруу органдары, билим берүү органдарынын борбордук бакшаруусу, мамлекеттик бийлик органдары менен өз ара карым катнашын жөнгө салуучу мамилелер саналат.

Жогорку окуу жайларын укуктук статусунун маанилүү бөлүгүн мамлекет, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү, Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлиги, КР Президентинин алдындагы Улуттук аттестациялык комиссия ээлейт.

Демек, жогорку окуу жайларынын административдик укуктук статусунун мазмунун негизинен жалпы ачык мамилелерде эки топко бөлүп кароого болот ички жана сырткы.

Учурдагы жогорку окуу жайларынын административдик укуктук статусуна мүнөздүү болгон автономиялуулук менен академиялык эркиндик принциптери маанилүү орунга чыгат.

Актуалдуу суроолордун бири катары учурдагы окуу жайларга өз алдынчалуулук, башкаруунун ачыктыгы, жогорку окуу жайынын жетекчилигинин жоопкерчилигин жогорулатуу саналат. Жогорку окуу жайынын автономиялуугу анын уставында бекитилет.

Окумуштуу Ю.А. Тихомиров: «ченемдик өзүн өзү жөнгө салуу аркылуу мамлекеттик башкаруу менен өз алдынча башкаруунун айкалышы жетишилет дейт» [84, 8-9-б.].

Юридикалык жактардын уставы алардын укуктук мамилелердеги максат жана милдеттерин аныктоочу негизги ченем катары саналат. Бул көрүнүш жогорку оку жайларына да тиешелүү. Жогорку окуу жайынын ички

административдик укуктук мамилелерин  жөнгө салган  ченем да анын Уставы саналат.

Талдоо көрсөткөндөй жогорку окуу жайынын  Уставдары аларда каралган ыйгарымдар, укук жана милдеттер, жоопкерчилик суроолору жалпылоочу мүнөзгө ээ болуу менен деталдаштырылган эмес.

Бул өз учурунда жогорку окуу жайларында башаламандыкты, өзүнүн кароосу боюнча чечим чыгарууга түрткү болуу менен жогорку кесиптик билим берүү чөйрөсүндөгү укуктук тартиптин сакаталышына олуттуу өзүнүн терс таасирин тийгизүүдө.

Ата мекендик изилдөөчү  И.А. Дмитриенко: «жогорку окуу жайынын административдик укуктук статусу ченемдик укуктук жактан алып караганда ар тараптуу жана сапаттуу жөнгө салынган эмес деп жазат» [85, 23-б.].

Бул жаатта бир канча боштуктар бар аларга мүнөздүү болгон маани мазмундук дал келбестиктер, жогорку окуу жайын башкаруудагы баш аламандыктар, юридикалык толук кандуу сыпаттоонун жоктугу сыяктуу суроолор арбын  болгондугу көзгө урунат.

Жогорку окуу жайынын административдик укуктук статусун аныктоо усулдук жактан бир катар татаалдыктарды жаратат. Анткени ал бир катар башка укуктун тармактары менен дагы жөнгө салынат (жарандык, атайын мыйзамдар).

А.А Кириловых: «жогорку окуу жайынын укуктук статусунун тутумуна кирген административдик укуктук статусу анын админисртативдик укуктук мамилелерде катышуусу менен аныкталат дейт» [86, 79-85-б.]

Административдик укуктук статусу боюнча изилдөөлөрдө жогорку окуу жайларынын абалы  бир жактуу эмес бир канча чар жайыттуу  көз караштардын орун алгандыгын айта кетүү зарыл. Административдик статуста башкаруу мамилелеринен келип чыккан ички жана сырткы жалпы ачык мамилелер экендиги боюнча окумуштуулардын көз караштарын жалпылоого мүмкүнчүлүк бар.

Изилдөөчү Н.С. Барабашева: «жогорку окуу жайларынын административдик укуктук статусу уставда каралган максат жана милдеттер, башкаруу тутуму саналат деп жазат» [87, 16-б.].

Ал эми О.А. Рекурт: «уюшумдук формасын, жогорку билимге болгон укуктун кепилдиктерин, мамлекеттик аккредитациядан өтүүсүн кошот» [88, 68-75-б.].

Демек, административдик мамилелердеги жогорку окуу жайларынын өз ара укуктук мамилелеринин табияты ички окуу жайдын ичиндеги жана сырткы жалпы ачык бийлик мамилелеринин жыйындысын камтыйт;

-жалпы ачык бийлик тутумуна кирбеген жогорку окуу жайлары.

Коммерциялык эмес юридикалык жак болуу жогорку кесиптик билим берүү мекемесин максаттары пайда табууну көздөбөйт жана ошондой эле келип түшкөн пайда өз ара бөлүштүрүлбөйт.

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчиликке тартылат. Ал Кыргыз Республикасынын: «Укук бузуулар кодексинин 17-беренесине ылайык толук кандуу субьектиси катары таанылат» [89].

В.В.Спасская, Ю.В. Линская: «Административдик жоопкерчилик жалпы-ачык чөйрөдө жасалган укук бузуу үчүн жоопкерчиликтин түрүн карайт деп жазышат. Жогорку окуу жайлары башка юридикалык жактар сыяктуу улуттук мыйзам актыларынын негизинде жоопкерчиликке тартылышыт. Административдик жоопкерчилик жогорку окуу жайларынын ишкана мекемелер сыяктуу эмгектик мамилелери, санитардык-эпидемиологиялык эрежелердин сакталышы боюнча талаптардын бузулушу, өрт коопсуздугунун эрежелерин бузуу сыяктуу талаптар боюнча жоопкерчилик келип чыгаарын айта кетүүгө болот» [90, 46-б.] дешет.

С.В. Куров: «лицензиялык талаптарды аткарбагандыгы үчүн жоопкерчилик каралган эмес. Анткени жогорку окуу жайынын ишмердүүлүгү лицензия, аккредитация деген талаптар менен коштолот» [91, 33-б.].

Тилекке каршы учурдагы укуктук реформалар укук бузуу чөйрөсүндөгү жоопкерчиликке жогорку кесиптик билим берүү чөйрөсүндөгү

сбубьектилердин жетекчинин, окутуучу профессордук курамдын, студенттердин жоопкерчилигин киргизген эмес. Учурда бул суроолор көз жаздымында калуу менен латентүү укук бузуу катары көмүскөдө калып корупциялык укук бузуулардын негизги курамын түзүп келүүдө. Мына ошондуктан учурдагы укук бузуу кодексинде тийиштүү билим берүү мамилелеринен келип чыккан тийштүү жоопкерчиликти орнотуу зарыл.

Бул бөлүмдү жыйынтыктап жатып жогорку окуу жайларынын административдик укуктук статусунун түшүнүгүн сыпатоого болот.

Ага ылайык жогорку окуу жайынын административдик укуктук статусу деп- жогорку окуу жайларынын укуктук уюшмудук формасына көз карандысыз жалпы ачык бийлик мамилелери менен ички түзүмдүк мамилелердеги укук жана милдеттердин жана жоопкерчиликтин жыйымын айтууга болот.

Жогорку окуу жайларынын административдик укуктук статусунун мазмундук жактарын төмөнкүлөр түзөт;

-жогорку окуу жайы өзүнүн уставдык максат жана милдеттеринен келип чыгуу менен пайда болгон ички жеке жана жалпы ачык бийлик мамилелерин жыйындысы болуп саналат;

-жогорку окуу жайынын ички башкаруудан келип чыккан окуу процесси менен түздөн түз байланышкан ошондой эле аны ишке ашыруу менен байланышкан чарбалык мамилелер түзүп локалдуу ченемдер менен жөнгө салынган укук жана милдеттер, жоопкерчиликти өзүнө камтыйт.

## 2.4. Жогорку окуу жайларынын билим берүү укуктук статусу

Жогорку кесиптик билим берүү мекемелеринин «билим берүү укуктук статусу» окуу жайлардын негизги ишмердүүлүгү болгон окутуу жана тарбиялоо процессинен келип чыгат.

Демек, билим берүү ишмердүүлүгүнүн объектиси болгон билим берүү мамилелери, педагогикалык мамилелер, «билим берүү укуктук статусун» калыптандырат.

Билим берүү ишмердүүлүгү татаал процесс болуу менен, түзүмү боюнча татаал баскычтардан туруп, туруктуулугу узакка созулуусу боюнча үзгүлтүксүз процесс аркылуу ишке ашырылат. Ар бир баскыч өзүнүн логикалык аягына чыккандан кийин кийинки баскычтарга өтүү ирээттүүлүгү сакталып калат.

Билим берүү мамилелерин жөнгө салуу обьектисин так аныктоо анын ичинде жогорку кесиптик билим берүү мамилелеринин обьектисин аныктоо жогорку окуу жайларынын «билим берүү укуктук статусун» аныктоого мүмкүнчүлүк берет.

Билим берүү чөйрөсүн изилдөөчү Д.А. Ягофаров: «Билим берүү мамилелеринин обьектиси эки илтик мазмунга ээ дейт. Биринчиси билим берүү процессинен келип чыккан мамилелер, билим берүү мамилелерин максаттарына жетүү үчүн көмөкчү мамилелер материалдык мүлктүк, финансылык жактар» [92, 59-б.] деп жазат.

Демек, жогорку окуу жогорку кесиптик билим берүү программаларын ишке ашыруу менен бирдикте, жогорку окуу жайдан кийинки, кошумча билим берүү программасын да ишке ашыруу укуктарын ээ болушу мүмкүн. Эгерде алар тиешелүү талаптарды аткарып, уруксат берүүчү документтерди, акредитациялоону өткөрүшсө мындай учурларга мыйзам жол берет. Башкача айтканда жогорку окуу жайы бир катар деңгээлдеги билим берүү ишмердүүлүгүн жүргүзө алышат. Ошондой эле кесиптик билим берүүдөн тышкары мектепке чейинки жана жалпы орто билим берүүнү дагы ишке ашыруу укугун алышы мүмкүн.

Кыргыз Республикасынын «Кесиптик жогорку билим берүүнүн билим берүү уюмдары жөнүндө» Жобосу: «жогорку окуу жайларында жалпы орто, кесиптик орто билим берүү программаларын дагы ишке ашырылат деп караган» [67].

Учурдагы билим берүү саясаты жогорку окуу жайынын бир гана жогорку кесиптик билим берүү менен алектенген юридикалык жак эмес атайын илимий изилдөө лаборатроияларынын болушун дагы талап кылуучу жоболор бар. Бул

өз кезегинде билим берүү мкемесинин түрүн аталышына да таасир этүү менен бирдикте укуктук статусунун мазмунун кененирээк кароого мүмкүнчүлүк берет.

Мындан келип чыккандай «билим берүү укуктук статустун» борбордук орунун педагогикалык мамилелер түзөт. Мындай көз карашты көптөгөн окумуштуулар карманышат. Мисалы А.Г. Дорохова [93, 10-16-б.], С. В. Куров [94, 105-б.], И.С. Шкатула [95, 57-59-б.], Д.П. Шоокумова [96, 42-б.] жана башкалар карманышат. Биз мындай көз караштарга кошулабыз.

Демек, «билим берүү укуктук статусун» аныктоодо педагогикалык мамилелер борбордук орундуу ээлеши талашсыз.

Кыргыз Республикасындагы билим берүү тармагын жөнгө салуучу атайын мыйзам актысы катары «Билим берүү жөнүндө» мыйзамы жогорку кесиптик билим берүү менен алектенген жогорку окуу жайларынын укук жана милдеттерин бир канча кеңири жөнгө салууга багытталган.

Белгилей кетүү керек жогорку кесиптик билим берүү мамилелери жарандардын конституциялык укуктарын ишке ашыруудан келип чыгышы талашсыз.

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 46-беренеси бул укукту кепилдеген. Ошону менен бирдикте акыркы кабыл алынган Кыргыз Республикасынын Конституциясы калктын аярлуу катмарына билим алуусунун жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу максатында, жетим балдар, багуусунан ажыраган балдарга акысыз орто кесиптик ошондой эле жогорку кесиптик билим алуусуна шарт түзөөрүн бекиткен [3].

Билим берүү жөнүндө мыйзамга ылайык жогорку кесиптик билим берүү улуттук квалификациялык тумуга ылайык эки баскычтуу «бакалавр» жана «магистр» академиялык даражасын камтыйт.

Жогорку окуу жайы билим берүү жөнүндө мыйзам тарабынан берилген бир катар ыйгарым укуктарга ээ. Бул укуктар жогорку окуу жайларынын укуктук статусундагы автономиялуулукту камтыйт аларга;

-кадрдык саясат;

-окутуунун усулдары;

-илимий изилдөөлөрдүн багыттарын аныктоо;

-финансылык-чарбалык маселелерде уставдын жана уюмдаштыруучу келишимдин чегинде иш алып барат.

-билим берүү процессинде ар кандай маалымат технологияларды колдонууга;

-түзүмдүк бөлүктөрүн түзүүгө, факультет кафедра, обочолонгон түзүм филиалдарды, өкүлчүлүктөрдү түзүүгө укуктуу;

-Жогорку билим берүү стандарттарынын чегинде жогорку окуу жайынын компоненттерин түзүүгө; окуу пландарын, типтүү программаларды иштеп чыгууга;

-студенттердин контингентин кабыл алуу пландоо;

- локалдуу актылардын негизинде, оку процессин өз алдынча уюштурууга укуктуу.

Жогорку окуу жайындагы укук бузуулар чөйрөсү так аныкталбагандыгы, жоопкерчилик мамилелерин ишке ашырууда дагы тоскоол болууда.

Ата мекендик изилдөөчү Д.П. Шоокумова: «билим берүү жөнүндө мыйзамда юридикалык жоопкерчилик негиздери толук кандуу каралган эмес. Формалдуу болсо дагы билим берүү чөйрөсүндөгү укук бузуулардын түзүмү белгилери иштелип чыккан эмес дейт» [96, 130-135-б.].

Белгилей кетүү керек жогорку кесиптик билим берүү мекемелериндеги укук бузуулардын түрлөрү дагы аныкталган эмес.

Жогорку окуу жайлары өзүнүн ыйгарым укуктарынын чегиндеги милдеттерин аткарбоосу, жогорку кесиптик билим берүү программаларын толук ишке ашырбоо, сабакты үзгүлтүккө учуратуу жана башкаларды айтууга болот.

Изилдөөчү Д.А.Ягофаровдун: «билим берүү мекемесинин юридикалык жооопкерчилигинин ченинин аныкталбашы билим берүүнү башкаруу уюмдары жана укук коргоо органдары тарабынан өз кароосу боюнча чечмелөөгө

түртүүдө деп жазат» [97, 130-137-б.]. Бул көз карашка толук кандуу кошулабыз.

Жогорку окуу жайларынын билим берүү укуктук статусунунун мазмунунда алардын ишмердүүлүгүн конролдоо саналат.

Жогорку окуу жайларынын ишмердүүлүгүн жөнгө салуучу ченемдерде ички өз ара контролдоо, аттестациялоо сыяктуу мехнизмдер уставда каралган эмес бирок алар атайын жоболор менен жөнгө салынган.

Лицензиялоо жана аккредитациялоо мөөнөттөрү аныкталып алардын аралыгында контролдук милдеттер аныкталган эмес. Жогорку окуу жайы бир канча жылга лицензия алуу, аккердитациядан өтүү менен ал жылдар аралыгындагы мыйзам талаптарын сакталышынын аралыгын көзөмөлгө албайт.

Кесиптик билим берүү аныкталган мөөнөт аралыгында ишке ашырылат. Мисалы бакалавр академиялык даражасы боюнча студент окуу программасын төрт жылда аткарат жана аяктайт. Бирок бул мезгилдер аралыгындагы талаптар билим берүүнүн сапатына дагы таасир тийгизет. Бул сапатты камсыздоо максатында аккредитациялык талаптардын жыл арасындагы көзөмөлүн жөнгө салуу керек.

Жогорку кесиптик билим берүү мекемелеринин локалдуу актылары билим берүү укуктук статусутун» өзөгүн түзөт. Бул локалдуу актыларды жеке актылар, коллегиалдуу актылар деп эки топко бөлүп кароого болот. Бул актылар ченем жаратуучулук ишмердүүлүгүнүн натыйжасында калыптанат.

Локалдуу актылардын өзөгүн түзгөн уставдарда, ички ченемдерде билим берүү ишмердүүлүгүн жөнгө салууга багыттайт.

Өзүнүн тутумунда бир катар билим берүү деңгээлдердин камтуу бир канча билим берүү программаларын ишке ашырууга укук алышы мүмкүн эгерде мыйзам тарабынан кабыл алынган талаптарды сактоо менен бирдикте аны аткара алса.

Жогорку окуу жайлары өзүнүн обочолонгон филиалдары болбогон түзүмдүк өзүнө камтып бирдиктүү унитардык мекеме катары куралышы мүмкүн. Мындай окуу жайларына Кыргыз Аскердик институтун келтирүүгө

болот. Баардык башкаруу укугу борборлоштурулу ректор, начальник, директор, президентке таандык.

Үчүнчү өзгөчөлүк мамлекеттик жогорку окуу жайы. Ал обочолонгон түзүмдүк бөлүктөргө ээ болуусу мүмкүн. Жогорку окуу жайында ченем жаратуучулук ишмердүүлүгүн негизги башкаруу органы болгон жетекчи, окумуштуулар кеңеши, педагогикалык кеңеш коллегиалдуу актыларды кабыл алат.

Локалдуу актылардын мүнөздүү өзгөчөлүктөрүн катары төмөнкү белгилерди келтирүүгө болот;

- мыйзам астындагы акт саналат;
- жалпыга милдеттүү болгон ченемдерди камтыйт;
- мекеменин чектеринде гана аныкталат;

Жогорку окуу жайынын уставы окуу жайлары үчүн өз алдынча кароо мүмкүнчүлүгү берилген. Жогорку окуу жайлары уставы укуктук уюшумдук формасы, жалпы жыйындын натыйжасында, бир жактуу бүтүмдүн натыйжасында бекилет.

Жогорку окуу жайларынын локалдуу актыларына дагы коллективдүү келишимди, түзүмдүк бөлүктөр боюнча жоболор, инструкциялар, эрежелер саналат.

Жогорку окуу жайларынын уставында төмөнкү талаптар сакталышы керек;

- билим берүү мекемесинин дареги, мекеменин статусу;
- уюмдаштыруучулар;
- билим берүү мемемесинин укуктук уюшумдук-формасы;
- билим берүү процессинин максаты, билим берүү программаларынын деңгээли;
- билим берүү процессинин негизги мүнөздөмөсү;
- окутуунун тили;
- кабыл алуу эрежелери;
- окуунун мөөнөттөрү;

-аралык студенттерди аттестациялоонун формалары баалоо критерийлери;

- окутуунун режими;

Учурдагы билим берүүнү реформалоо алардын рынок шарттарындагы жашап кетүүсүн бир канча татаалдаштырып, финансылык каржы маселеси алдыңкы орунда экендигин белгилей кетүү керек. Мына ошондуктан уставдарында уставдык максаттарга жетүү үчүн пайда алып келүүчү ишмердүүлүк менен алектенүүгө уруксат берилген кээ бир окуу жайлары өздөрүнүн уставдарында мындай пайда алып келе турган ишмердүүлүктүн түрлөрүн дагы аныктаган.

Жогорку окуу жайынын ишкердүүлүк менен алектенүүсү боюнча дагы бир катар окумуштуу экономисттер өз ойлорун билдиришкен аларга Т. И. Грицкевичти [98, 68-б.], Н.А. Медушевскийди [99, 79-93-б.], жана башкаларды кошууга болот.

Ошону менен бирдикте белгилей кетүү керек Кыргызстандагы жогорку окуу жайларын дагы экономикага олуттуу салым кошору Ата-мекендик окумуштуулар тарабынан айтылып келүүдө. Аларага Ч.У. Адамкулованы, И.С. Болджурованы, Нур уулу Досболду, С.К. Калдыбаевди, Ф.И. Рыкулуеваны жана башкаларды келтирүүгө болот.

Жогорку окуу жайын башкаруу аспектилери, экономикалык жактары, тарыхый аспектилери билим берүү сапаты боюнча бир катар олуттуу изилдөө жүргүзүшкөн.

Изилдөөчү С.Ю. Михайлова, А.Л. Музякова: «учурда жогорку универститеттик окуу жайларында университеттин ишмердүүлүгүн уюштуруу боюнча суроолору жаралууда. Ал бир эле көз ирмемде чечилбестен анын баштапкы чагылыштарына кайрылуу аркылуу чечилүүсү керек дешет» [100, 15-22-б.].

Учурдагы жогорку окуу жайларынын билим берүү укуктук статусундагы уставындагы жарандык укуктук статустун мазмунун калыптандырган окуу жайдын чарба жүргүзүү ыйгарымдары бакшача айтканда экономикалык

ишмердүүлүк өзөктүү суроолордун бирин түзөт. Анткени экономика баардык ишмердүүлүктүн негизи катары келип чыгат.

жогорку окуу жайларындагы типтүү калыптанган мамилелерди жөнгө салуунун чөйрөсүн так аныктоодо ченем жаратуу процесси аркылуу анын ишмердүүлүгүнүн натыйжалуулугуна жетишүүгө болот.

Россия Федерациясынын: «Билим берүү жөнүндө мыйзамынын 25-беренесинде ички локалдуу актылар боюча бир канча толук кандуу жөнгө салуу ишке ашырылган» [101].

Кыргызстанда жогорку окуу жайларында жетекчиликти «Жогорку окуу жайларынын жетекчилигин дайындоо боюнча атайын токтом»[102] жөнгө салат.

Окуу жайдын жетекчиси өзүнүн ыйгарым укуктарын Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жүргүзөт.

-Ал университеттин атынан башка мекеме уюмдар менен алака кылат;

-университеттин ишмердүүлүгү боюнча жооп берет;

-университеттин түзүмүн аныктоо боюнча сунуш келтирет;

-университеттин кадрдык курамын аныктайт;

-университеттин түзүмдүк бөлүктөрүн жетекчилерин дайындайт;

-штаттык жадыбалды түзөт;

-өз ыйгарым чегинде буйрук чыгарат, көрсөтмөлөрдү берет [103].

Ички локалдуу актыларда жөнгө салынган мамилелердин бири катары аны башкаруунун формалары өзгөчө маанигэ ээ. эреже катары ал жеке жана колегиалдуу башкаруунун айкалышы аркылуу ишке ашырылат. Коллегиалдуу башкаруу Кыргыз Республикасынын: «Жогорку окуу жайынын окумуштуулар кеңеши жөнүндө жобо» [104] менен жөнгө салынат

Жогорку кесиптик билим берүү мекемелеринде ички башкаруусу жеке коллегиалдуу формада жүргүзүлөт. Жогорку окуу жайынын окумуштуулар кеңеши бир канча ыйгарымдарга ээ аларга;

- кадрдык, чарбалык иштер, кызмат орундарын ээлөө, каржылык суроолору, социалдык камсыздандыруу, шыктандыруучу пакеттер, конкурстук

шайлоону өткөрүү, түзүмдүк бөлүктөрдүн жыл ичинде аткарылган ишмердүүлүгүн баалоо, илимий изилдөө иштеринин багыттарын аныктоо, адистиктерди, илимий темаларды жана жетекчилерин бекитүү суроолору кароосу жатат.

Окумуштуулар кеңеши окуу жайдын ишмердүүлүгүн оптималдаштыруу максатында анын түзүмдүк бөлүктөрүн кеңейтүү же кыскартуу, өнүктүрүүнү стратегиялык пландарын иштеп чыгат жана бекитет.

Окуу процессин уюштурат, жогорку окуу жайлардын факультеттеринин, кафедраларынын башчыларынын кызмат орундарына конкурстук шайлоолорду өткөрөт. Илимий наамдарга көрсөтүү боюнча чечим кабыл алуу менен жогорку аттестациялык комиссияга сунуштама келтирет. Окуу жайдын социалдык саясатын ишке ашырат, студенттерге стипендияларды берүү сыйлыктарга көрсөтүү боюнча сунуш келтирет.

Локалдуу актылардын ичинде коллективдүү (жамааттык) келишим дагы бир канча маанилүү орунга ээ. Ал: «Жамааттык келишимдер жөнүндө» [105] мыйзам менен жөнгө салынган. Ошондой эле жаматтык келишимди Кыргыз Республикасынын «Эмгек кодекси» [106] жөнгө салынган.

Жогорку кесиптик билим берүү мекемелеринин локалдуу актыларынын курамында жамааттык келишим» өзгөчө орунга ээ. Жамааттык келишим жумуш берүүчү биринчи жагынан, экинчи жагынан эмгек жамааты жумушка кирүүчүнүн мамилелерин жөнгө салат.

Жогорку окуу жайындагы жамааттык келишимдин функциясы катары бир катар жагдайларды атап өтүүгө болот аларга;

- эмгек шарттарын жөнгө салуу;
- эмгек мамилелеринин туруктуулгун камсыз кылуу;
- окуу жайынын жамаатынын укук жана кызыкчылыктарын коргоону камсыз кылуу;
- жогорку окуу жайындагы эмгек шарттарынын камсыз кылуу менен натыйжалуулугун арттыруу;
- эмек жамаатынын социалдык жактан камсыз кылуу;

- студенттердин укук жана эркиндиктерин камсыз кылуу саналат.

Жамааттык келишимдин түзүлүшү бир катар маанилүү укуктук натыйжаларды, укук жана милдеттердин жоопкерчиликти, алып келүүчү укуктук негиз жаратуу менен ал укуктук формага айланып аны официалдуу локалдуу акт катары колдонууга жатат.

Жаматтык келишим мамлекеттин атынан чыкпаса дагы, ал укуктук жөнгө салуунун бардык талаптары менен дал келет ошону менен бирге андагы маанилүү жөнгө салуу мамилелерин кураган эмгек мамилелери кирет.

Белгилей кетүү керек жогорку окуу жайынын жамааттык келишиминин өзүнө мүнөздүү болгон бир катар жагдайларды айтууга болот.

Бул жагдайлар жогорку окуу жайынын максаттарынан келип чыгат. Жогорку окуу жайы бир гана жогорку кесиптик билим берүү программаларын ишке ашырбастан жогорку окуу жайдан кийинки билим берүү программаларын дагы ишке ашырат. Илимдин ар кандай багыттары боюнча фундаменталдык илим изилдөөнү жүргүзүшөт. Жогорку окуу жайынын окутуучу-профессордук курамы кошумча илимий ишти жазуу үчүн, окуу усулдук колдонмолорду иштеп чыгуу, башка мекемеге барууга, кошумча чыгармачылык өргүүгө чыгуусу жамааттык келишимде каралат.

Жаматтык келишимде кошумча окутуучу профессордук курамга айлык акыларын төлөө, кандидаттык жана доктордук диссертацияларды коргогондугу үчүн кошумча айлык акысына төлөм жүргүзүү, бир жолку сыйлоо каражатын алуу сыяктуу жагдайлар дагы жөнгө салынат.

Жамааттык келишим укуктук уюшумдук формадан көз карандысыз түрдө түзүлөт. Жамааттык келишим-менчик ээси же ыйгарым укукка ээ болгон орган менен менен бирдикте экинчи тарабынан эмгек коллективинин кесиптик кошундары менен эмгек, социалдык экономикалык маселелер боюнча, жумуш убактысы, айлык маяна, эмгек өргүүсү, социалдык камсыз кылуу, жумушка кабыл алуу жана бошотуу, сыйлоо жана дисциплинардык чаралар боюнча дагы суроолор камтылышы мүмкүн.

Жамааттык келишим ички локалдуу актыда жумуш берүүчү менен жумушка кабыл алынып жаткандардын өз ара тандеми катары баалоого болот. Жамаатык келишим окуу жайы менен укуктук мамилелери жөнгө салуу менен ал жерде эмгектенүү процессинен келип чыккан маселер боюнча өз ара келишип компромисстик жоболорду камтуу менен алуучу чечимдерге түздөн түз таасир берип бир жактуу чечим кабыл алууга бөгөт коет. Ал менчик ээсинин же уюмдаштыруусунун абсалюттук бийлигин чектейт.

Жамааттык келишимдин мазмундук жактары юридикалык күчү жогору турган ченемдик актыларга карама- каршы келбестен эмгек, граждандык кодекс, жогорку окуу жайларынын уставдарына, жоболоруна дал келүү талабын орнотот.

Педагогикалык курам, конкурстук негизде кабыл алынат. Жогорку окуу жайынын факультеттеринин, кафедраларынын башчылары, профессордук доцентттик, окутуучулук кызмат орундарына конкурстук негизде шайлоо аркылуу тандалып 5 жылдык мөөнөт менен дайындалат.

Жогорку окуу жайдын профессордук окутуучулук курамы Кыргыз Республикасынын «Жогорку окуу жайынын профессордук-окутуучу курамынын кызмат ордун ээлеп туруунун тартиби жөнүндө жобонун негизинде жөнгө салынат» [107].

Ал эми жогорку окуу жайынын кафедрасынын, факультетинин башчыларынын укуктук мамилелерин «Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайынын кафедрасы жөнүндө» [108] жобонун, «Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайынын факультети жөнүндө жобонун негизинде жөнгө салынат » [109].

Жогорку окуу жайларынын ишмердүүлүгүн жөнгө салган жоболор локалдуу актылар тутумунда эң көлөмдүү орунду камтыйт.

Аларга «жогорку окуу жайларынын түзүмдүк бөлүктөрү» [110], «жогорку окуу жайларынын бүтүрүүчүлөрүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоо жөнүндө» [111] дагы бир катар жоболорду айтууга болот.

Жогорку окуу жайынын ишмердүүлүгүн жөнгө салган билим берүү укуктук статусун камтыган ченемдер локалдуу актылар тутумуна кирип, жалпы ачык мүнөзгө ээ болуу менен жогорку окуу жайындагы окуу процессин, чарбалык, эмгек мамилелерин жөнгө салуучу ченемдерди өзүнө камтыйт.

Изилдөөчү С.В. Макарова: «жамааттык келишим кызматкерлердин активдүүлүгүн ашыруучу ченемдик акт катары сапаттарга ээ. Мекеменин экономикалык мүмкүнчүлүктөрүнө жараша кызмактерлердин чыгармачылык менен иштөөгө шарт түзөт. Ал ошондой эле бир гана жөнгө салуу функцияны ишке ашырбастан, психологиялык функцияны дагы ишке ашырат» [112, 52-59-б.] деп жазат.

Локалдуу актылардын мазмундук жактарын изилдеген П.Т. Подвыцоский «мындай актыны сапаттуу иштеп чыгуу жумушчулардын социалдык активдүүлүгүн жогорулатууга маанилүү өбөлгө түзөт» [113, 56-б.] дейт.

Жогорку окуу жайларынынын локалдуу актыларынын укуктук табияты жаралашы юридикалык табиятынын орун алгандыгын ачыктайт. Аларга ченемдүүлүк жана маалыматтык шарттар деп атоого болот. Ченемдик шарттар убактын чектери менен чектелбейт. Мисалы жаматтык келишимдин мөөнөтү менен чектелбейт, ошондой эле ал жоюлбайт мисалы кошумча эмгек өргүүсүн алуу, педагогикалык стажы үчүн кошумча акы алуу сыяктуу суроолор.

Маалыматтык шарттарга аракеттеги эмгек укугунун нормалары менен байланышкан, мисалы илимий изилдөө ишин алып баруу үчүн кошумча эмгек өргүүсүн алуу.

Демек, билим берүү укуктук статусунун мазмунун өздүк ченемдер ички ишмердүүлүктү жөнгө салуучу ченем жаратуучулук ишмердүүлүгүнүн натыйжасында кабыл алынган локалдуу актылар саналат.

Жогорку окуу жайларынын билим берүү укуктук статусунун жөнгө салган ченемдердин тутумуна уставы, жаматтык келишимдер, окуу процессин жөнгө салуучу жоболор саналат.

Билим берүү укуктук статусу укуктук уюшумдук, ченем жаратуучулук башкаруу мамилелеринин негизинде куралат.

Жогорку окуу жайынын билим берүү укуктук статусун калыптандыруучу болуп анын уставы саналат.

# БАП III КЫРГЫЗСТАНДАГЫ ЖОГОРКУ ОКУУ ЖАЙЛАРЫНЫН УКУКТУК СТАТУСУНУН КӨЙГӨЙЛӨРҮ ЖАНА АНЫ ЖАКШЫРТУУНУН ЖОЛДОРУ

## 3.1. .Жогорку окуу жайларынын укуктук статусунун жөнгө салуунун тенденциялары

Учурдагы Кыргызстандын коомдук турмушунда жогорку окуу жайларынын орун алышы мамлекеттик саясаттын анын ичинде билим берүү саясатынын маанилүү багыттарынын бири катары таанылат.

Мамлекет жаш жогорку билимдүү кадрларга муктаж экендиги экемендүүлүк жылдарынан бери келе жаткан актуалдуу көйгөйлөрдүн бири. Анткени билимдүү кадрлар коомдук турмуштун ар кандай чөйрөсүндө алдыга сүрөөчү локомотив катары башкаруучу, аткаруучу, көмөкчү кызматтарда жигердүү эмгектенгенде гана экономикабыз алдыга жылып, турмушубуз жакшырат.

Жогорку окуу жайларынын саны азыркы учурда 58ге жетти. Анын ичинен 46 окуу жайы мамлекетик жогорку окуу жайы, калгандары мамлекеттик эмес жогорку окуу жайлары.

Алар учурда бир канча миңдеген контингенти бар студенттерди өзүнө тартуу менен бирдикте жогорку кесиптик билим берүү программаларын ишке ашырууда.

Уюшумдук укуктук формасынын мазмуну дагы бир катар өзгөчөлүктөргө ээ болду. Анткени базар экономикасына өткөндөн кийин менчиктин ар кандай формасына кеңири жол берилип бул өз кезегинде мамлекеттик эмес окуу

жайларынын ачылышына дагы шарт түздү. Ошону менен бирдикте Кыргызстан эл аралык аренада өз алдынча эгемен көз карандысыз мамлекет болгондон кийинки мезгилдерде тактап айтканда өткөн кылымдын 90 жылдарынын аягынан баштап өз алдынча мамлекет катары түтүн булата баштады.

Базар экономикасынын калыптанышы, коомдук турмуштагы саясий экономикалык, социалдык, маданий реформалар дагы коомдук турмуштун ар кандай чөйрөсүндө олуттуу өзгөрүүлөргө алып келди. Билим берүү тармагы дагы бул өзгөрүүлөрдөн четте калбастан олуттуу өзгөрүүлөргө дуушар болду.

Билим берүү чөйрөсүн мамлекеттик саясаттын дагы манилүү багыты болгондуктан аны реформалоо, натыйжалуулугун жогорулатуу, билим берүү сапатын жакшыртуу боюнча катар ири чечкиндүү реформалоолорго барууга мажбур болду. Билим берүү тармагындагы интегерациялык процесстер Кыргызстандын билим берүү тармагы боюнча бир катар жаңы жандашууну талап кылган инновациялык реформаларга барды.

Жогорку билим берүү тармагы эл аралык статуска ээ болгон жогорку окуу жайларынын ачылышына жол ачты ага мисал катары Кыргыз-Россия Славян университетинин ачылышын айтууга болот.

Учурдагы жогорку окуу жайларынын укуктук статусуна мүнөздөмө берүү менен алардын укуктук абалынын укуктук табиятын чагылдыруу жалпылык жана өзгөчөлүктөрүн түзүмүн аныктоо изилдөөбүздүн обьектисин түзөт. Мына ошонудуктан жогорку окуу жайларынын укуктук статусунун жалпы мүнөздөмөсүн талдоо бир катар усулдук жактан дагы маанилүү деп эсептейбиз.

Илимий адабияттарда мыйзам актыларынын жыйымында билим берүү уюмунун укуктук статусу боюнча анын ичинде окумуштуу адистердин, эксперттердин көз караштары бирдей эместигин белгилей кетүү керек.

Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлиги жогорку окуу жайларын лицензиялоону ишке ашырат. Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө»: «мыйзамдын 1-беренеси тийиштүү баскычтагы билим берүү уюмун ишмердүүлүк жүргүзүүгө уруксат берүү менен бирдикте

мамлекет тарабынан аныкталган стандарттардын чегинде кепилдикке алынган билим сапатынын камсыз кылынышын көзөмөлдөйт» [56].

Билим берүү мекемелеринин укуктук статусу укуктук табияты тутумдуу, социалдык институттар менен тыгыз байланышкандыгы, анын үзгүлтүксүздүгү, бир канча баскычтуулугу, бир катар укуктун тармактары менен жөнгө салынышы менен мүнөздөлөт.

Жогорку окуу жайларынын конституциялык укуктук статусу бир канча жетектөөчү ролдо экендигин эске алуу менен бирдикте негизги булак катары таануу зарыл. Жогорку окуу жайларынын укуктук статусу конституциялык деңгээлде аныкталышы анын башка укуктун тармактарындагы жетекчи ролун көрсөтөт.

Кыргыз Республикасынын 1993-жылдагы тунгуч Конституциясы: «акысыз билим алуу менен бир катар акы алуу менен билим алуу укугун дагы караган. Мамлекет тарабынан билим берүү уюмдарынын ишмердүүлүгүн көзөмөлгө алуу укугу бекилген» [1] .

Ал эми 2016 жылдагы Кыргыз Республикасынын Конституциясы: «45-беренеси мамлекеттик жана муниципалдык окуу жайларын өнүктүрүүгө шарт түзөрүн бекиткен» [114].

2021 жылдын 11-апрелиндеги бүткүл элдик референдум аркылуу кабыл алынган Кыргыз Республикасынын Конституциясы: 46-беренеси жалпы орто билим менен кошо баштапкы кесиптик билим алуунун акысыздыгын бекитти.

Олуттуу өзгөчөлүк катары мамлекеттик жана мунициалдык окуу жайлары менен жеке менчик окуу жайларынын өнүктүрүүгө ошондой эле квалификациясын жогорулатууга шарт түзөөрүн бекитти » [3].

Жогорудагы талдоо көрсөткөндөй Кыргызстандагы окуу жайлары анын ичинде жогорку окуу жайларынында менчиктин ар кандай формасында түзүүгө мүмүкүнчүлүк бар экендиги мыйзам актылары менен бекилген.

РФ Конституциясынын: «43-беренесинде акысыз конкурстук негизде мамлекеттик жана муниципалдык окуу жайларында жогорку кесиптик билим алуу укугун бекиткен» [115]. Башкача айтканда акысыз билим алуу укугу

көптөгөн постсоветтик өлкөлөр үчүн мүнөздүү экендигин белгилей кетүү керек.

Кыргызстанда акысыз жогорку билим алуу укугу конституциялык деңгээлде жөнгө салынган. Бирок аны ишке ашыруу механизмдери каралган эмес.

Акыркы Конституциялык реформалар билим алуу боюнча бир катар укуктарды кеңейтүү менен бир катар баскычтагы билимди анын ичинде жогорку билимди акысыз алуу укугун карады.

Көптөгөн өлкөлөрдүн негизги мыйзамдары жарандардын билим алууга болгон укугун конституциялык деңгээлде караган. Аракеттеги Конституция бир катар билим деңгээлдери боюнча билим алуу акысыздыгын орнотуу менен бирдикте акы төлөп окууту мүмкүнчүлүгүн да карган. Белгилей кетүү керек калктын аярлуу катмарына орто кесиптик, жогорку билим алуу акысыздыгын орнтотту.

Демек, мамлекет бир гана мамлекеттик жогорку окуу жайлары эмес жеке менчик жогорку окуу жайларынын өнүгүшүнө дагы бирдей шарт түзөөрүн аныктаган.

Биз илимий изилдөөбүздүн экинчи бөлүмүндө жогорку кесиптик билим берүү мекемелеринин укуктук статустун талдоого алганбыз. Талдоо көрсөткөндөй ал бир канча көлөмдүү экендигин бир катар укуктун тармактары аркылуу жөнгө салынаарын эске алсак ал комплекстүү жөнгө салынат. Жөнгө салуучу ченемдердин ичинде көлөмү боюнча жарандык укуктук мамилелер аркылуу жөнгө салынышын басымдуулук кылат.

Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин 83-беренеси: «Менчигинде, чарба жүргүзүүсүндө же оперативдүү башкаруусунда өзгөчөлөнгөн мүлкү бар жана өзүнүн милдеттенмелери боюнча ал мүлкү менен жооп берген, өз атынан ушул мүлккө байланышкан жана мүлккө байланышпаган жеке укуктарга жана милдеттенмелерге ээ боло алуучу жана ишке ашыруучу, сотто доочу жана жоопкер катары да чыга алуучу уюм юридикалык жак катары таанылат» [68] деп бекиткен.

Кодекстин 85-беренесине: «юридикалык жактар өзүнүн максатталышы боюнча коммерциялык жана коммерциялык эмес жактар деп бөлүнөт. Жогорку окуу жайлары коммерциялык эмес юридикалык жактарга кирет. Өз ишмердигинин негизги максаты катары пайда табууну көздөбөгөн жана алынган пайданы катышуучулардын ортосунда бөлүштүрбөгөн (коммерциялык эмес) уюмдар юридикалык жактар боло алат» [68] деп бекилген.

Кыргыз Республикасынын: «Коммерциялык эмес уюмдар жөнүндө мыйзам физикалык же юридикалык жактар тарабынан жалгыз же биргелешип юридикалык жакты түзүү менен же түзбөстөн негизги максаты катары пайда алууну көздөбөгөн ишмердүүлүк» [66] деп бекиткен.

Россия Федерациясынын «Билим берүү жөнүндө» мыйзамынын 12-беренеси: «билим берүү ишмердүүлүгүн жүргүзгөн жактар коммерциялык эмес уюмдар гана боло алышат» [116] деп бекиткен.

Жогорку окуу жайлары коммерциялык эмес юридикалык жак катары жарандык укуктук төмөнкү белгилерге ээ;

- юридикалык жак катары жогорку кесиптик билим берүү мекемелери жарандык укук жана милдеттерди кабыл алат;
- жогорку кесиптик билим берүү мекемелери бир катар деңгээлдеги билим берүү программаларын ишке ашырууга укуктуу;
- обочолонгон мүлкү жогорку окуу жайынын ыкчам башкаруусунда, колдонуусунда, же менчигинде болот;
- мүлк билим берүү процессине гана багытталып, башка максаттарга колдонууга, тескөөгө уруксат берилбейт.
- жогорку окуу жайы пайда алып келүүчү ишмердүүлүк менен алектенүүгө укуктуу, бирок ал билим берүү процесси менен байланышпоосу зарыл;
- окуу жайлары табылган кирешеге болгон менчик укугуна ээ болуу менен ага ээлик кылууга, пайдаланууга, тескөөгө укуктуу.

Демек, акыркы учурдагы мыйзамдык өзгөрүүлөр жогорку окуу жайларынын укуктук чарбалык абалын аныктоо менен бидикте алардын өз алдынча экономикалык мамилелерге катышуу укуктарын бир топ кеңейтти.

Биздин оюбузча жогорку окуу жайларынын укуктук абалына мүнөздүү белгилерди топторго бөлүү менен ажыратууга болот. Аларга;

- административдик мамилелер жалпы ачык бийлик мамилелери;
-жогорку окуу жайдын ичиндеги башкаруу, көзөмөл кылуу мамилелери;
-жогорку окуу жайларынын башка билим берүү мекемелери, жактар менен байланышындагы мамилелер деп бөлүүгө болот.

Кыргызстандагы жогорку кесиптик билим берүү мекемелеринин укуктук статусун талдоонун актуалдуулугун бир катар факторлор менен түшүндүрүүгө болот аларга;

- учурдагы конституциялык реформалардан кийинки билим берүү чөйрөсүндөгү мамлелерди негизги мыйзамга дал келтирүү;
- билим берүү мамилелер чөйрөсүнүн кеңейиши;
- уставдык максаттарга жетүү үчүн ишкердүүлүк менен алектенүүнүн кеңейиши;
- жогорку кесиптик билим берүү мекемелеринин укук жана милдеттерин жөнгө салуунун деталдаштыруу сыяктуу жагдайлар түзөт.

Улуттук статистикалык комитеттин малыматтарына таянсак 2020-2021 окуу жылдарында менчиктин аркандай формасындагы жогорку окуу жайларында 214 миңден ашуун студент окуп жатат [117, 9-б.].

Демек, мамлекет жогорку билим берүү чөйрөсүндө багыттуу билим берүү саясатын жүргүзүү зарылчылыгын карайт. Ошондуктан Кыргызстанда улуттук жогорку билим берүү тутумунун калыптанышы аракеттениши жана өнүгүшү боюнча билим берүү саясатын учурдун талаптарына ылайык жүргүзүү милдети каралат.

Кыргызстандын жогорку кесиптик билим берүү саясатынын негизги багыттары жалпы мамлекттин билим берүү саясатынын алкагында иш жүзүнө ашырылат.

Мамлекеттин билим берүү саясаты калыптанган жетектөөчү башталыштарга ээ болуу менен мамлекеттин билим берүү саясатындагы стратегиялык багыттарды камтыйт.

Кыргыз Республикасынын Конституциясы, «Билим берүү жөнүндө» мыйзамы, «Жогорку кесиптик билим берүүнүн билим берүү уюмдары жөнүндө» жободо билим берүү саясатынын негизги принциптери аныкталган.

Кыргызстандагы билим берүү саясатын ишке ашырууда негизги принциптер катары;

-эл аралык келишимдерде, Декларацияда, Пактыларда каралган жалпы принциптерге демократиялулукка, гумандуулукка негизделген;

- билим алуудагы теңдүүлүк;
- билим алуунун милдеттүүлүк жана акысыздыгы:
- жалпы адамзаттык баалуулуктарга негизделиши;
- дүйнөлүк билим берүүнүн алдыңкы тажрыйбасын багыт алуу;
- билим берүүнүн үзгүлтүксүздүгү;
- билим берүүнүн динден ажыратылышы;
- билим берүү процессиндеги академиялык эркиндик.

Кыргызстандагы жалпы билим берүү саясатынын анын ичинде жогорку билим берүү чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясат ырааттуу демократиялык саясат жүргүзүлүүдө.

Өзүнүн ишмердүүлүк процессинде чарбалык, финансылык, уюшумдук-башкаруучулук мамилелери менен да укуктук мамилелерге катышуу менен жогорку кесиптик билим берүү мекемелери укуктук мамилелердин субъектиси катары келип чыгат. Бул мамилелер кесиптик билим берүү процессин ишке ашырууга менен байланышкан көмөктөшүүчү мамилелер деп атоого болот.

Мына ошондуктан даярдоонун багыттары көптөгөн жогорку окуу жайларынын аталыштарына дагы таасир берет (аскердик институт, медициналык институт, педагогикалык институт, жана башкалар).

Жогорку окуу жайлары укуктук уюшумдук формасы боюнча коммерциялык эмес юридикалык жак уюм катары: «Граждандык кодексинин 164 –беренесине» [68], «Коммерциялык эмес уюмдар жөнүндө мыйзамынын 2-беренесинин жоболоруна дал келет» [66].

Кыргыз Республикасынын: «Кесиптик жогорку билим берүүнүн билим берүү уюмдары жөнүндө Жобого ылайык жогорку жогорку окуу жайынын сатусу анын түрүнө, уюштуруучулук укуктук формасына, аккредитациясына жараша аныкталат деп» [118] жазылган.

Жогорку окуу жайлары уставдын негизиде иш алып барышат. Жогорку окуу жайынын уставы укуктук статусту калыптандыруучу ченем катары таанууга болот.

Жогорку окуу жайынын уставын талдоодон алдын «устав» түшүнүк аппараты боюнча талдоо жүргүзсөк. Анткени уставдын укуктук табияты боюнча азыркы мезгилге чейин окумуштуулар арасында бир жактуу жандашуу жок.

Н.В. Козлова: «Азыркы мезгилдеги устав түшүнүгүн ченемдик акт, локалдуу акт, уюмдаштыруучу документ, мыйзам астындагы акт катары жандашып келишет. Мындай көз карашты көптөгөн окмуштуулар карманышат» [119, 232-273-б.] деп жазат.

Устав сөзүнүн этимологиялык маанисине көңүл бурсак. С.И. Ожеговдун сөздүгүндө: « устав эрежелердин жоболордун жыйымы катары түшүнүлүп, бир нерсенин орнотулушун аткарылышынын тартибин, кандайдыр бир уюмдун түзүлүшүн, ишмердүүлүгүн аныктаган, алардын мүчөлөрүнүн укук жана милдеттерин, кандайдыр бир коомдо аныктаган кубулуш» [120, 777-б.] катары баяндалат.

Окумуштуу Н.В Козлова : «уставдын жоболору унитардык юридикалык жактын уюмдаштыруучуларына даректелет. Устав юридикалык жактын өкүм сүрүүсүнүн формасы катары чагылат» [121, 64-78-б.] дейт.

Кыргыз Республикасынын: «Юридикалык жактарды, филиалдарды (өкүлчүлүктөрдү) мамлекеттик каттоо жөнүндө мыйзамынын 19-беренесине

ылайык “жогорку окуу жайлары дагы катталгандан кийин бирдиктүү реестрге киргизилет» [122].

Жогорку кесиптик билим берүү уюмунун уставы мамлекеттик билим берүү жаатындагы башкаруу органы менен макулдашылгандан кийин юстиция органдарында катталууга жатат. Жогорку окуу жайларында көзөмөлчүлүк, педагогикалык, окумуштуулар кеңеши түзүлүшү мүмкүн.

Жогорку окуу жайын түздөн түз ректор, президент, начальник адистештирилген жогорку окуу жайларында, директор башкарат.

Жогорку окуу жайынын жетекчиси жогорку окуу жайынын жалпы ишмердүүлүгү, адистердин даярдыгы боюнча билим берүү стандарттарын дал келүүсүн, каржылык жана чарба иш аракеттеринин натыйжасына жооп берет.

Өзүнүн ыйгарым укуктарынын чегинде буйрук чыгарат, көрсөтмө берет.

Жогорку окуу жайлары өзүнүн ишмердүүлүк процессинен келип чыккан финасылык каржылык маселелер боюнча тийиштүү финансылык органдарга аныкталган тартипте отчет берет.

Өзгөчө адистештирилген окуу жайлары (жогорку аскердик институт, Ички Иштер академиясы) сыяктуу окуу жайларын уюмдаштыруучу болуп Кыргыз Республикасынын Өкмөтү, Президенти саналат. Окуу жайларынын жетекчилерин дайындоо административдик мүнөзгө ээ.

Жеке менчик окуу жайларынын уюмдаштыруучулар тарабынан аныкталган тартипте түзүлүп, кайра уюшулуп же жоюлушу мүмкүн. Жогорку окуу жайын түзүү үчүн тийиштүү материалдык техникалык, илимий-педагогикалык жана окуу усулдук база болуу талабы коюлган.

Жогорку окуу жайы өзүнүн аракет жөндөмдүүлүгүн бир канча талаптар аткарылгандан кийин алат. Башкача айтканда билим берүү ишмердүүлүгү уруксат алынуучу ишмердүүлүкө киргендигине байланыштуу лицензия алгандан кийин ээ болот. Ал эми тийиштүү мамлекеттик үлгүдөгү документтерди ыйгаруу аккредитациядан өткөндөн кийин ээ болот.

Жогорку окуу жайларынын тиешелүү багыттагы же адистиктеги жогорку кесиптик билим берүү программаларын ишке ашырууда алардын чеги

контингенти лицензиялоодо жана аккредитациялоонун натыйжасына жараша берилет. Бул учурда Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлиги ыйгарым укуктуу орган катары таанылат.

Мамлекеттик жогорку окуу жайлары мамлекеттик заказ боюнча жогорку кесиптик билимге ээ болгон адистерди даярдайт.

Жогорку окуу жайлары жогорку кесиптик билим берүү жана жогорку окуу жайдан кийинки кесиптик билим берүү программаларын ишке ашырууда прикладдык жана фундаменталдуу илимий иш жүргүзүүгө милдеттүү.

Демек, Кыргызстандагы жогорку окуу жайлары тийиштүү деңгээлдеги ченемдик жөнгө салууга кабылып учурдагы коомдук мамилелердин анын ичинде социалдык керектөөлөрдү камсыз кылуунун маанилүү боюнча механизми катары кызмат кылуу менен бирдикте коомдун, мамлекеттин руханий потенциялын жогорулатуу максатын көздөйт.

Жогорку окуу жайларынын укуктук статусун жөнгө салуунун жалпы мүнөздөмөсүн талдоонун натыйжасында бир катар тыянактарды чыгарууга болот.

Жогорку кесиптик билим берүү программаларын ишке ашырууну жөнгө салуучу маанилүү мыйзам актылары катары КР «Конституциясы», КР «Билим берүү жөнүндө» мыйзамы, КР «Граждандык» кодекси, КР «Жогорку кесипик билим берүүнүн билим берүү уюмдары жөнүндө»жобосу жөнгө салат.

Жогорку кесиптик билим берүү уюмдарынын баштапкы статусу катары институт статусуна ээ.

Талдоо көрсөткөндөй жогорку окуу жайларынын ишмердүүлүгүн укуктук жөнгө салуунун укуктук табияты жалпы ачык жана жеке ачык мазмунга ээ.

Жогорку окуу жайларынынын укуктук статусунун мазмунундагы нормалар милдеттүү жана милдеттүү эмес мүнөзгө ээ болуу менен уюмдаштыруучулар менен көз карандылык байланышка ээ.

Жогорку окуу жайларынын укуктук статусун калыптандыруудагы бирдиктүү талап катары лицензиялоо менен акредитациялоо саналат.

## 3.2. Жогорку окуу жайларынын укуктук статусунун көйгөйлөрү жана аны жакшыртуунун негизги концепциялары

Жогорку окуу жайларынын ченемдик укуктук жактан жөнгө салынуусу аларды жакшыртуу боюнча юридикалык илимде бир топ бай тажрыйба топтолгондугун белгилей кетүү керек. Учурдагы Кыргызстандын укук тутумунда билим берүү чөйрөсү дагы өз алдынча укук тармак катары жандашуу сыяктуу суроолор учурдагы актуалдуу суроолордун бири катары келип чыгат.

Жогорку окуу жайынын укуктук статусу мазмундук жана формасы жагынан көп катмарлуу экендигин, укуктук табияты бир канча өз алдынча тармактардагы статустар менен аныкталаарын ачыктады. Бул өз кезегинде укуктун бир канча тармактары менен жөнгө салынып өз алдынча статусту калыптандырганы менен ал жалпы бир тутумда бирдиктүүлүгүн көрсөттү.

Көптөгөн окумуштуулар билим берүү чөйрөсүн бир канча жыйымдуу укуктук ченемдер менен жөнгө салынаарын белгилешет. Мына ошондуктан билим берүү чөйрөсү конституциялык, жарандык, административдик укуктун ченемдери менен жөнгө салынат. Андыктан жогорку окуу жайларынын укуктук статусу бир канча компоненттерден турары талашсыз.

Жогорку окуу жайларынын көйгөйлөрүн аныктоо анын теоретикалык жактан изилденүүсү учурдун актуалдуу сроолорунун бирин жаратат жана ошондой эле учурдагы укуктук жөнгө салуу абалына түздөн түз көз каранды. Жогорку окуу жайларынын конституциялык аспектилери И.Ф.Никитина [123, 32-б.], И.В. Тяпкина [124, 23-б.] жана башкалар тарабынан, Ата-мекендик окумуштуулардын Н.К. Атабекова [125, 27-б.] тарабынан изилдөөгө алынган. Жогорку окуу жайларынын административдик укуктук статусу Л.А. Зайцева [126, 23-б.], А.А. Кирилловых [127, 31-б.], И.А. Перепелица [128, 19-б.] жана башкалар тарабынан изилденген.

Жогорку окуу жайларынын жарандык укуктук статусу О.А. Чепарина [129, 26-б.], Т.В. Королева [130, 30-б.], Т.А. Владыкина [131, 28-б.] жана башкалар тарабынан изилдөөгө алынган.

Жүргүзүлгөн изилдөө жогорку окуу жайларынын укуктук статусу, анын укуктук уюшумдук, ченемдик, жөнгө салынуусу боюнча Ата-мекендик юридикалык илимде жетишээрлик деңгээлде изилденбегендиги, укуктук жөнгө салуудагы бир топ боштуктардын орун алышы, жөнгө салуудагы усулдук жандашуунун оптималдуу жактырылбагандыгы, ченемдердин массивинин көптүгү жана алардын тутумга келтирилбегендиги менен мүнөздөөгө болот.

Укуктук уюшумдук формасындагы «уюм» түшүнүгү «мекеме» түшүнүгү менен алмаштырылып калган учурлар бир топ урунттуу.

Экинчи категорияга жогорку окуу жайларынын түрү «университет», «институт», «академия» арасындагы мүнөздүү белгилер толук кандуу мыйзамдык деңгээлде чечилген эмес. Алар бир канча юридикалык күчү төмөн болгон жобо менен гана жөнгө салынган.

Кыргыз Республикасынын: «Жогорку кесиптик билим берүү уюмдарынын» [67] «Билим берүү жөнүндө» [26] мыйзамындагы ички карама каршылыктар, анын «Граждандык» кодекс [68] менен, «Эмгек кодекси менен карама каршылыктары дагы орун алгандыгын белгилей кетүү» [106] керек.

Бул өз кезегинде жалпы эле мамлекеттин билим берүү саясатындагы олуттуу реформаларды жүргүзүүнү талап кылат. Жогорку окуу жайындагы билим берүү мамилелери бир канча туруктуу узак убакытка кайталанып туруусу, типтүү калыптанышы бул жагдайды мыйзамдык деңгээлде жөнгө салууну талап кылат.

Кыргыз Республикасындагы билим берүү чөйрөсүндөгү бир катар көлөмдүү жоболор, инструкциялар, мыйзамдар бар алар систематизацияланган эмес жана өтө чар жайыт жайланышкандыгы аны колдонууну дагы бир канча кыйындатат.

Мына ошондуктан билим берүү чөйрөсүндөгү мыйзам актыларын кодификациялоо сунушу бир канча орундуу деп эсептейбиз. Билим берүү

чөйрөсүн Беларус Республикасы 2010-жылы кодификациялаган [132], ал эми Россия Федерациясында билим берүү кодексинин долбоору талкууланууда.

Кыргызстандагы жогорку окуу жайларынын укуктук статусу: «Граждандык кодекс» [68], Билим берүү жөнүндө» [26] мыйзам, «Кесиптик жогорку билим берүүнүн билим берүү уюмдары жөнүндө» [67] жобо гана жөнгө салган.

Граждандык кодекске ылайык: «Жогорку окуу жайларынын укуктук уюшумдук формасы 164-беренеси боюнча мекеме болуп түзүлүүсү керек эле. Мыйзамдын 1-пункту коммерциялык эмес социалдык маданий максаттарды ишке ашыруу үчүн түзүлгөн жана ал тарабынан толук же жарым-жартылай финансылануучу мамлекеттик же башка уюм мекеме катары таанылат» [68].

Белгилей кетүү керек уюм мекеме катары таанылат деп жазылган. Кыргызстандын бир катар жогорку окуу жайларынын уставдары бул мыйзамдын талабын так сактаган мисалы Кыргыз мамлекеттик юридикалык университети, Кыргыз-Россия Славян университети жана башкалар. Тилекке каршы көпчүлүк жогорку окуу жайларындагы мындай баш аламандык мыйзамдык жөнгө салуудагы катачылыктардын натыйжасында келип чыккан.

Ошол эле билим берүү жөнүндө мыйзамдын 6-беренесинде «билим берүү мекемелери» деп жазылган, ал эми 10-беренеси «билим берүү уюмунун уставы» деп карап жатып билим берүү мекемесинин уставы деген текстке өтүп кеткен. Мындай баш аламандык бир катар беренелерде орун алган.

Демек мыйзам текстин кодификацияланган укуктук уюшумдук форманы аныктаган «мекеме» түшүнүгүнө алып келүү зарыл.

Мына ошондуктан Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» мыйзамынын 1-беренесиндеги «негизги түшүнүктөргө» төмөнкүдөй толуктоо киргизүү зарыл .

Бул укуктук негиз жогорку окуу жайларынын коммерциялык эмес башкача пайда табуу максатын көздөбөгөндүгүн табылган пайданын уюмдаштыруучулар тарабынан бөлүнбөстүгү боюнча жогорку бөлүмдөрдө сөз кылганбыз. Ошондой болсо дагы жогорку окуу жайлары түшкөн каражаттарды

уставдык максаттарга жетүү үчүн сарптоого укуктуу экендиги ачыкталат. Ошону менен бирдикте пайда алып келүүчү ишмердүүлүк менен алкетенүүгө жол берүүдө.

Бул көйгөйдү жөнгө салуунун базар экономикасынын шарттарында жогорку окуу жайларынын өкүм сүрүүсү бир канча татаалдыктарга ээ.

Биринчиси мамлекеттик жогорку окуу жайларына багытталуучу бюджеттик каржаттардын жетишсиздиги, экинчи жагынан мамлекеттик эмес окуу жайларынын өз алдынча каржылоого өтүүсү сыяктуу сроолор камтыйт.

Мындай мыйзамдык жөнгө салуу эчак совет мезгилинин доорунан эле башталган. СССРдин жана Союздук [133] мамлекеттердин граждандык кодекси пайда табуу максаты юридикалык жактарды мындай эки категорияга бөлүнүшүнө алып келген. Башкача айтканда «коммерциялык» жана «коммерциялык» эмес жактар катары. Жогорку окуу жайлары коммерциялык эмес жактарга таандык.

Л.И. Якобсон:«базар экономикасынын шарттарында юридикалык жактардын укуктун кайсыл тармагына таандыктыгы эмес, негизги өндүрүш каражаттарынын колдонулушу эмес, анын чарба жүргүзүү логикасында»[134, 43-б.] деген көз карашты карманат.

Кыргыз Республикасынын: «Граждандык кодексинин 85-беренеси юридикалык жактарды эки категорияга бөлгөн коммерциялык жана коммерциялык эмес» [68].

Изилдөөчү А.В. Габов: «жарандык укуктук коммерциялык эмес уюмдарга мүнөздүү бир катар белгилерди карап, пайда табуу максатынын жоктугу, өз-ара пайданын бөлүнүшүнө тыюу салынуусу, укук жөндөмдүүлүккө ээ болушу, жоюлган учурда мүлктү максатка ылайык колдонуу сыяктуу белгилерди келтирет» [135, 23-б.].

Демек, анын ою боюнча жогорудагы факторлор коммерциялык эмес уюмдарды коммерциялык уюмдардан айрымалоого кызмат кылышы мүмкүн. Пайда табуунун жоктугу негизги ишмердүүлүк катары коммерциялык эмес уюмдарды пайда табуу үчүн ишкердүүлүк менен алектенүүгө түртөт.

Финансылык каржылоо жагынан алганда жогорку окуу жайлары каржылоо толук жана жарым жартылай же толук каржыланышы мүмкүн.

Ошондой эле акы алуу менен кызмат көрсөтүүнүн эсебинен жашап келишет. Учурда мындай практика бир канча кеңири таралган.

Учурдагы окуу жайларды толук кандуу каржылоо жетиштүү болбогондугуна байланыштуу жогорку окуу жайларын каражат табууга мажбурлайт.

Белгилей кетүү керек жогорку билим берүү мекемелерин каржылоонун минималдык көлөмү Граждандык кодекс тарабынан аныкталган эмес анын негизги максатталышын коркунучка коюушу мүмкүн. Пайда артынан түшүү менен негизги билим берүү процесси аны ишке ашыруу, контролдук кылуу сыяктуу функциялар арткы планга жылдырылышы мүмкүн.

Мындай көз караш ты бир катар окумуштуулар дагы колдошот.

А.П.Сергеев, Ю.К.Толстой: «мекемелердин мындай укуктук формасы, жарандык жүгүртүүдө кирүүгө оптималдуу, анткени ал мекеменин ишмердүүлүгүнүн материалдык техникалык жактарын камсыз кылууга багытталган чектелген укуктардын көлөмүн камтыйт»[136, 148-149-б.] деп жазышат.

Демек, мыйзам төлөм боюнча алганда жогорку окуу жайлары өзүнүн уставдык максаталыштарына жараша пайда табуу менен алектенүүгө бул мыйзам жол берет. Жогорку окуу жайларынын пайда табуу ишмердүүлүгүнүн ченемдик бекилиши боюнча бир канча толук кандуу Кыргыз-Россия Славян университетин айтууга болот.

Бул университет окутутуунун келишимдик негизинде акы алуу менен окутуу дагы бул жогорку окуу жайынын пайда табуу булагы катары таанылган. Белгилей кетүү керек устав 70 тен ашуун пайда табуу ишмердүүлүк түрлөрүн аныктаган.[137].

Юридикалык адабияттарда юридикалык жактардын анын мындай бөлүнүшү бир катар кайчы пикирлер менен да коштолот. Кээ бир

окумуштуулар коммерциялык эмес уюмдун бир гана белгисин аныкташса кээ бир окумуштуулар бир катар белгилерди аныктоо зарыл деп эсептешет.

Жогорку окуу жайларынын укуктук уюшумдук формасындагы көйгөй катары анын укуктук жөнгө салуудагы маселелер саналат. Себеби уюмдаштыруучунун менчигине гана негизделип иш жүргүзгөндүктөн каржылоо жеке жактар аркылуу жетишсиз каржыланган учурлары бир канча актуалдуу.

Бул өз кезегинде анда окуп жаткандардын иштегендердин укук жана эркиндиктерин козгоо менен билим берүүнүн сапатына, илимий изилдөөлөрдү жүргүзүүгө, студенттердин социалдык жактан камсыздалуу сыяктуу суроолорго терс таасир тийгизет.

Бул көйгөйдү чечүүнүн бир катар жолдору бар аларга төмөнкүлөрдү келтирүүгө болот;

- окуу жайлардын уюшумдук формасын унификациялоо менен «мекеме» формасына алып келүү зарыл.
- кошумча каражаттарды өзүн өзү каржылоого өтүү үчүн уставдарда пайда алып келүү ишмердүүлүгүн бир канча кеңири бекитүү зарыл. Мындай практика Кыргызстандын жогорку окуу жайларында бар;
- жогорку окуу жайларынын укуктук уюшумдук формасына автономдук коммерциялык эмес уюм формасында уюштуруу зарыл.

Мындай практика Россия Федерациясында иштеп жатат [138]. Жогорку окуу жайлары менчик ээси тарабынан каржыланат. Мына ошондуктан аны «мекеме» деп атоо бир канча орундуу. Мекеме түшүнүгү универсалдуу мүнөзгө ээ.

Автономдуу коммерциялык эмес уюм бир топ айрымачылыктарга ээ аларга төмөнкүлөрдү киргизүүгө болот.

- көпчүлүк уюмдаштыруучуларга, өзүн өзү каржылоого жол берилет, уюмдаштыруучуларга мүлктү бекитип берүү зарылчылыгы жок;
- уюмдаштыруучулар билим берүү мекемесин түзүү боюнча келишим түзүшөт;

- акча каражаттары жана башка мүлктөр мекеменин менчигине өтөт;

-мүлкүн ижарага берүү, алуучу катары уюмдаштыруучунун макулдугу суралбайт, жана уставдык максаттар үчүн колдонулат;

- жогорку окуу жайларын анын өзүн-өзү каржылоого өткөрүү.

Финансылык каражаттарды туура так үнөмдүү иштетүү оптималдуу мененжментти уюштуруу менен мамлекеттик бюджетти үнөмдөөгө шарт түзөт. Бирок белгилей кетүү керек мамлекет тарабынан гранттык орундар, социалдык кепилденген категориялар сакталуусу шарт.

Экинчи маселе жогорку окуу жайлары өзүн-өзү каржылоого өтсө мамлекеттик деген статус кандайча болору белгисиз. Биздин оюбузча бул учурда Россия Федерациясындагыдай автономдук мекеме формасы оңтойлуу.

Жогорку окуу жайларынын өзүн-өзү каржылоо формасына өтүүсү мамлекеттик окуу жайларынын укуктук статусуна дагы таасир берүүсү мүмкүн.

Жогорку окуу жайын каржылоонун минималдык көлөмүнүн аныкталбашы жогорку окуу жайларын өзүн-өзү каржылоого түртүүдө. Бул учурда мекеме аталышы менен укуктук уюшумдук формага таандык болбостон юридикалык жактарга гана тиешелүү болот.

Бул жагдайдан чыгуунун жолун Г.Б. Леонова: «Жарандык кодексте жогорку окуу жайларынын минималдык уставдык капиталын белгилөө зарыл дейт. Эгер бул талап бузулса билим берүү мекемеси жоюлууга же болбосо автономдук коммерциялык эмес уюмга кайра уюштурулуусу зарыл» [139, 67-б.] деп эсептейт.

Ата-мекендик изилдөөчү Ч.У. Адамкулова:«жогорку билим берүүнү модеринизациялоо көйгөйү келип чыгууда. Эмгектин баасынын индексацияланышы,жогорку окуу жайларынын ишмердүүлүгүндөгү чыгымдар, жогорку окуу жайларынын көбөйүшү себеп болууда» [140, 173-176-б.] дейт.

-жогорку окуу жайларынын эл аралык билим берүү рыногунда атаандаштыкка жөндөмдүү шарттарды түзүлүшү;
-жогорку окуу жайларынын инновациялык өнүгүшүнө шарт түзөт.

Ал эми жогорку окуу жайларына;
-башкаруу жана чарбалык өз алдынчалуулук берет;
-экономика чөйрөсүнө натыйжалуу интеграцияланышына;
-мамлекеттик катуу аныкталган чектен тышкары өз алдынча саясат жүргүзүүгө;
-жогорку окуу жайын башкаруунун моделин тандоо эркиндиги.

Демек, бул көз караштын дагы артыкчылык жактары бар экендиги ачыкталууда. Бул биринчи кезекте жогорку окуу жайларынын экономикалык абалын жакшыртуу үчүн шарт түзөт. Алардын автономдуулугун жакшыртат.

Демек жогорку окуу жайларынын коммерциялык эмес юридикалык жак катары чарба жүргүзүүсүнүн укуктук –уюшумдук көйгөйлөрү аныкталып аны чечүү үчүн бир катар сунуштар иштелип чыкты.

Жогорку окуу жайларыны укуктук жөнгө салуудагы дагы бир маанилүү көйгөй катары жогорку окуу жайларынын ишмердүүлүгүнүн укуктук жөнгө салуу көйгөйлөрү саналат.

Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» [26] талдоо көрсөткөндөй бул мыйзам актысы жогорку кесиптик билим берүү мекемелерин укуктук жөнгө салуунун толук кандуу мамилелерин жөнгө салбайт. Башкача айтканда бул мыйзам жалпы куроочу мамилелерди, негизи түшүнүктөрдү, билим берүүнүн жалпы тутумун, билим берүүнүн уюмдаштыруучуларды, билим берүү программаларын, жалпы билим берүү тутумундагы окуп жаткандардын, педагогдордун, ата-энелердин укук милдеттерин, окуп жактан жактарды социалдык жактан коргоону, билим берүү тутумун башкарууну, эл аралык кызматташтык мамилелерин камтыган.

Жогорку окуу жайларын укуктук жөнгө салган Кыргыз Республикасынын «Кесиптик жогорку билим берүүнүн билим берүү уюмдары жөнүндө»

жобосу аракеттенет. Бирок юридикалык күчү төмөн болгондуктан ага көп учурларда көңүл кош каралат.

Учурдагы Кыргызстандагы билим берүүнүн мыйзам актылары жогорку кесиптик билим берүү чөйрөсүндөгү укуктук мамилелердин мазмундук жактарын толук кандуу түрдө камтыбайт аларга;

-жогорку окуу жайларынын түрүн жана тибин аныктоо критерийлери (институт, университет, академия);

- билим берүү чөйрөсүндөгү укук бузуулардын түшүнүк аппараттары, жоопкерчилик негиздери, жөнгө салынган эмес;
- билим сапатын аныктоо, контролдоо мехнаизмдерин укуктук жактан толук кандуу жөнгө салынган эмес.

Маанилүү маселе катары жогорку кесиптик билим берүү программаларынын ишке ашыруудагы лицензиялык нормативдерди дагы киргизүү зарыл.

Жогорку окуу жайларындагы мамилелеринин укуктук жактан айрыкча жоопкерчилик мамилелеринин толук кандуу жөнгө салынбашы бул чөйрөдөгү укук бузуулардын массалык көбөйүшүнө, кайталанышына алып келүүдө.

Эксперттердин көз карашы боюнча жогорку окуу жайларындагы коррупциялык укук бузуулар Кыргызстандагы алдыңкы орунда келе жаткандыгы талашсыз.

Жалпылап алганда Кыргызстандагы жогорку кесиптик билим берүү чөйрөсүнүн укуктук жөнгө салуу тутумдуу эместигин чар жайыт жайланышкандыгын юридикалык күчү боюнча бир канча айрымачылыктарга ээ болгон ченемдердин орун алып алардын өз ара тутумдашпагандыгы жана боштуктар бар. Бул өз кезегинде жогорку окуу жайларынын кызматкерлеринин, студенттердин укук жана эркиндиктерин камсыз кылууга бөгөт болуу менен укук бузуулардын өсүшүнө алып келүүдө.

Юрист окумуштуулар алдында жогорудагы көйгөйлөрдү чечүү үчүн бир катар милдеттер турат. Биздин оюбузча жогорку кесиптик билим берүү

мамилелерин жалпы билим берүү мамилелери менен кошо кодификациялоо керек. Бул сунушту бир катар окумуштуулар колдошот.

Аларга Н.А. Бажановду [141, 2-3-б.], Е.А. Сухановду [142, 2-4-б.], В.М. Сырыхты [143, 210-б.] жана башкаларды кошууга болот.

Ата мекендик изилдөөчү Д.П. Шоокумова : «Кыргыз Республикасында билим берүү чөйрөсүндөгү мыйзам актыларын кодификациялык жол менен калыптандыруу бир канча артыкчылыктуу. Алар билим берүү чөйрөсүн жөнгө салууда;

- бул чөйрөнү бир тектүү жөнгө салууга мүмкүнчүлүк берет;

- билим берүү чөйрөсүндөгү мамилелерди толук кандуу жыйымдуу жөнгө салууга шарт түзөт;

- билим берүү чөйрөсүндөгү мамилелерди кодификациялоо башка ченемдерге карата аны колдонууда артыкчылык берип туруктуу жөнгө салууну камсыз кылат;

- билим берүү чөйрөсүндөгү мамилелерди жөнгө салуучу ченемдик актыларды кодификацияоо бул чөйрөнүн өз алдынча укуктун тармагы катары таанууга, башка укуктук тармактар менен байланышын, катышын бир кырдуу аныктап берет;

- кодификацияланган актылардын ченемдери башка тектеш тармактардын ченемдерине караганда юридикалык күчү жогору;

- кодификацияланган актылардын ченемдери түздөн түз колдонулат.

Мына ошондуктан билим берүү чөйрөсүндөгү мамилелерди кодификациялоо бир канча артыкчылыктарды берет» [96, 152-160-б.] деген ойду билдирген.

Демек, биринчи жол билим берүү мыйзамын кодификациялоо аркылуу бир канча толук кандуу түрдө жогорку кесиптик билим берүү мамилелерин жөнгө салууга болот.

Белгилей кетүү керек бул жол бир канча татаал. Анткени кодификацияланган мыйзамдын жалпы концепциясын түзүү бир канча түйшүктүү. Россия Федерациясында дагы бул багытта бир канча жылдардан

бери кодификацияланган мыйзамдын долбоору иштелип чыгууда. Талаш тартыштуу ойлор көп.

Экинчи жол бир канча оңтойлуу жана тез жетишүүгө мүмкүн болот. Жогорку кесиптик билим берүү жөнүндө өз алдынча мыйзам кабыл алуу зарыл.

Жогорку окуу жайларынын укуктук статусунун көйгөйлүү суроолорунун дагы бири катары алардын түрүн аныктоо саналат.

Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» мыйзамы негизги түшүнүктөрдө жана ченемдерде жогорку окуу жайларынын түрлөрүн аныктоо критерийлерин аныктаган эмес. Аталган мыйзамдын 12-беренеси билим берүү уюмдарынын аталыштары гана берилген.

Жогорку окуу жайларынын аталыштарын бир канча толугураак Кыргыз Республикасынын «Кесиптик жогорку билим берүүнүн билим берүү уюмдары жөнүндө» жобосу [67] жөнгө салат.

Даярдоо адистиктеринин багыттарынын «кеңири спектри» деген университетке, аныктама бир канча жалпы түшүнүктү берип калат. Мына ошондуктан жогорку кесиптик адистиктердин багыты боюнча 10 кем эмес багыттар боюнча адистерди даярдоону ишке ашырууну карoo, бул жобо адистешилген университеттер үчүн 5 кем эмес болуусу зарыл.

Экинчиси жогорку окуу жайдан кийинки аспирантуранын жана докторантуранын болушу зарыл деп эсептейбиз.

Үчүнчү критерий окутуучу-профессордук курамдын 60% кем эмес көлөмдө аныктоо зарыл. Анын ичинде доктордук илимий наамы жана даражасы барлардын санын 10% кем эмес көлөмдө аныктоо зарыл.

Мындан тышкары университет өзүнүн түзүмдүк бөлүктөрүндө институттарды (адистиктерди даярдоо багытын кайталабаган) филиалдарды камтышы мүмкүн деп белгилөө керек.

Университетке коюлган мындай талаптарды мамлекеттер аралык жана Өкмөттөр аралык, чет элдик уюмдар тарабынан уюмдаштырылгандарга

карата колдонбоо оңтойлуу. Ошондой эле, чет өлкөлүк жогорку окуу жайларынын Кыргызстандагы филиалдарына дагы таркатпоо оңтойлуу.

Жогорудагы критерийлер билим сапатынын жогорку деңгээлин гана камсыз кылбастан, фундаменталдуу илимий изилдөөлөрдү жүргүзүүгө, илимий даражалуу адистиктерди даярдоого сапаттык жактан шарт түзөт.

Ал эми окутуучулук профессордук курамды талабын бир канча жогорку пайызга коюу артыкчылыктуу мисалы юридикалык багыттагы академиянын окутуучу-профессордук курамын 70% өлчөмүндө кароо сунушталат. Ал эми профессор окумуштуулук даражасы жана илимий наамы бар адистер 20%тен кем эмес өлчөмдө аныктоо сунушталат.

Академия адистиктеринин багыттары боюнча аспирантура жана докторантура бөлүмдөрүн камтышы милдеттүү болуусу керек.

Институт бир тармак боюнча же бир канча тармак боюнча адистиктерди даярдоо багытын ишке ашырат. Ошондой эле фундаменталдуу илимий изилдөөлөрдү ишке ашырат.

Биздин оюбузча жогоруда коюлган талаптар институтка дагы коюлуусу зарыл. Институт 3 адистиктен кем эмес багыттагы адистерди даярдоо талабы сунушталат. Адистештирилген окуу жайлары үчүн ал 1ден кем эмес болуусу зарыл.

Окутуучу профессордук курамынын сапаттык көрсөткүчү 40%тен кем болбоосу сунушталат. Анын ичинде 5%тен кем эмес илимдин докторлору болуусу шарт.

Институтта 3төн кем эмес кафедранын болуусу зарыл. Институтта аспирантура жана докторантура болуусу артыкчылыктуу.

Жогорку окуу жайларындагы факультеттердин санын туунду түрдө аныктоо зарыл. Анткени факультеттер негизинен административдик башкаруу функциясын аткарышат.

Демек, жогорку окуу жайларынын түрүн аныктоодо бир катар критерийлерди киргизүү зарыл, бул критерийлер өз учурунда төмөнкү артыкчылыктарга ээ;

- аккредитация талаптарынын сактоо менен жогорку окуу жайдын түрүн аныктоодо эталон катары кызмат кылат.

- жогорку окуу жайларынын каражаттарын үнөмдүү пайдаланууга жол берет;

- ашыкча түзүмдүк бөлүктөрдү түзүүнү ооздуктайт;

- кесиптик билим берүү анын сапатын жакшыртууну шарттайт;

- башкаруунун оптималдуу моделин түзүүнү шарттайт;

-билим берүү сапатын, окуу процессин контролдоонун натыйжалуулугун арттырат.

- бир жогорку окуу жайынын түрүнөн экинчи түрүнө өтүүдөгү, айрымалоодогу мерчем катары кызмат кылат.

- сандык жактан сапаттык жакка өтүүсүнө мүмкүнчүлүк берет.

Демек, учурдагы жогорку окуу жайларынын түрлөрүн аныктоо менен бирдикте ага коюлуучу талаптардын чөйрөсүн иреттештирүү зарыл. Муну менен жогорку окуу жайларынын аккредитациядан өтүүсү үчүн ар кандай бурмалоодон, коррупциялык элементтерге бөгөт коюу менен бир калыптуу ирээттештирүүгө алып келет.

Белгилей кетүү керек «Билим берүү жөнүндө» мыйзамды жаңы кабыл алынган Кыргыз Республикасынын 2021-жылдагы Конституциясынын нормаларына дал келтирүү зарыл. Жаңы Конституция билим берүү жаатында айрыкча жашы жетпеген балдардын, мүмкүнчүлүгү чектелген балдардын, ата-энесинин кароосунан ажыраган балдардын билим алуусу боюнча бир канча беренелерди караган. Анын ичинде жогорку кесиптик билим алуусун камсыз кылган беренелер дагы бар. Билим берүү мыйзамына тийиштүү өзгөртүүлөрдү киргизүү зарылчылыгы бар.

Тактап айтканда, Билим берүү жөнүндө мыйзамынын 4- беренесиндеги билим берүү жаатындагы мамлекеттик саясаттын принциптерине төмөнкүдөй толуктоо киризүү зарыл: «*калктын аярлуу катмарына жашы жетелек, жетим балдар, ата-энесинин багуусунан ажыраган балдарга билим берүүнүн жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу кепилдиги*» [26] деп толуктоо зарыл.

Мыйзамдын 30-беренесине: «*жетим балдарга жана ата-энесинин камкордугунан ажыраган балдарга башталгыч, орто жана жогорку кесиптик билимди акысыз алууга шарт түзөт*»[26] деп толуктоо зарыл.

Жогорку окуу жайларынын укуктук статусу алардын ишмердүүлүгүн жөнгө салуучу ченемдердин жыйындысынан турат. Жогорку окуу жайларынын укуктук статусу бир канча укуктун тармактары аркылуу жөнгө салынат.

Жогорку окуу жайларынын укуктук статусун калыптандыруучу укуктун тармак катары жарандык укукту айтууга болот. Анткени жогорку окуу жайларынын уюмдаштыруу, анын коммерциялык эмес юридикалык жак катары таануу менен байланышкан.

Жогорку окуу жайларынын жалпы ачык бийлик органдары менен өз ара мамилелери административдик укуктук статусуна мүнөздүү.

Илимий адабияттарда жогорку окуу жайларынын билим берүү укуктук статусу дагы орун алган. Жогорку окуу жайларынын ички локалдуу актыларында каралган укук жана милдеттер, ченем жаратуу ишмердүүлүгү билим берүү укуктук статусунун мазмунун түзөт.

Демек, жогорку окуу жайларынын укуктук статусунун маанилүү бөлүгүн жарандык, административдик, жана билим берүү укуктук статусу түзөт.

Жогорку окуу жайларынын укуктук статусунун көйгөйлөрүн аныктоодо усулдук жактан статусту мыйзам актылар тутумунда кароо артыкчылыктуу.

Анткени ар кандай укуктун тармактары Кыргызстандын укук тутумун түзүү менен бирдикте тутумдуу байланышы бар. Мына ошондуктан жогорку окуу жайларынын укуктук статусу жыйымдуу бир канча укуктун тармактары менен жөнгө салынгандыгын эске алганда бир канча укуктун тармактары аркылуу талдоо бир канча артыкчылыктуу.

Жогорку окуу жайларынын укуктук статусунун маани-маңызын, мазмундук жактарын жана жалпы мүнөздүү белгилерин толук кандуу ачып берүүгө шарт түзөт.

Жогорку окуу жайларынын укуктук статусундагы жарандык укуктук статустагы көйгөй катары коммерциялык эмес уюмдардын укуктук формасы саналат.

Көпчүлүк окумуштуулар учурдагы жогорку кесиптик билим берүү уюмдарын «мекеме» формасында калыптанышы жогорку окуу жайларынын кызыкчылыктарын башкача айтканда уставдык максатка жетүү үчүн ишкердүүлүк кылууга тоскоол жагдай деп таанышат.

Бул абалдан чыгуу үчүн автономдук коммерциялык эмес уюмдарды түзүү зарылчылыгы каралган. Бул айрыкча мамлекеттик эмес жогорку окуу жайлары үчүн мүнөздүү.

Жогорку окуу жайларынын ишкердүүлүк менен алектенүүсү окумуштуулар тарабынан бир канча кайчы пикирлерди жаратууда. Жогорку окуу жайы ишкердүүлүк менен алектенүү анын негизги уставдык максаттарына коркунуч келтирет дешет. Ошону менен бирдикте мамлекеттик эмес окуу жайларынын уставдык максаттарга жетүү үчүн ишкердүүлүк менен алектенүүсү бир канча маанилүү деген ойду да карманышат.

Жогорку окуу жайларынын жарандык жүгүртүүгө катышуу менен укук жана милдеттерди алышы алардын натыйжасында келип чыккан жоопкерчиликти да кароо зарыл. Тилекке каршы акы төлөп билим алуу шарттарында келишимдин талаптарын аткарбаган жогорку окуу жайынын жоокечилиги каралган эмес.

Граждандык кодекстин: «164-беренесине ылайык мекеме өзүнүн милдеттенмелери боюнча карамагындагы акча каражаттары менен жооп берет. Алар жетишсиз болсо, мекеменин милдеттенмелери боюнча субсидиардык жоопкерчиликти менчик ээси тартат» [68] деп бекилген.

Бирок «Билим берүү жөнүндө» мыйзамда жоопкерчиликтин конкреттүү түрүаныкталган эмес. Жоопкерчиликтин түрү так аныкталган эмес.

Биздин оюбузча бул беренени: *«Билим берүү жөнүндө мыйзамды бузгандык үчүн жеке жактар (окуучулар, студенттер, курсанттар), билим берүү мекемелери, билим берүү мекемелеринин жетекчилери мыйзамда*

*каралган тартипте дисциплинардык, эмгек укуктук, жарандык, укук бузуу, кылмыш жоопкерчилигине тартылат»* [26] деп толуктоо зарыл.

Билим берүү чөйрөсүндөгү мамилелер өзгөчө курамга ээ болгондугу андагы жоопкерчилик мамилелерине дагы таасирин тийгизет.

Учурда жоопкерчиликтин жаңы түрү болгон «кетералдык укуктук» жоопкерчиликти кароо деген сунуштар айтылып келүүдө. Бул жоопкерчиликти Кыргызстандагы жогорку окуу жайларынын ишмердүүлүгүнүн практикасынан көптөп келтирүүгө болот.

Адистиктер боюнча жетиштүү студенттердин саны кабыл албагандыгына байланыштуу, башка адистикке өтүүгө мажбурлоо, бир адистиктин жоюлушу менен башка адистикте окууну таңуулоо сыяктуу прецеденттер бар. Биз дагы жоопкерчиликтин бул түрүн колдойбуз. Анткени ал биринчи кезекте студенттердин укук жана кызыкчылыгын коргойт.

Жогорку окуу жайларынын жоопкерчилигин аныктоодо бир канча көйгөйлөр бар аларга;

